Теория социальной функции собственности изложена в статье 42 Конституции Италии: «Частная собственность признается и гарантируется законом, который определяет способы ее приобретения и пользования, а также пределы с целью обеспечения ее социальной функции и доступности для всех».

Конституция Испании 1978 г. указывает: «социальная функция права собственности ограничивает его содержание в соответствии с законом» (ч.2. ст.33). Конституция Японии также устанавливает, что содержание права собственности «определяется законом, с тем, чтобы оно не противоречило общественному благосостоянию» (п.2. ст. 29). Примерно такое же утверждение содержится и в Конституции Греции.

Испанский исследователь М.Винценте утверждает «Частная собственность в системе современного гражданского права», что в современном испанском гражданском праве сложились как бы две системы права собственности. Одна основана на нормах гражданского кодекса и предусматривает практически ничем не ограниченное право собственности имеющих следующие признаки: 1) единство; 2) замкнутый характер; 3) исключительность или абсолютный характер; 4) отсутствие ограничений в способах пользования и распоряжения вещью. Вторая система построена на более современном законодательстве и предполагает серьезные ограничения права собственности во исполнение «социальной функции» собственности. Исследователь приходит к выводу, что в современном испанском праве происходит процесс «социальной функционализации собственности» [5, с.17-27].

Период с начала XX в. до середины 1960-х гг., который можно обозначить как время социализации права собственности. В указанный период в качестве основного начала систем права Великобритании, Германии, Франции и США формируется принцип учета общественного интереса, действие которого на право собственности проявилось в сокращении сферы

экономического господства собственника земли и иных природных ресурсов, в подчинении использования вещи собственником многочисленным регламентам, ограничении собственника в распоряжении принадлежащим ему имуществом, сужении качественного и количественного состава объектов права частной собственности, утрате обеспеченности экономических интересов собственника при принудительном отчуждении имущества и, наконец, в наложении на собственников позитивных обязанностей, исполнение которых не предполагает выдачи собственнику какого-либо вознаграждения[6].

Современное право собственности, основанное на его социальной функции, стало близким к обязательственному праву, поскольку собственник имеет значительные обязанности перед обществом. Так, обременение частного собственника излишними обязанностями в итоге может привести к тому, что никакого смысла иметь частную собственность и эффективно развивать ее не будет. С другой стороны, отсутствие прав публичного собственника при наличии большого объема социальных обязанностей, в том числе и конституционных, также приведет к неэффективности публичной собственности [5, с.17-27].

В литературе идет дискуссия о содержании права собственности. К триаде: владение, пользование и распоряжение, как правило, добавляется правомочие управления. Владение, пользование и распоряжение признаются «лежащими», статическими структурными правомочиями, а управление отнесено к динамическому правомочию, призванному реализовать «лежачие» правомочия [8, с.35-39]. В.П. Камышанский считает, что «выделение правомочия управления может быть вполне раскрыта и реализована через правомочия пользования и распоряжения. К тому же управленческие отношения ближе к административному праву, чем к гражданскому» [9, с.41].

В современных государствах происходит отделение управленческих (предпринимательских) функций от имущественных прав собственности, поэтому, наверное, нельзя в одном ряду располагать правомочия владения, пользования, распоряжения и управления. С тем, что административное право постоянно вторгается в отношения собственности, это делается на конституционном основании [5, с.17-27].

Собственность как экономическая категория **отражает реальные социальные отношения**, которые существуют помимо воли и желания людей. Нельзя рассматривать институт права в отрыве от экономической сути категории собственности.

Новые институты, возникшие в результате «перестройки» и рыночных реформ, переживают период трудной адаптации к изменившейся социальной среде. Общество в целом и его политическая элита не могут однозначно оценивать происшедшие перемены [11, с.513]. Царикаева Ж.М. отмечает, что «социальная функция собственности сблизит законодательство с европейским и будет способствовать его дальнейшему прогрессивному развитию. В первую очередь это относится к частной собственности на землю, на природные ресурсы, т.к. в общественном сознании большинства населения страны выработалось убеждение, что природные богатства должны служить общественному благу [12, с.27-28].

Публичная собственность как правовое понятие в законодательстве не употребляется и как правовая категория не выделяется. Оно присутствует как объективное социальное явление экономического характера.

Публичная (общенародная) собственность имеет объективный характер и как таковая присутствует во все исторические времена [13, с.79-87]. Юридически она принимала различные формы от собственности римского народа до советского общенародного достояния. Именно публичная собственность наиболее последовательно и ярко выражает социальную функцию собственности.

Если подытожить все многообразие экономически и юридических подходов к пониманию собственности на современном этапе, то можно сказать следующее:

Проблема социальной функции собственности органически связана с институтом социального государства. Таким образом, развитая социальность современного общества довольно серьезно отразилась на праве собственности и привела к его видоизменению. Формирование социального правового государства усиливает «социальную функцию» собственности.

Конституционное понимание права собственности гораздо шире, чем гражданско-правовое, во-первых, с точки зрения конституционно-правовых гарантий собственности в отношениях между собственником и государством; во-вторых, с позиции характеристики права собственности

государства, регионов. Категория собственности самым тесным образом связана со свободой личности, социальными ценностями.

Список использованной литературы

1. Хавина С.А. Трансформация отношений собственности и социализация экономики в последней четверти XX в. // Собственность в XX столетии. С. 564.
2. Шкредов В.П. Метод исследования собственности в «Капитале» К. Маркса. М., 1973; Собственность в XX столетии. Каталог книжной выставки. М., 2000.
3. Никифоров Л..В. Отношения собственности на рубеже веков: направления трансформации // Собственность в XX столетии. С.401.
4. Цит. по: Лазар Я. Собственность в буржуазной правовой теории. М., 1985. С. 47.
5. Мазаев В. Развитие собственности в современном социальном государстве Научно-аналитический журнал ¨Новая правовая мысль¨. - 2003. - № 2 (3). – С. 17 - 27.
6. Омельченко, Антон Сергеевич автореф.на соиск.уч.ст. к.ю.н. Основные тенденции в эволюции права собственности в странах Западной Европы и США в конце XIX - XX в. Краснодар 2007
7. Мазаев В. Развитие собственности в современном социальном государстве, Научно-аналитический журнал ¨Новая правовая мысль¨. - 2003. - № 2 (3). - С. 17 - 27.
8. Мозолин В.П. Право собственности в Российской Федерации в период перехода к рыночной экономике. М., 1992. С. 35 - 39.
9. Камышанский В.П. Право собственности: пределы и ограничения. М., 2000. С. 41.
10. Мазаев В. Развитие собственности в современном социальном государстве научно-аналитический журнал ¨Новая правовая мысль¨. - 2003. - № 2 (3). - С. 17 - 27.
11. Кочеврин Ю.Б. Собственность в переходной экономике // Собственность в XX столетии. С. 513.
12. Царикаева, Ж. М. Конституционно-правовой режим права собственности в Российской Федерации: Автореферат диссертации на соискание ученой степени кандидата юридических наук. -М.,2007. -28 с.- Библиогр. : с. 27 - 28.8.
13. Черкасов Г.И. Общая теория собственности. М. 2003. С.79 - 87.

УДК:371.3:42-49

Б. Байтикова (ОшМУ)

Өзбек мектептеринде кыргыз адабиятын окутууда интерактивдүү усулдарды пайдалануу

Илимий баяндамада өзбек мектептердин 9-классынын кыргыз адабияты сабагында жазуучу А. Саспаевдин «Татым туз» чыгармасын интерактивдүү ыкманын башкарып окутуу стратегиясы менен окутуу жагы каралды.

В научной статье рассмотрены вопросы обучения интерактивным методом «обучения стратегией управления» изучения на уроках кыргызской литературы произведения «Татым туз» (“Щепотка соли”) писателя А. Саспаева.

In the scientific article considered questions by an interactive method of “training by management strategy” studying at lessons of the Kyrgyz literature of product of writer A. Saspaev “Tatym tuz”.

Улуттук мектептерде кыргыз адабияты сабагын окутуу жагы эми гана жаңы изилденип жаткан илимий тармактардан. Анткени мамлекеттик тилибизге статус берилген соң, тилди үйрөтүү маселелерине окумуштуулар, мугалимдер тарабынан көбүрөөк көңүл бөлүнүп, адабият жаатына анча көңүл бөлүнбөй келди. Ошентсе да, чыгармачыл мугалимдер адабиятты окуучуларга окутууну ар жактама карай башташты.

Өзбек мектептерде кыргыз адабиятын окутууда окуу китептеринин жоктугу чоң көйгөйлөрдүн бири, ошентсе да чыгармачыл мугалимдер окулуучу адабий чыгармаларды ар кандай формада окутуп келишет. Биз да өзбек мектептеринде чыгарманы интерактивдүү жол

менен окутуу жолун сунуш кылабыз.

«Интерактивдүү» - англис тилинен которгондо «Өз ара аракетте болуу» дегенди билдирет. Интерактивдүү ыкма менен окутуу окуу процессинде өз ара байланышта болуу жана түгөйлөрдүн же группалардын өз ара аракеттениши жана кызматташтыгы.

«Окутуунун интерактивдүү методу» деген терминдин өзү педагогикада 20 – кылымдын 80 – жылдары пайда болгон. Советтик педагогикада ал **«кызматташтык педагогикасы»** деген наам алган. Бул аталыш советтик мектептин эң жакшы сапаттарын, орус жана чет элдик психология – педагогикалык илимдин жана практиканын жетишкендиктерин бириктирип 80 – жылдардагы мугалимдер тарабынан берилген. [4.4]

Интерактивдүү ыкманын бири – бул окуучулардын текст менен иштөөсү болуп саналат. Мугалим биринчи кезекте акын-жазуучулардын чыгармаларынын көркөм тексттеринде камтылган идеяларды сууруп чыгып, аларды азыркы замандын кырдаал-шартына ылайык, баланын аң-сезимине таасир бере турган денгээлге жеткирип көтөрүп чыгуу, тексттеги жана подтексттеги баалуулуктарды бала жүрөгүнө жеткирүү, көркөм сөздүн күчү менен бала дилин жараксыз жүрүм-турумдарга жеткирүүчү жолдордон бошотуу, баланын өзү менен өзүнүн, өзү менен сүрөткердин ортоундагы диалогун уюштуруу. Дал ушул диалогду уюштурууда адабият сабагы, адабият мугалими чечүүчү фигура болсо, адабий текст ошол сабак менен мугалимге жол көрсөтүүчү багыт, алардын ишин майнаптуу уюштуруунун куралы. [3.166]

Окуучуларга тексттер таркатылып, окуп чыккан соң, алар түгөйлөр, топтор же жалпы класс менен талкуу жүргүзүшөт. Окуучулар тапшырманы аткаруудан мурун текстти эч болбосо эки ирет окуп чыгышат. Биринчисинде, алар тексттеги өзөктүү идеяларды же башка маселелерди аныктап алуулары керек. Экинчи жолу кунт коюп жалпы текст окулат. Бул талкуулана турган текстти жакшы түшүнүүгө жардам берет.

Окуучулардын сабакка даярдануусунда же тапшырманы аткаруусунда, окуу китебиндеги текст менен иштөөдө, академик Ю. К. Бабанский мугалимге төмөнкүлөрдү сунуш кылган:

а) Тексттеги мыйзамдарды, түшүнүктөрдү, алардын мүнөздөмөлөрүн, идеяларды жана башка аныктамаларды бөлүп ажыраткыла.

б) Жаңы теманын текстин логикалык жактан аякталган бир нече бөлүктөргө бөлгүлө.

в) Жаңы окуу материалынын ар бир бөлүгүндөгү негизги ойду, сабактын жалпы жыйынтыгын жана анын башкы маанисин ойлонуп көргүлө.

г) Сабактын мазмунунун негизги суроолорун түшүнүп, окуп - үйрөнүүнүн планын белгилегиле. Мугалим талкуу учурунда же талкуудан кийин окуучуларга төмөндөгүдөй суроолорду берсе болот.

Башталгыч класстын окуучуларына:

- Ким жөнүндө сөз болуп жатат?
- Ким эмне кылды?
- Каармандар жөнүндө силердин оюңар кандай?
- Алардын ордунда болсоңор эмне кылат элеңер?
- Текст боюнча бири- бириңерге суроо даярдагыла ж. у. с.

Жогорку класстардын окуучуларына:

- Тексттин негизги идеялары эмне деп ойлойсуңар?
- Силер үчүн кайсы учурлар жаңы жана таң калыштуу болду?
- Силер эмнеге макул эмессиңер?
- Мен берген суроолого жооп тапкыла
- Бири- бириңерге суроо даярдагыла
- Бири – бириңердин суроолоруңардан жооп издегиле ж.б.у.с. [4.42.]

Өзбек мектептердин кыргыз адабияты боюнча окуу программасында [2] 9 – класстарга А. Саспаевдин «Татым туз» чыгармасы 2 саатка пландаштырылат. Мында негизги максат жазуучунун өмүрү - чыгармачылыгы, аңгемедеги башкы проблема – адам менен тууган жердин өзгөчө карым – катышы экендиги жөнүндө окуучуларга кабар берүү. Тууган жердин кадырын, татым туздун баркын чыгармада чагылдырылышын окуучуларга **башкарып окуу стратегиясы менен өтүү** ыкмаларын сунуш кылып көрөлү.

Мугалим кириш сөзүндө Аман Саспаевдин өмүрү, чыгармачылыгы менен окуучуларды

тааныштырат. Анын кыйынчылык менен окугандыгы, чыгармачылык менен алектенгендиги жана өмүрүнүн кыйын мезгилдеринин сүрөттөлүшүн өзүнүн чыгармаларында берилишин баяндап берет.

Окуучуларга **«Татым туз»** чыгармасын өтөөрдөн мурда «туз» деген түшүнүктү чечмелөө максатында «Туз дегенди кандай түшүнөм?», «Туз эмне үчүн керек?» деген сыяктуу суроолорго жооп берүү үчүн 5 мүнөттүк эссе жаздырып, ар бир окуучунун оюн угуп, мугалим алардын түшүнүктөрүн бекемдейт жана «Бул чыгарма эмне жөнүндө болушу мүмкүн?» деп суроо коюу менен окуучуларды активдештирет.

Түшүнүү этабында башкарып окутуу стратегиясы менен окулса, окуучуларды өз алдынча ойлонууга, көз карашын тартынбай билдирип, чыгарманы кеңири талдоого мүмкүнчүлүк түзүлөт. **Чыгарманы тааныштыруу көркөм окуу, тыным, проблемалуу суроолордун коюлушу менен коштолот.**

Көркөм окуу – чыгарма менен эмоционалдык – эстетикалык жактан алгач таанышуунун эң сонун жолу. Ал чыгармадагы сөзгө жандуу үн, ар кыл түс берет, балдардын элестөөсүн активдештирет, сөз искусствосунун идеялык таасирин жогорулатат, ал эми проблемалуу суроолорду коюп окуу ой жүгүртүүнү өстүрөт, көз карашты калыптандырууда ролу зор. Мугалимдин көркөм окуусу өз алдынча окуганда көз жаздымында калган окуяларды, майда көрүнүштөрдү, кыймыл – аракеттерди дааналап, тактап элестөөнү байытат.

Мугалим окулуучу текстти бөлүктөргө бөлүп алып, **тыным** жасайт. Тынымда окулган текстти талкуулап, окуучуларга суроо узатат. Ошондой эле алардын ойлорун топтоп, окулган тексттин бөлүгүн жыйынтыктайт.

Суу айрыгына жакын, саздакка чыккан кыяк чөптү ыктап жалгыз түтүн кыргыз жашады… Ал жерде ушул күнгө чейин төрт түтүн үйгурдун эски тамы сакталып турат. Элдин айтымына караганда көп кыргыздар ушул жакка оор келип, кайткан имиш. Ошолордон Келгинбай аттуу бир түтүн кыргыз ушул жерди мекендеп калыптыр. Ал кезде Келгинбай отуздун орто белине келип калган жигит экен да, оор келте оорусуна кириптер болуптур. Сапарга шайы келбегендиктен, анын зайыбы Оймокчон элден бөлүнүп, күйөөсүн айыктырып алууга бел байлайт. Ошентип алар чет жерди мекендөөгө аргасыз болушат. [1. 312-321]

1 – тыным. Балдар, **«жалгыз түтүн», «төрт түтүн»** дегенди кандай түшүнөсүңөр? Элдин айтымына караганда кыргыздар кайда жашаган экен? Ал жерде ким жашаптыр жана кандай абалда экен? Ал эмне үчүн башкалар сыяктуу өз мекенине кете алган жок? Анын аялы ким? Окулган абзацта эмне жөнүндө сөз болот?

Келгинбайдын туугандары ыгым – чыгым, кепин – акыретин даярдап берип:

- Оо, Оймокчон! Эр деп этегинен кармап калдың. Кор болбоссуң. Ата- бабалардын арбагы колдоп, эрди элиңе кош! – деп чуркурап бата беришет. Келгинбайдын тагдыры Оймокчонго тапшырылгандан кийин кайнатасы сакалынан жашын куюлтуп туруп, көптүн алдында мындай деди:

- Жарык дүйнөдө жалгыз балам эле, ал сага аманат! Маа топурак өз эл, өз жерден буюрсун. Карып калган кезимде кудай элден ажыратпасын. Неберемди энеңдин этегине салып бер, балам, жыттап жүрөйүн…- Оймокчон эмчектеги баласын кайненесине карматып, көз жашын элден жашырып сыкты.

- Мобу түйүнчөктү катып кой, - деп тапшырды кайнатасы акыркы жолу, - кокус ары бурулуп кетсе, сууга эзип, оозуна тамыз. Айыгып мал болсо, колуна бер.

2 – тыным. Келгинбайдын туугандары кайда кетишти жана Оймокчонго эмне деп бата беришти? Кайнатасы келинине эмне деди? Оймокчонго кайнатасы эмне карматты, ал нерсе эмне болушу мүмкүн, силердин оюңар кандай?

Ошондой эле мугалим чыгарманын тилдик каражаттарына да көңүл бөлө кетиши зарыл. Себеби, өзбек класстын окуучулары айрым сөздөрдү түшүнбөйт, ошондой эле жазуучунун тилинин чеберчилигин да баалоо максаты турат. Мисалы, ***ыгым – чыгым, кепин – акыретин, эр деп этегинен кармап калдың, арбагы колдоп, жарык дүйнөдө жалгыз балам эле, ал сага аманат энеңдин этегине салып бер, жыттап жүрөйүн, ары бурулуп кетсе, айыгып мал болсо*** деген сыяктуу сөздөрдүн маанилерин түшүндүрүп, убакытты туура пайдалануу менен, айрым окуучуларга сүйлөмдөрдү түздүрсө болот.

Сүрдүккөн кыргыздар жөө - жалаң мекенине сапар чегишти. Өңү көгүлтүр тартып, эрди кеберсип, онтогон Келгинбай жан күйөөрү жалгыз Оймокчондун колунда калды. Оймокчон жанын сабап, күйөөсүн тегеренди… Койгулт көзүнөн жашы мөлтүрөп, күйөөсүнүн башын кучактап, далай түндөр уктабады. Алектүү күндөр өтө берди… Чачы жылма түшүп, жаак эти шылына баштаганда Келгинбай эсин жыйды. Күнүнө бир чайдоос кайнаган суу ичип, тамыры ташына тепкен ичке манжаларын кармап коюп төшөктө узак жатты. Оорудан айыкканда, элине кетүүгө кеч болуп калган эле. Келгинбай мыйзамга баш ийди да, ошол жерде узак жылдар жашап калды. Ортодо отуз жыл убакыт өтүп, Келгинбай абышка атанган кезде кайрадан башына арылгыс кайгы түштү.

3 – тыным. Кыргыздар кайда кетишти? Бул абзацта жазуучу Келгинбайды жана анын аялы Оймокчонду кандай сүрөттөдү? Күйөөсүн аялы кандай карады? Силер Оймокчондун же Келгинбайдын абалында кандай болот элеңер? Келгинбай айыкты, анын башына дага кандай кырсык түшүшү мүмкүн, кандай ойлойсуңар?

Гоминьдандык желдеттер бийлеп турган оор жылдары калың журтка келте оорусу тарады. Өлүм – житим көп болду. Далай үйдөн түбөлүккө түтүн чыкпай калды. Уезддик шаардын тегерегиндеги дөбөлөр калың мүрзөгө айланды. Өлүм күчөгөн сайын, замбилге салган өлүктү эки киши көтөрүп чыгып, туш келди жер казып, көмө башташты. Кепиндик ак табылбай, жууркандын шейшебин пайдаланышты, элде шейшеп аттуу жоголгон соң, кээ бирөөлөр өлүктү токулган бойрого же жаш бедеге ороп көмө турган болушту…

Дал ошол оор ааламат Келгинбай чалдын кеипири Оймокчонду жалмап жолго түштү. Шордуу чал кемпирин шейшебине ороп көмдү. Көр казып, жан баккан киши менен чалдын кошунасы жана өзү болуп, Оймокчондун сөөгүн үч эле киши жерледи. Кемпирин көөмп, топурагын чочойтушуп болгондон кийин, чал мүрзө башында күңгүрөнүп узакка олтурду.

4 – тыным. Элге дагы кандай ааламат түштү? Далай үйдөн эмнеге түбөлүккө түтүн чыкпай калды? Оймокчонго эмне болду? Келгинбай кемпирин кантип, кимдер менен көмүп келди? Эмне үчүн мүрзө башында көпкө олтурду?

Аздан бою сергип, эс токтотуп, өзүн – өзү жубатты. Өзүнө - өзү көңүл айтып, кайрат берди. Ар кандай бактысыз кишилер да өз тагдыры тууралуу ойлонбой койбойт эмеспи. Келгинбай чал да болумсуз оокатына көз кырын салды. Үй ичин жыйнаган соң, жаман талпагына жайланып олтурду да, чөнтөгүнөн кичинекей түйүнчөк алып чыгып, чеберден чече баштады. Анда бармактай туз бар эле. Келгинбай тузду алаканына салып, бир нече ирет тилин тийгизип, өтө бир шербеттүү даам таткандай туздуу шилекейин кумарлана жутту. Эчен кыйын – кыстоо көргөн учурларда ушул тузду жалап, медер таап, кам көңүлүн жооткото алган эле. Өз жеринин татым тузу Келгинбай чалдын өмүрүнүн колдоочусу, үмүт менен ишеним берүүчүсү, сагынуу менен кусалыгын таркатуучусу болуп калды.

5 – тыным. Бул тынымда өзөктүү окуянын негизги берейин деген ою ачылган. Ошондуктан, окуучуларды тарбиялоо менен катар окуядагы баяндалган тынымдарды байлышта карап, Келгинбайдын тагдыры өз элине, жерине байланып, татым туздан кубат алгандыгын жакшы түшүндүрүү зарыл. Окуучуларга төмөндөгүдөй суроолор менен кайрылабыз:

- Келгинбай өзүнө кантип кайрат берди?
- Эмне үчүн ал өзүнө - өзү көңүл айтты?
- Келгинбай түйүнчөктү кайдан алган эле?
- Келгинбайдын аялы Оймокчон кайнатасынын аманатын аткардыбы?
- Окуянын башында түйүнчөктө эмне болушу мүмкүн деген суроого жооп бергендердин ою дал келдиби?
- Татым туз Келгинбай үчүн эмнеге баалуу?
- Эмне үчүн Келгинбайга татым туз өмүрлүк колдоочусу, үмүт менен ишеним берүүчүсү, сагынуу менен кусалыгын таркатуучусу болуп калды?

А. Саспаевдин бул чыгармасын өтүүдө мекенчил болууга тарбиялоо – башкы максат болуп эсептелет. Андыктан, мекенди сүйүүгө арналган дидактикалык чыгармаларды, лирикалык

ырларды, турмуштук окуяларды байланышта караса болот.

Бул теманы өтүүдө пайдаланылган эссе, башкарып окутуу стратегиялары класс чөйрөсүндө сабакка жандуу катышууга, өз пикирин туюнтууга, кеңири ой жүгүртүүгө, эркин көз караштын калыптанышына, дискуссия аркылуу маселени чогуу – чаран чындыкты издөөгө, сабактын кызыктуу өтүлүшүнө өбөлгө түзөт.

Пайдаланылган адабияттар:

1. Алымов Б. Кыргыз адабияты: Кыргыз орто мектептеринин 9 – класстары үчүн окуу китеби. – Б.: Педагогика, 2002.
2. Кыргыз адабиятынын программасы. Өзбек мектептеринин 5 – 9 – класстары үчүн. Түзүүчүлөр: Шериев Ж., Момуналиев С. Ош: ОшКӨУ, 1999.
3. Кыргызстандагы билим берүү мекемелеринин стратегиялык мааниси жана окуу куралдарынын сапаты: Симпозиумдун материалдары.- Б.: 2009.
4. Саалаев Ө. Окутуунун интерактивдүү усулдары. Б.: 2009.

УДК:371.3:42-49

Байтикова Б. (Ош МУ)
Байтиков Б. (ОшМСУ)

Өзбек мектептеринде кыргыз элинин салт ырларын окутуу

Макалада өзбек мектептердин кыргыз адабияты сабагында салт ырларын жаңыча окутуу, эки элдин салт-санаасын салыштырып, тилдик өзгөчөлүктөрүн талдоо маселелери каралды.

В статье рассмотрены новые методы обучения на уроках кыргызской литературы в узбекской школе обрядных песен двух народов, народных обычаев в сравнении и вопросы анализа особенностей языка.

In the article considered new methods of training at lessons of the Kyrgyz literature at the Uzbek school of ritual songs of two people, folk customs in comparison and questions of the analysis of features of language.

Өзбек мектептеринин кыргыз адабияты боюнча түзүлгөн окуу программаларында (Кыргыз адабиятынын программасы. Өзбек мектептеринин 5 – 9 – класстары үчүн. Түзүүчүлөр: Ж. Шериев, С. Момуналиев., Кыргыз адабиятынын программасы: окутуу өзбек, тажик тилинде жүргүзүлгөн мектептердин V- XI класстары үчүн / Түз: Муратов А., Акматов К.) 6 – класска салт ырларынан «Бешик ыры», «Акыйнек», «Жарамазан», «Кошоктор» берилет. Жалпы жонунан бул ырлардын идеялык – тематикалык мазмунун үйрөнүү үчүн 2 саат пландалган. Белгиленген 2 саат ичинде мугалимден салт ырларынын мазмунун, ыр түзүлүшүн, өзбек элинин ырлары менен салыштыруу сыяктуу маселелерди окуучуларга жеткирүү талап кылынат. Окумуштуу С. Момуналиев тарабынан түзүлгөн 6 – класстын окуу китебинде [3. 11-15.] «Каада – салт ырлары» деген чоң тема берилет. Китепке, негизинен, «Бешик ыры», «Устанын аялынын кошогу» жана «Калмергендин аялынын кошогу» киргизилген.

Салт ырларын окутууда балдардан салт ырларынын баары эле башка элдерде да барбы, анын ичинде өзбек элинде кандай сыяктуу суроолор менен баштоо керек. Анткени айрым бир салт ырлары, мисалы, кошоктор, акыйнектер өзбек элинде дээрлик айтылбайт.

«Бешик ырын» өтүүдө балага карата эки элде окшош кандай салттар, ырым- жырымдар бар экенин окуучулардан сурамжылап, алардын билгендерин доскага жазуу керек, анткени окуучудан алынган маалыматты кайрадан толуктап, алар чындыгында эле маалыматты туура айтыштыбы же жокбу, мугалим тарабынан да, окуучулар тарабынан тактоого (анализдөөгө) шарт түзүлөт. Албетте, окуучулар балага тиешелүү ырым – жырымдарды четтен санап берүүсү мүмкүн. Мисалы, сүйүнчү айтуу, балага ат коюуу – азан айтуу, бешикке салуу, тушоо кесүү жана башка. Себеби, бул ырым- жырымдардын эки элде тең окшош экендигин билебиз. Окуучулардан маалыматты алгандан кийин мугалимдин баланын төрөлүшүнө байланышкан ырым - жырымдарды толуктоосуна ыңгайлуу болот. Баланын элестөөсү жакшы болуу үчүн салтка байланыштуу ар кандай иллюстрацияларды доскага илип койсо болот.

Жогорудагы маалыматтар толукталгандан кийин гана бешик тууралуу, бешиктин касиети, бешикте жаткан балага кандай «алдей» ырлары бар экендиги жана эки элде тең ырлардын негизги мазмуну эмнеге багытталгандыгын окуучулардан сурайбыз. Окуучулардан алынган жооптор доскада белгилениши абзел.

Ал эми түшүндүрүү ишинде окуучуларды 3 топко бөлүп, бешикке байланышкан маалыматтарды беребиз. Мисалы:

1-топко берилүүчү текст:

Бала төрөлгөн соң жети күндөн ашырбай, аны бешикке салышкан. Бул күнү нан бышырылып, сары май салынып, мал союлуп, айыл- апага тамак берилген. Келгендер белек - бечкегин ала келишип, баланы алкашып, анын бешигине боорсок, таттуу, мөмө – чөмө чачышкан.

Бешик - ыйык буюм. Себеби, анда жарык дүйнөгө келген наристе жатат. Бул – баланын тазалыгы, организминин ойдогудай өсүшү үчүн тээ ата- бабалардан, касиеттүү Умай энеден калган таберик. Көчүп - конууга да ойдогудай шартташкан. Көчкөндө өз энеси өңөрөт. Жыгылып кетсе да баланын эти оорубайт. Анткени, аны бешик сактайт. Ал ошондой оңтойлуу жасалган.

2-топко берилүүчү текст:

Кыргыздарда бешиктин эки түрү колдонулган, баланын бөлөнүшү экөөндө тең бирдей. Баланы бешикке салаарда бир топ ырым – жырымдар жасалат. Адегенде жин-илдеттер жашынып калбасын дешип, бешиктин ичин - сыртын аласташкан. Жакшы тилектерин айтып, бешикти, шимекти майлашат. Оң - сол чүкөлөрдү бешикке салып, аны баш жагынан көтөрүп «бар бол», «оң бол» деп эңкейткенде чүкөлөр күлтүккө түшүп кетет. Баланы узак жашаган, көп балдарды төрөп, өстүргөн нарктуу байбичелерге бөлөтөт. Бешикке салаарда бөлөгөн байбиче: «Шайтандар кач, кач, кач, ээси келди!» деп, алып барып жаткырып, «Бешик апа, бек карма, Умай эне, уйку бер», деп таңат. Бөлөп жаткан убакта ыйлаак болбосун деп, оозуна боорсок тиштеп алышкан. Жуурканы, куржуну, кабы, баштыгы болуп жети нерсени бешикке жаап, төрөгөн энесине карматат. Ал көтөрүп алып төрдөн эшикке, эшиктен төрдү көздөй жүгүнөт. Байбичелер алкап, баталарын беришет. Ошондой эле наристе чоңойгондо эмгекти сүйсүн деген тилек менен кетмен, балта, чот баштаган жети эмгек куралын бешикке койгондугу да белгилүү. Мындан башка бөлөгөндөн кийин жакшы, тынч уктасын деп, бешиктин үстүнө тогуз уйкучу адамдын кийимин жаап койгон.

3-топко берилүүчү текст:

Бешик ырлары дүйнө элдеринин поэзиясында кездешет. Ырас, кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгында кең – кесири тараган лирикалардын бири – бешик ырлары. Ал лирикалык чыгармалардын тутумундагы каада – салт ырларына кирет.

Бешик ырлары бала ыйласа - сооротуу, ойгонсо уктатуу максатын көздөйт. Ырдын мазмунунда эненин балага карата аруу сезимдери, жакшы ниеттери камтылат. Башкача айтканда, наристенин акыл – эстүү, өнөрлүү, баатыр, таланттуу болуп чоңоюшун, элдин керегине жараган азаматтардын катарына кошулушун каалаган улуу үмүт – тилектер образдуу чагылдырылат. [5.49.]

Тексттер окуучулардын жашына ылайык, жатык тилде болуусу кажет. Анткени окуучулар бардык эле сөздөрдү түшүнбөшү мүмкүн. Топтордо тексттер окулуп бүткөн соң, окуучулар алган билимин презентациялашат. Презентациялоодо топтор оозеки айтып берүү менен презентациялашса, жакшы натыйжа берет, анткени биздин максатыбыз таанытып-билдирүү менен катар окуучулардын тилин жатыктыруу болуп саналат. Эгерде биз, СОнун кайсы бир ыкмасында презентациялоону сунуш кылсак, (мисалы, кластер, ББББК, Венндин диаграммасы ж.б.у.с.) анда 6-класстын окуучулары убакытты туура пайдалана албай калышы мүмкүн. Ошондуктан, жогоруда белгилегендей бешикке байланышкан иллюстрациялар көбүрөөк болсо, текстти тереңирээк түшүнүүгө шарт түзүлөт.

Мугалим текстте кездешкен айрым сөздөргө басым жасап, ал сөздөрдүн маанилерин окуучуларга түшүндүрөт, мисалга, **айыл- апа, касиеттүү Умай энеден калган таберик, көчүп – конуу, күлтүк, аруу сезим, нарктуу байбичелер ж.б.у.с.**

Жогорудагы бешикке байланышкан ырым – жырымдар жана бешиктин мааниси жөнүндө

топтордо талкууланып, окуучулар бири-бирине маалымат берген соң, мугалим бешик ырларынын кайсы мезгилден тарта ырдалып жүргөндүгү, кээ бир бешик ырларынын варианттарында элибиздин жашоо – шартынын өзгөргөндүгүнө карай ырдалып жүргөндүгү жөнүндө да кабар берет. Айтсак:

Алдей – алдей бөбөгүм
Эл жайлоодон түшө элек,
Арпа, буудай быша элек.
Куштун жүнү калпагың,
Эл сүйбөсө сүйбөсүн,
Өзүм сүйөм аппагым.
Ыйлаба балам, ыйлаба,
Апакеңди кыйнаба.
Алдей – алдей ак бөбөк,
Ак бешикке жат бөбөк,
Кунан койду сой бөбөк,
Куйругуна той бөбөк.
Алдей, бопөм, ыйлаба,
Апакеңди кыйнаба.

«Бешик ырынын» экинчи вариантын карап көрөлү:
Алдей, алдей бөбөгүм,
Алдей, алдей бөбөгүм!
Калкын багып сыйлаган,
Калк менен бирге жыргаган,
Камкор болгун бөбөгүм!
Алдей, алдей бөбөгүм,
Алдей, алдей бөбөгүм!
Илимдин кенин издеген,
Илимди тапса сиз менен,
Илими жаккан элине,
Илимпоз болгун бөбөгүм!

Келтирилген мисалдарда эки башка жашоо - шарт сүрөттөлгөн. Биринчи ырда балага «эл жайлоодон түшө элек, апакеңди кыйнаба» сыяктуу саптар кезигет. Демек, ырдалган ыр жайлоодо же жакада ырдалган ыр. Ал эми экинчи ырда таптакыр башка мазмунда ырдалат. Эки эненин тең тилеги бирдей болгону менен, экинчи ырда «илимдин кенин издеген, илимпоз болгун» сыяктуу тилектер берилет.

Мугалим сабакты жыйынтыктоодо биринчи ырдын тээ илгертен ырдалып келген ыр экендигин, ал эми экинчисинде элибиздин жашоо- шарты өзгөрүп, илимге кызыгуу арткан учурду белгилеп көрсөтөт.

Окуу программасында салт ырларынан «Кошоктор» берилет. Өзбек эли кыргыз эли менен жанаша жашап, салты, айрым ырым – жырымдары дээрлик окшош. Бирок кошок айтуу көптөгөн дүйнө элдерине таандык болгону менен өзбек элине таандык эмес. Ал тургай бүгүнкү күндө элибизде да бир аз солгундай түшкөндөй.

Ошентсе да жогоруда белгилегендей, өзбек окуучулары кыргыз элинин кошок айтуусун алардын жашоо шартынан улам билишет. Сабак кошоктордун жалпы маани-мазмунун, алгачкы формулаларын, аткаруу манерасын, айтылыш өзгөчөлүгүн түшүндүрүү (аңгеме методу) менен башталат.

Калктын турмушунда той үлпөтү сыяктуу эле өлгөн адамды узатуу да маанилүү маселе. Өлүк узатуу алгач коллективдик формада өтсө да, бара – бара функциясы тарып, жеке факторго өтүп жатат. Ал эми кыргыздарда өлүк узатуунун салттык эрежеси негизинен кийинки учурга чейин эле аткарылып келген. Ага карата айтылуучу кошоктор да байыркы мезгилдегидей салттык, көркөм поэзиянын функциясын аткаруудан четтесе да, калк эсинде өзүнүн маани – мазмунун, алгачкы формулаларын, аткаруу манерасын, музыкалык ыргаган толук сактап калган. [4.49]

Кыргыз кошокторунун мазмуну да анын өлгөн адамдын культун таануудан башат

алгандыгын ачык айкындап турат. Дегеле кошоктун чыгышы, жанр катарында калыптанып, өсүп – өнүгүшү кандайдыр бир согуштагы оор жоготуу, журт адамынын, кошундун башчысынын каза болушу менен байланышы бар сыяктуу.

Согушта шейит болгон жоокерлердин ыйлап – сыктап эркектердин да кошок кошуп жоктогондугу жөнүндө «Манас» эпосу ачык маалымат берет. Дегеле салт ырларынын эпоско кириши чыгарманын өзөгүндө, идеялык багытында орчундуу орунду ээлеп турат.

Өзбек мектептердин 6 – классынын «Кыргыз адабияты» китебинде [4.11-15.] «Устанын аялынын кошогу» жана «Калмергендин аялынын кошогу» берилген. Биз, жогоруда белгилегендей, кошокторду кайсыл учурда жана кантип айтылыш өзгөчөлүктөрүнө токтолуп, окуучуларга маалымат беребиз. Эми кошоктун өзүнө токтоло турган болсок, окуучулар кошоктун үлгүсүн мурда кайсыл кыргыз оозеки чыгармачылыгынан жолуктурганын сурайбыз. Анткени окуучулар кошоктун айтылыш кабары менен кыргыз адабияты сабагында «Карагул ботом» поэмасын окушканда таанышкан.[3.55] Чыгарманын башталышы эле чалдын жоктоосунан башталат, ошондой эле Карагулдун эжесинин да кошогу берилет. Мында негизинен жоктоо катарындагы чыгарма болгондуктан, кошок тибинде айтылат. Окуучуларга төмөнкүдөй суроолор менен кайрылабыз:

- «Кошок» жөнүндө эмне билесиңер?
- 5 – класста өткөн «Карагул ботом» чыгармасын эстегиле
- Ал чыгармада Карагулду атасы кантип жоктойт, атасы эмнелерге көп көңүл бөлөт?
- Бул чыгармада эжесинин иниси жөнүндө айткандарын эстегиле

Окуучулардан алынган жооптордон кийин, мугалим жогорудагы суроолорго толуктоо киргизет.

«Карагул ботом» - эркектер тарабынан аткарылган жоктоонун байыркы үлгүсү. Чыгарма калкка кеңири тарап, эл арасынан бир канча варианттары табылган. Анда тоо жандыктарынын ээси Кайберендин каргышына калып, жалгыз баласын элик деп атып алып, кайгыга баткан атанын муң–зары баяндалат. Бул чыгармада бир гана атанын кайгысы берилбей, аялынын, эжесинин жоктоосу да берилет.

Мугалим өтүлгөн теманы эске алгандан кийин окуучулар кошоктун маани – мазмунунан кабардар болуп, жаңы теманы өтүүгө багыт алат.

«Устанын аялынын кошогу» устанын кандай адам экендигин даңазалаган муң – зар ыры. Бул кошокто аялы устанын үй- бүлөгө камкор ата экендигин, эмгекчилдигин, арманда калып, балдарын өзү чоңойтқондугу жөнүндө айтылат. Мындай элдик чыгармаларды түшүндүрүп, көркөм окуган соң, техникалык каражаттарга кайрылып, кошоктун мотивин уктурса болот.

Ошондой эле тилдик каражаттардын колдонулуу өзгөчөлүктөрүнө да токтолуп, устанын шаймандарынын аталышын үйрөтүү менен сөздүк ишин жүргүзүү зарыл. Мисалы:

Балка менен зер чапкан,
Бармагы менен мал тапкан.
Кычкачын кармап, зер чапкан,
Кызматы менен мал тапкан.
Көөрүгүн күндө көкүткөн,
Көмүрүн сактап бекиткен.

Алды сызылган жана ушул сыяктуу сөздөрдүн маанисин чечмелеп, бул сөздөрдүн бүгүнкү күндөгү мааниси, алар бул устанын шаймандары менен таанышпы кыскача аңгемелешүү жүргүзсө болот. Ырдын көркөмдүк өзгөчөлүгүнө басым жасап, уйкаштыктын түрлөрүн (ассонанс, аллетирация) сыяктуу кубулуштардын ырдагы ордун талдоо керек. Ошондой эле «кара бет», «шордуу күң», «туйгунум - уста», «кең пейил» сыяктуу сөздөрдүн түз жана өтмө маанилерине карата тексттерди түздүрүп, кыргыз кебинин байлыгын өзбек окуучуларына ачуу сунуш кылынат.

Ушул сыяктуу эле «Калмергендин аялынын кошогу» да талданат. Кошокторду окутууда алардын идеялык – тематикалык мазмунун ачуу менен кыргыз элинин каада- салтындагы өзгөчөлүктөргө, сөз чеберчилигине, адамды барктай алуусуна маани бердик. Анткени салттык ырларды окутуу менен кыргыз элинин турмушун, тарыхын, улуулугун даңазалайбыз.

Андыктан улуттук мектептерге кыргыз тилин жана адабиятын окуткан мугалим билимин ар дайым өркүндөтүп, талыкпай изденүүсү - бүгүнкү күндүн зарылчылыгы.

Пайдаланылган адабияттар:

1. Кебекова Б. Кыргыз элинин каада – салт ырлары. – Б.: «Шам» 2001
2. Кыргыз адабиятынын программасы. Өзбек мектептеринин 5 – 9 – класстары үчүн. Түзүүчүлөр: Ж. Шериев, С. Момуналиев., Ош: ОшКУУ, 1999
3. Момуналиев С. Кыргыз адабияты: Хрестоматия: Окутуу өзбек тилде жүргүзүлүүчү мектептердин 5 – кл. үчүн окуу китеби – Уш – Б.: 2004
4. Момуналиев С. Кыргыз адабияты. Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлүүчү мектептердин 6 – класстары үчүн окуу китеби. – Учкун, 2008
5. Мурзакметов А. Кыргыз ырым – жырымдары, Ош.: 2005

УДК:808.03

Бердибекова Б.К. (ОшГУ)

Формирование терминологической базы на основе англо-язычной лексики

Бул илимий макалада коомдун өнүгүшү менен англис тилинин терминдерин азыркы коомдо колдонулушу жана туура жазылышы кампылган.

В данной статье раскрывается использования и правописания английских терминов, которые вошли в русский язык с развитием современного общества.

This scientific article deals with the usage and right spelling of English words which borrowed to the Russian language with the development of society

В любой отрасли человеческой деятельности одной из ключевых проблем является наличие единой понятийной базы и соответствующей ей специальной предметной терминологии. Правильное и единообразное толкование терминов и фразеологических сочетаний составляет основу и базис теории. Вопрос о составлении отраслевых терминологических словарей является одним из актуальнейших в современном прикладном языкознании. На протяжении уже нескольких десятков лет данный вопрос обсуждается в работах ведущих отечественных и зарубежных ученых, поскольку он тесно связан с такими проблемами, как статус термина и его место в системе языка, системность терминологий, особенности формирования терминосистем, принадлежащих разным языкам, и многими другими вопросами, Результатом развития цивилизации, средством фиксации фактов ее истории и одним из средств ее формирования является язык и, прежде всего, специальная лексика - совокупность лексических единиц (терминов) специальных областей знаний, образующая особый пласт словарного состава, наиболее легко поддающийся сознательному регулированию, и упорядочению. Именно в специальной лексике наиболее наглядно обнаруживается связь развития языка с историей материальной и духовной культуры народа. Бурный рост научно-технических знаний в наши дни отразился в том, что более 90% новых слов, появляющихся в современных языках, составляет специальная лексику.

Многие терминоведческие исследования носят описательный характер, что все больше удаляет их от насущных проблем и потребностей практической работы и сдерживает развитие теории и практики терминологической деятельности. Будущее терминоведения определяется необходимостью перехода от описания терминологических процессов и явлений к их объяснению с тем, чтобы дать возможность сознательного подхода к совершенствованию языка науки и техники. Терминологическая лексика, которая сейчас составляет большую часть лексики любого языка, в будущем будет играть все более заметную роль в жизни человека.

Терминоведческие знания уже сейчас необходимы людям многих профессий - лингвистам, переводчикам, редакторам и преподавателям.

Актуальность темы. Несмотря на активную исследовательскую деятельность в решении частных вопросов англоязычной лексики в сфере высшего образования, актуальной является проблема разработки новых подходов, позволяющих более детально описать этот лексический пласт современного английского языка, а также выявить его национально-культурное своеобразие, столь необходимое для наиболее эффективной коммуникации между представителями разных сообществ. В их число входит исследование педагогической лексики в сфере высшего образования с использованием полевого подхода. Этот подход, предполагающий установление

связи между языковыми элементами и объективной действительностью, позволяет не только выявить условия их реализации, но и полнее описать отдельные лексические пласты (в частности, лексику сферы высшего образования). Таким образом, полевой подход открывает новые возможности изучения лексики в сфере высшего образования: ее систематизации, понимания и интерпретации. Более того, лексико-семантическое поле является языковой микросистемой, обладающей объективной направленностью и указывающей на «место встречи» закодированной культуры .и носителя языка. Следовательно, использование полевого подхода открывает абсолютно новые перспективы понимания национально-специфических особенностей высшего образования как части культуры, обеспечивая более глубокое проникновение во все уровни исследуемого лексического пласта, а также возможности выявления национального своеобразия средств выражения в современном английском языке такого феномена культуры, как высшее образование.

Язык - многомерное явление, возникшее в человеческом обществе. Изучение иноязычной лексики, употребляющейся в русском языке, характеризуется довольно большой историей.

Изучение причин и характера заимствования в отечественной лингвистике связано с учетом разнообразных факторов. Традиционно выделяются внеязыковые (экстралингвистические) и языковые (лингвистические) причины.

К экстралингвистическим обычно относят: 1) наличие более или менее тесных связей между двумя лингвокультурами в политике, экономике, культуре, обмен опытом и инновациями в этих сферах, что мгновенно отражается на уровне лексики; 2) психологические, этические и другие факторы, приводящие к использованию иноязычной лексики (например, стремление к эвфемистичности). Среди лингвистических факторов выделяют такие, как 1) стремление устранить полисемию *(раскрутка — промоушн);* 2) образование структурно аналогичных слов или наличие ряда с общим структурным компонентом (например, слова с английскими морфемами *-мен, -бол: спортсмен, бизнесмен, полисмен; футбол, баскетбол, софтбол);* 3) тенденция к соответствию нерасчлененности обозначаемого понятия с нерасчлененностью обозначающего *(электронное распечатывающее устройство - принтер)*.

Как известно, заимствование из языка в язык может идти двумя путями: устным и письменным, посредством книг. Заимствования могут быть непосредственными, из языка в язык, и опосредованными, через языки-посредники *(маляр, ярмарка* - из немецкого через польский). Вместе с тем, главным действующим лицом при этом выступает говорящий (или пишущий) как языковая личность. Именно речевая индивидуальность формирует языковую картину мира, в которой распределяются роли между исконным и заимствованным материалом, определяются пути взаимодействия лексико-словообразовательных микропространств.

Назовем наиболее активные словообразовательные процессы, которые используются носителями языка для адаптации иностранных заимствований к законам произношения и грамматики русского языка. В области словообразования лексики, заимствуемой из английского языка, можно отметить следующие явления:

1) суффиксация: деривационный ряд существительных представлен в основном относительными прилагательными с суффиксами *-ое- (-ев-)* в значении «сделанный из материала, обозначенного производящей основой, или содержащий этот материал»; *-ск-, -ое-* + *-ск-, -н* — «относящийся к кому-или чему-либо, обозначенному производящей основой»: *прайс — прайсовый, брэнд — брэндовый;* адъективные дериваты используют суффиксы *-н-, -ое-, -ое-* + *-ск, -ск-: бритиш - бритишовый, крезанутый - крезовый, рекордный -рекордовый (Была весна 1976 года, двадцатый век, и Великий Город Нью-Йорк,* ***вланчееое*** *время.* [Э. Лимонов. Это я - Эдичка]. *Этот островок один из самых* ***фешенебельных*** *теперь уголков отдыха на земном шаре. [В.* Некрасов. Первое знакомство];

2) префиксация характерна в большей степени для глаголов *(захолдитъ* -оставить файлы для адресата (... *они бежали устраивать революции, но только бы не* ***нарелаксировали...*** [Н. Медведева. Моя борьба] (от англ. *relax* — расслабляться));

3) суффиксация + префиксация; данный способ также свойственен глаголам *(перебутоватъся* - перезагрузиться (от англ *boot* - загрузка));

4) словосложение; аналитическое сложение *(даун-клуб* «место, где много неинтересных и скучных людей») и словосложение с промежуточной гласной *(флопповод* — дисковод /от *англ.floppy* - жаргонное название гибкого диска/). Последнее явление представляется весьма интересным. В современный русский язык часто попадают словообразовательные модели,

характерные исключительно для английского языка, но все чаще встречающиеся в русской лингвокультуре. Это: - существительное + послелог *(Встреча состоялась на террасе* ***"Блоу-ап ".*** [Сергей Довлатов. Иностранка]);

Наряду с ранее заимствованным англицизмом *сэндвич* в речи русского человека конца 90-х годов функционируют более поздние англицизмы: *гамбургер, фишбургер, чисбургер, чикенбургер,* и они выполняют дифференцирующую функцию. Лексема *сэндвич* несет обобщенное значение, в то время как остальные слова данного синонимического ряда конкретизируют значение слова *сэндвич: гамбургер* (внутри бифштекс), *фишбургер* (рыба), *чисбургер* (сыр), *чикенбургер* (цыпленок). Большое разнообразие косметики, неизвестной ранее русскоязычному человеку, стало причиной заимствования из английского языка слов типа: *мейк-ап (make up* -макияж), *консилер (consealer* - карандаш-корректор), *пиллинг-крем (peeling-cream* - крем, убирающий верхний слой кожи), *лифтинг-крем (lifting-cream* - крем, подтягивающий кожу), *вейниш-крем (vanish-cream* - крем, убирающий капиллярные сетки) и др. Например: ... *сидеть перед зеркалом и делать* ***мэйк-ап...*** [Н.Медведева. Моя борьба]. Итак, внешние причины заимствования англицизмов "стыкуются" с внутренними (например, коммуникативная актуальность англо-американизма) через социально-психологические: *трафикинг* (перевозка и торговля женщинами), *таггер* (человек, делающий надписи и рисунки пульверизатором). В последнее время значительно увеличилось число русских людей, знающих английский язык. Нередко в речевой ситуации английское слово становится более престижным, чем русское, экспрессия его новизны притягательна, оно может подчеркивать высокий уровень информативности говорящего. Употребление англицизма в речи авторитетного лица (или в рекламе) может стать толчком к его ассимиляции в русской речи.

Таким образом, изучение современных процессов заимствования в сопоставлении с процессами прошлых этапов существования языка дает возможность показать тенденции языкового развития, говорить о соотношении внутриязыковых и экстралингвистических факторов в определенные периоды развития языка. Тематико-идеографическая классификация заимствований позволяет сделать вывод об изменении как концептуальной, так и языковой картины мира, о новых фрагментах общественного опыта, требующего языковой фиксации.

Система образования должна обеспечить потребность общества в критически мыслящих грамотных специалистах, способных эффективно использовать свою сферу деятельности для решения разного рода профессиональных, общественных и личных задач. В методике обучения иностранному языку особенно подчеркивается необходимость развития познавательной активности и самостоятельности обучаемых путем формирования у них учебной компетенции, то есть определенного набора рациональных способов и приемов познания. Связи с этим актуальным становится вопрос о выборе адекватных дидактических средств, которые бы способствовали росту эффективности учебного процесса. В категорию данных средств, на наш взгляд, необходимо отнести учебные словари, представляющие собой промежуточный этап между управляемым обучением и самостоятельным усвоением иностранного языка.

Учебные словари традиционно принято считать предметом изучения учебной лексикографии, так как они играют большую роль в современном языкознании и именно словари остаются основой для лексикологической, морфологической и другой научной работы.

Практическая лексикография - древнейшая из деятельностей человека. Если мы обратимся к Шумерской культуре, (а это 25 в. до н. э.), то увидим, что уже *в* это время люди пытались объяснить малопонятные слова и составляли словники, которые называли глоссариями или вокабуляриями. Появление словарей в том виде, в котором мы привыкли их видеть, то есть так называемый «ранний словарный период», относят к 16 веку. С тех пор составлено огромное количество самых разных словарей. В целом, лексикография может быть определена как прикладная дисциплина, в центре внимания которой стоят методы создания (составления) словарей. В отличие от лексикологии - теоретической дисциплины, являющейся частью теоретической семантики и занятой разработкой методов описания плана содержания лексем (в том числе методов толкования), проблематика лексикографических работ лежит именно в словарной сфере. Центр ее интереса - типы словарей и способы организации словарной статьи. Разумеется, тип словаря определяется структурой словарной статьи и наоборот. К XX веку практическая лексикография накопила богатый опыт лексикографического описания языка. С середины нашего столетия этот опыт начал описываться и обобщаться, и эти обобщения привели к появлению теории лексикографии, которая определяется сегодня как «целесообразно

организованное знание, дающее целостное представление обо всей серии вопросов, связанных с созданием словарей и других произведений словарного типа»

Очень важно лексикографически зарегистрировать социально-номинативную деятельность человека в современном быстро развивающемся и изменяющемся мире и представления ее в форме толковых монолингвальных лексических словарей с целью сохранения, объяснения и передачи этнонациональной и социокультурной информации, заложенной в лексике и фразеологии английского и русского языков как результатах этой лингвокреативной деятельности.

Исследования современных лингводидактов выявили, что при создании учебного лексикографического произведения необходимо обеспечить взаимосвязанное решение двух основных проблем:

1) традиционных лексикографических проблем (отбор лексики, способ ее презентации, системы);
2) проблем методического характера (учет этапа обучения, вида речевой деятельности, стиля речи, родного языка студента, уровня общей культуры студента и т.п.).

В связи с этим, прослеживается тесная взаимосвязь учебной лексикографии с методикой преподавания изучаемого языка.

СПИСОК ИСПОЛЬЗОВАННЫХ ИСТОЧНИКОВ:

1. Арнольд И.В. Стилистика. Современный английский язык. - М.. 2004
2. Виноградов В.В. Язык художественных произведений. //Вопросы языкознания, № 5,1954
3. Гальперин И.Р. Очерки по стилистике английского языка. — М: Издательство литературы на иностранных языках. - М., 2004.
4. Дж. Миддльтон Мэррей. Проблема стиля. - М., 1996
5. Козырев М.А. Экспрессивность текста и перевод. - Казань, 1991
6. Комиссаров В.Н. Современное переводоведение. - М., 2001
7. Пелевина Н.Ф. Стилистический анализ художественного текста. - Л.. 1980
8. Харченко К.В. Путеводитель по научному стилю английского языка. -Уфа, 2002

УДК 336.2

Зайнидинов А.Т.

К вопросу совершенствования государственного регулирования предпринимательской деятельности в сельском хозяйстве

Рассматриваются некоторые аспекты государственного регулирования в сельском хозяйстве.

This article examines some aspects of governable regulations in agriculture.

Вопросы государственного регулирования предпринимательской деятельности в аграрном секторе разнообразна. Она связана прежде всего, с образованием доходов в сельском хозяйстве. Как известно источники доходов сельских товаропроизводителей по сути схожи с другими секторами, то есть доходы зависят от количества и качества вложенного труда и конкурентоспособности продукции на рынке.

Бирок, бул милдеттер Орусия баскынчылыгына каршы азаттык кыймылдарын пайда кылды. Демек, кыргыз элине, айрыкча түштүк кыргыз урууларынын тагдырына бул күрөштөргө активдүү катышуу, атүгүл аларга жетекчилик кылуу миссиясы насип этилди. Орус-Кытай-Англия геосаясаттык түйүндүн татаал кырдаалында Алымбектей, Курманжандай улуу көсөмдөр Орус империясынын курамында гана кыргыз эли элдигин жоготпой, уул-кыздарын аман сактап калууга болоорун алдын ала туюу менен журт тагдырынын келечегин камсыз кылууга бел байлады.

Так ушул дилемма Курманжан Датканын тагдырына туш келди. Курманжан датканын касиеттүү аялзат, адилет журт башы жана дипломатиялык ишмердиги мындай түйүндүү шарттарда “караңгыда көз тапкан” кеменгер жол башчы экендигин көрсөттү.

Курманжандын мекени

Кыргыздар өз мекенин “ата журт” деп атайт. Кыргыздардын ата-журту кооз жерлери, улуу тоолору, таза суулары жана тунук булактары, көк майсаң жайыттары менен гүл жыты аңкыган жайлоолору, мөмөсү төгүлгөн токой-шалбаалары менен белгилүү. Кыргыздар улуу тоолорду “жердин канаты” деп атап, алардын койнунда ыстыкоомат кылган өз элин “улуу тоого чыккан, улар үнүн укkан бактылуу адамдар” катары сезишет.

Ушундай кыргыз жерлеринин бири болгон Фергана өрөөнү кооздугу жана геосаясаттык ролу менен чыгыш менен батыштын түрдүү саякатчыларын, ориенталисттерин кызыктырып келген. Кытай саякатчысы Чжан-Цян байыркы Давань мамлекетин ачса, еврапалык саясакатчылар бул жердин тарыхын дүйнө коомчулугу менен тааныштырган. Фергана өрөөнүн орогон кыргыз тоолору жаратылыштын храмдары гана эмес, тарыхтын да күбөлөрү. Дүйнө илиминин чечүүгө алигече күчү жетпеген атактуу Саймалы-Ташы, Заратуштра кудайынын, кийинчерээк Сулайман пайгамбардын бир кездеги мекени делип эсептелген сырдуу Сулайман Тоосу, дүйнөдө бир гана реликт өсүмдүк катары таанылып, А.Македонский “югланс регия (король жаңагы)” деп атаган кыргыз жаңак токойлору, улуу тоолордун кожоюуну катары менменсиген топоздор жайлаган Алай менен Памир, чөйчөктөгү мүрөктөй жаркыраган Сары-Челеги, дартка даба баткен өрүгү, өзгөн күрүчү, тамшандырган таттуу коон-дарбызы көп Фергана Курманжан датканын мекени. Так ушул чөлкөмдө жашап өткөн Абу Ибн Осмон, Ахмед Фергани, Махмуд Югнеки, Омор Ибн Муса аль-Оши, Мансур аль-Оши, Абдаллак-аль Оши, Бабур, Молдо Нияз, Жеңижок жана башкалар өзүлөрүнүн илимий трактаттарында, көркөм чыгармаларында ата-журтубузду даңкташкан, изилдешкен.

Кыргыздын түпкү бабаларынын бири санжыргалуу Долон бийдин уулу Отуз уул азыркы Ноокат районунун аймагындагы Көк-Белде жашап өткөн. Анын улуу уулу Адыгинеден жана кызы Наалынын урпагы Муңгуштан тарагандар Ош областында, кичүү уулу Тагайдан тарагандар Чүй, Ысык-Көл, Нарын, Кетмен-Төбөдө жайгашкан. Саяктардын бабасы Асакенин кыштоосу Азыркы Өзбекстанга караштуу Асаке шаары, кыргыздардын сол канатынын мекени Эки-Суу арасы, Аксы, Ала-Бука, Чаткал болсо, байыркы кыргыздарды түзгөн он уруулуу Кызыл уулдун балдары эсептелген ичкилик курамы Баткен, Чоң Алай жана Памир тоо этектерин жердеп, кыскасы кыргыздын ата-журту так ушул жердин бермети эсептелген алтын чөйчөктөй болгон Фергана өрөөнү.

Ата-мекени Алай өрөөнүн жана аны мекендеген санжыргалуу элинин мындай өзгөчө касиеттери Курманжандын эч нерседен кайра тартпаган өткүр, эркн бекем, кайраты күчтүү мүнөзүнө өзөк болгону талашсыз. Демек, “жер тамырынан эл тамыры”, “табият менен адам баласы киндиктеш” деген ылакап кеп бекеринен айтылбаса керек.

Ошентип, мүмкүн Курманжан энебиздин улуу тарыхый инсан болушун жогорку факторлор аныктагандыр...

Этносаясий кырдаал

Фергана чөлкөмү байыркы замандардан бери көп улуттуу чөлкөм. Биздин эранын башына чейинки дооорлордо жашаган ираний калктар (давандыктар, сактар жана усундар) кийинки мезгилдерде, айрыкча VI-XII кылымдарда түрктөшүп, андан кийин XII-XIII кылымдарда монголдор менен жуурулушуунун натыйжасында түбү тектеш, Орто Азиядагы эң байыркы мезгилдерден бери XVI кылымга чейин жашап өткөн кандаш калктар (кыргыздар, өзбектер, казактар, каракалпактар жана башкалар) пайда болду.

Фергана өрөөнүндө биздин эрага чейинки I миң жылдыктын орто ченинен баштап байыркы давандыктар менен сак уруулларынын отурукташкан-дыйканчылык жана көчмөн-малчылык чарбаларынын синтезинен келип чыккан цивилиация калыптанган. Негизинен Фергана тарыхнаамада “өзөн цивилизациясы (речная цивилизация)” деп аталуучу регионго кирип, андагы жашоо тиричиликте жасалма сугатчылык зор роль ойногон. Ошондуктан экономикада жер, болгондо да сугат дыйканчылыгына негизделген жер ээлөө негизги маселе болуп, акырындык менен орто кылымдарда тургундардын социалдык-чарбалык төмөнкү эки тиби калыптанды. Алар:

1. Отурукташкан-дыйкан, кол өнөрчү жана соодада шүгүрлөнгөн жамаат;
2. Көчмөн-мал чарбасы менен кесиптенген жамаат.

Бул жагдайда мамлекетти жана өлкөнү төмөнкү беш негизги элемент кармап турган:

- Жер жана сугат системалары шариат боюнча да, адат боюнча да ‘эки жамаатка тең тийешелүү болгон, бирок факты жүзүндө аны көбүнчө отурукташкан жамаат пайдаланган;
- Дыйканчылык жана анын продуктылары отурукташкан жамааттын колунда болгон;
- Соода иштери негизинен отурукташкан жамааттын колунда турган;
- Мал чарбачылык жана анын продуктылары негизинен көчмөндөрдүн колунда болгон;
- Саясат, бийлик жана аскер күчтөрү негизинен көчмөндөрдүн же теги көчмөн династияларынын өкүлдөрүнүн колунда турган. Заманына жараша мобилдүү жашаган көчмөндөргөн түзүлгөн аскер күчтөрү өлкөнүн социалдык-экономикалык структурасын сактап,

тышкы душмандардан коргоп туруучу фактор катары кызмат өтөгөн.

Ошентип, саясий бийлик менен экономиканын азыраагы көчмөндөрдө, ал эми экономикалык байлык отурукташкан тургундарда топтолгон абал түзүлгөн. Мындай абал саясий күчтөр менен экономикалык байлыктын өз ара тең салмактуулугун пайда кылып, бир эле учурда тең тайлашкан, бирок тынчтыкта жанаша туруп, бири-бирисиз жашай албаган, отурукташкан жана көчмөн элдердин эки тобунун уникалдуу синтезин, башка сөз менен айтканда тиричиликтин Ферганалык вариантын калыптандырган. (Караңыз: *Кененсариев Т.* Фергана өрөөнүнүн этникалык тарыхы: айрым тактоолор. //www.sayasat.kg11/07/11 09:19)

Түрдүү этникалык жана чарбалык жамааттар өрөөндө аралаш-келки жайгашышкан. Мисалы, шаарлар менен кыштактардын алгач иран, кийинчерээк түркий тилиндеги отурукташкан тургундары жергиликтүү булактарда “сартиййа” деген аталыш алып, түрктөрдөн, тажиктерден, отурукташкан өзбектерден куралган. Аларды “илатиййа” (элет) деп аталган көп сандаган көчмөн жана жарым көчмөн кыргыздардын, кыпчактардын, кийинчерээк отурукташып кеткен өзбектердин, түрктөрдүн кыштоолору, жаздоолору жана жайлоолору курчап турган. Сартиййа жана илатиййанын кыштактары менен айылдары, алардын айдоо жерлери жана жайыттары обочо ээликтерди эмес, бири бирине жанаша турган аралаш-келки ээликтерди түзгөн. Аталган коомдук-социалдык абал байыртадан эле калыптанып, жаңы доорго жакын кокон амирлигинин түптөнөөр алдында деле ушундай мүнөздө болучу.

Саясий мамилелерде жогоруда атап өткөн тең тайлашуу көп учурда эки жамааттын ортосунда күрөштөрдү пайда кылып, алардын мүнөзү негизинен борбордук бийликти талашуу, же башка бир саясий, жеке инсандык маселелер менен чектелчү. Бул атаандаштык эч качан этникалык мүнөздү алган эмес. Мисал катары ага 1709-жылдан 1876-жылга чейин жашап турган Кокон мамлекетинин турмушун келтирүүгө болот. 169-жыл жашаган хандыктагы болуп өткөн сандаган кагылышуулардын эч бирин этникалык тариздеги араздашуу деп саноого мүмкүн эмес. (Караңыз: *Кененсариев Т.* Фергана өрөөнүнүн этникалык тарыхы: айрым тактоолор. //www.sayasat.kg11/07/11 09:19)

XVIII кылымдын башында өзбек-кыргыз илатиййасы (Шахрух бий менен анын күйөө баласы Акбото-бий кыргыз) бийликти колго алашты да, жаңы кокон амирлигин орнотушуп, кадимки улуу көчмөн Тимурдун насили Бабурдун урпагы шакрухтардын династиясын негиздешти. Бул окуя, кадимден келаткан тең салмактуулук принцибинин кезектеги чагылышы болгон. Илатиййа менен сартиййанын тең салмактуулугунун шартындагы бийлик чөйрөсүндө турган күчтөрдүн жайгашынын ар кандай вариациясын байкоого болот. Жергиликтүү жазма булактардын эң абройлуусу Молдо Нияз Хукандинин “Тарих и-Шахрохи” эмгегиндеги пикирге караганда Кокон мамлекетинде төмөнкү төрт этносоциалдык топ аракеттенген: этникалык миңдер, этникалык кыргыздар, этникалык кыпчактар жана социалдык сарттар болучу. Кокон тарыхында бийлик чылбыры негизинен дайыма илатиййанын (аталган үч этникалык топтун) өкүлдөрүнүн колунда болуп, бирок иш жүзүндө сартийаанын чордонун түзгөн сарттар тобунун кайсыл этникалык топту жактагандыгына карата тең салмактуулук айрым учурда бузулуп да турган. Бирок, саясий араздашууларда эгер күчтөрдүн жайгашышы сартиййа жамаатына ооп баратса, илатиййа аны тез арада бийлик өкүлүн алмаштыруу же өзүлөрүнө ылайык марионетти бийликке олтургузуу жолу менен тең салмактуулукту калыбына келтирип коюшчу. Мындай мисалдар Фергана тарыхында өтө көп.

Курманжан датканын, анын жолдошу Алымбек датканын бабалары Тилеке бийдин, Ажы бий, Асан бийдин аракеттери, тейиттердин Акбото бийи менен кушчулардын Кубат бийинин ролу, Аксылык Нүзүп бий менен кыпчак Мусулманкулдун ишмердиги, айтылуу Алымбек датка менен кыпчак уруусунун чыгааны Алымкул лашкер башынын орду, Кокондун акыркы ханы Искак Асан уулу Полот хан менен Алымбек, Курманжандын уулу Абдылдабектин азаттык күрөштөрүнүн түпкү себептери Фергана өрөөнүнүн этно-саясий тарыхынын так ушул эзелки салттарын чагылдырган.

Мына ушундай ата-журттун аурасында туулуп-өскөн, ата-баларынын салттарынын таасиринде инсан катары калыптанган Курманжан Датканын өмүрүн жана ишмердигин кандай боолоого болот? Аны улуу тарыхый инсан жана уникалдуу феномен катары баалоо гана эп.

Тарыхый аренага келүү

Түштүк кыргызга, Фергана чөлкөмүнө, жалпы Орто Азияга, ал турсун Петербургка да белгилүү, өткөн кылымдагы тарыхый инсан, кыргыз элинин коомдук жана мамлекеттик ишмери,

"Алай канышасы" деген атак алган Курманжан 1811-жылдын кулжа айында Ош шаарынан анчалык алыс эмес жердеги Орке кыштагында Муңгуш уруусунун Жапалак уругунан чыккан Маматбай аттуу орто дыйкан, колунда бардар адамдын үй-бүлөсүндө жарыкка келген.

Курманжан жаш кезинен эле элдик үрп-адатты, каада-салтты кадырлаган, келим-кетимдүү үй-бүлөдө тарбиялангандыктан өз оюн тайманбай бетке айткан, акылы, эси башкалардан өзгөчөлөнүп турган, намыскөй кыздардан болуп өсөт. Анын мындай өсүшүнө атасы Маматбайдын да таасири зор болгон. Маматбай - накыл билги, орду менен сүйлөгөн, бирөөнүн акысын жебеген, кара өзгөйлүгү жок, мал жандуу, ата-тегинен динди, руханий түпкүлүктү бекем кармаган сабаттуу адам болгон.

Курманжан 17 жашка чыкканда атасы Маматбай кудалашып койгон 500 түтүндүү Жоош уруусунун Төрөкул деген бийинин анча мааниси жок Кулсейит аттуу уулуна кызын турмушка чыгарган. Бирок, күйөөсү көңүлүнө толбогон Курманжан мезгилинин катаал мыйзамына каршы туруп бир жылдан кийин Алайдын Үч-Таш жайлоосунан атасынын үйүнө келе берет да, 3 жыл чамасында башы бош олтуруп калат. 1832-жылы Курманжан 21 жашында баргы уруусунун бийи катары жана Кокон бийликтерине кызмат кылып «датка» деген наам алган, эл жерге кадыры, билгилиги маалым Алымбек даткага жолугуп, көп узабай аны менен тагдырын кошкон.

Курманжан датка Маматбай кызынын тарыхый ролу жана коомдогу орду өтө олуттуу. Анын 96 жашка жеткен өмүрүнүн 76 жылы өз эли-журтуна арналган жана ал өмүр жолдогу ишмердикти **үч чоң доорго** бөлүп кароого болот. (Караңыз: *Кененсариев Т.* Курманжан датка — тарыхый инсан./Курманжан датка. // Сборник статей.-Ош,1991.-7-16-беттер.)

II Курманжан датканын коомдук жана саясий ишмердиги

Биринчи доор - Курманжан датка коомдук ишмер

Алымбек датка жана анын Курманжанга болгон таасири

Курманжандын улуу инсан катары калыптанышында албетте Алымбектин ролу зор. Анткени, Алымбек датка өмүрлүк жары Курманжан аркылуу Алымбек болсо, Курманжан энебиз атагы алыска кеткен Алымбектин капшабы менен ири тарыхый инсан катары калыптанган. Чынында, бул эриш-аркак эки инсандын тарыхый ролу, ишмердиги азыркы Кыргызстандын эгемендүүлүгүнүн түпкү маңызына байланышып турат. Анткени, алардын тарыхый миссиясы эл биримдигинин, азаттыктын, мамлекеттүүлүктүн түпкү идеялары менен сугарылган болучу.

Курманжандын болочок өмүр шериги Алымбектин өспүрүм балалыгы, жигиттиги Алай тоолорунун Жошолу айылында, бийик тоолордо өткөн. Ал жаш чагынан эле чыйрак, курч, зээндүү чыгып, 15-17 жаш курагында өз уруусу адыгиненин баргы уругуна баш-көз болуп, бий катары таанылa баштайт.

XIX к. 30-жж. башында Мадалы хан Алай чөлкөмүндө Кокон хандыгынын таасирин күчөтүп, эркиндикти сүйгөн алайлыктарды ооздуктоо үчүн жергиликтүү ак сөөктөрдү өз тарабына тартып, аларга түрдүү наамдарды ыйгарып, бийликке аралаштыра баштаган. Алымбек Асан бий уулунун эл ичиндеги кадырын эске алып, 1831-ж. Мадалы хан ага “датка” наамын берген. Мына ушундан баштап Алымбек Кокон хандыгынын саясий турмушуна активдүү аралашып, өмүрүнүн акырына чейин анын ишмердиги хандыктын социалдык жана саясый тарыхы менен тыгыз байланышып өттү. Алымбек хандыктагы ар кандай саясий оюндарды, төңкөрүштөрдү, бийлик үчүн болгон тынымсыз күрөштөрдү көрүп, саясатка каныкты, бардык окуяга активдүү аралашып, ордодо көрүнүктүү таасирге ээ болду. Бирок, анын ишмердигинин кредосу бабасы Тилеке баатыр менен Ажы бий сыяктуу чачылган кыргыз урууларын бириктирип, өз алдынча мамлекет түзүү же эч болбоду дегенде Кокон хандыгынын курамында номиналдуу өз алдынчалыкта турган ээлик түзүү болучу. Атүгүл Кокон хандыгын ээлеп, кыргыз насилинин аброюн көтөрүү максаты да тымызын бар эле. Ишмердигин бул өзөктүү максаты, Алымбектин ичинде дайыма купуя сакталып турчу.

Алымбек датка алгач 1831-жылы датка наамын алуу менен бирге Ош чөлкөмүнө бек болот. 1832-ж. 32 жаш курагында Мадали хан аны Анжиян вилаетинин башкаруучусу, акими кызматына дайындайт. Аталган вилаетке Анжиян аймагы, Эки-Суу арасы, Ош чөлкөму, Ноокат менен Араван, Өзгөн менен Кара-Кулжа, Алай тоолору жана Ак-Талаа, Жумгал, Тогуз-Торо, Куртка аймактары толук кирген. Алымбек датка акырындык менен мамлекеттик түзүлүштүн маани-маңызын, башкаруу системасынын өзгөчөлүктөрүн, хан бийлигинин татаал сырларын

үйрөнүү менен саясий тажрыйба топтогон. Ал Кокон хандыгынын коомдук-саясий, чарбалык турмушундагы кыргыздардын татыктуу ордун табууга, хан ордосунда ролун көтөрүүгө көп күч жумшады. Эң негизгиси мүмкүнчүлүккө жараша ыңгайы келгенде кыргыздардын көз каранды эместигин камсыз кылууга, өз алдынча бирдиктүү жана түптүү мамлекетин түзүүгө жол издеди.

Курманжан датканын мамлекеттик жана коомдук ишке аралашышы 1832-жылы Алымбек даткага турмушка чыккандан башталды. Алымбек менен Курманжан 29 жыл эриш-аркак ыстыкоомат кылышты. Көп жылдар бою өмүрлүк жолдошу Алымбек датканын таасирдүү кеңешчиси, жардамчысы катары көрүнүп, атүгүл насаатчысы болууга да жетише алган. Анын 1832-62-жылдардагы өмүрүн коомдук ишмердик доору катары санаса болот. Бул мезгилде Алай чөлкөмүн жана анын тургундарын башкарып, эли-журту үчүн чоң-чоң коомдук иштерди жасаган. Алымбек датка ордодо, Кашкарда саясий маселелер менен алектенип жүргөн мезгилдерде анын милдетин да кошо аркалаган. Акырындап датканын ордун жоктотпой эл бийлөөнүн сырын үйрөнгөн. Жеринен дээринде бар, жөн билги зайып көп өтпөй көпчүлүктүн көңүлүнө толуп, калк башкарууга көзү каныккан. Ошол кезде эле Курманжан айымдын атагы Кокон хандыгы гана эмес, коңшу Бухара эмиратына, атүгүл алыскы Орусия серепчилерине да дайын болгон.

Тарыхта белгилүү болгондой XIX кылымдын 40-жж. башында Кокон хандыгында саясий кырдаал курчуп, Мадалы хан өлтүрүлүп, анын ордуна Бухара эмиринин адамы Ибрагим-Хаял коюлгандыгы белгилүү. Мындай кырдаалда Кокон мамлекетин өз алдынча сактап калуу зарылдыгын сезген кыргыз төбөлдөрү мураскер издеп, аксылык Нүзүп бий башында турган топ Таласта Ажыбай датканын үйүндө жашап жаткан 1770-1798-жылдары Кокон хандыгын башкарган Нарбото бийдин кичүү иниси Ажы бийдин уулу 50 жаштагы Шералыга токтошот. 1842-жылы жай мезгилинде Шералыны Аксынын Карасуу айылындагы Кара-Күп деген жерге (Ал айыл Шералынын аялы Жаркынайымдын атасы Токтоназар бийдин кыштоолорунун бири болучу) көчүрүп келишет да, 2-3 ай ордо турмушун жол-жобосу менен тааныштырып, кат-сабатын жойгондон кийин күзүндө Сафед-Буланда курултай чакырылып, Шералы ак кийизге салынып, хан көтөрүлгөн. Натыйжада кыргыз кошуундарынын күчү менен Кокон ордосу ээленип, Шералы Ажы бий уулу - хан, Нүзүп бий, ага регент-миңбашы орунду ээлеген. Бул окуяларга Алымбек датка да активдүү катышкан.

1842-ж. Курманжан күйөөсү Алымбек датка менен бирге биринчи жолу Кокон хандарынын ордосуна келет. Ошондо Курманжан Шерали хандын кыргыз аялдары Жаркынайым (саруу) жана Соноайым (багыш) менен тааныштып, хандыктагы көйгөйлүү маселелер боюнча кеңешкен, ынтымакты чыңдоо, үзбөй кабарлашып турууга убадалашкан.

Бирок көп өтпөй хан ордосунда кыпчак бийи Мусулманкулдун таасири күчөп, кыргыздар мамлекеттик бийликтен четтетиле баштайт. Шералы такта отурганы менен саясий бийлик толук Мусулманкулдун колуна өтөт. Кыргыз төбөлдөрү анын ичинде Алымбек датка да бийликтен четтетилет. Мусулманкулдун башкаруусунда өлкөдө зомбулук күчөп, алык-салыктар көбөйүп, элдин эзилүүсү күч алат. Бул Мусулманкулга каршы элдик чыгуунун өбөлгөсүн жараткан.

Мусулманкулдун зомбулугуна нааразы болгон Кокон хандыгынын чыгыш жагындагы Ош жана Алай тоолорундагы кыргыздардын Мады чебинин жанында чогулган тобуна Алымбек датка баштаган Сейитбек датка, Болот датка жана башка кыргыз бийлери жетекчилик кылган. Көтөрүлүшчүлөр Ошту жана ага жакын аймакты кокондуктардан тазалашкан. Бул окуя 1845-ж. болгон. Ошол эле жылы Исфара акими кыргыз Сатыбалды жана Рахматулла менен бирдикте күрөш дагы уланган. Мусулманкул Ошко жазалоочу аскер баштап келип, көтөрүлүштү айоосуз баскан. Бул жөнүндө алдын ала кабар алган Алымбек датка Курманжандын кеңеши менен Алайга качып, ажалдан аман калган. Ошто тартипти жөнгө салуу үчүн Мусулманкул бир топ кармалып калгандыктан, Кокондо дагы бир козголоң уюшулуп, Шералы хан өлтүрүлүп, козголоңчулар Алим хандын уулу Мурад-бекти хан көтөрүшөт. Мусулманкул согуш менен кайрадан ордону ээлеп, Шералы хандын бойго жете элек 14 жаштагы баласы Кудаярга андан улуу өз кызын аялдыкка алып берип, хан көтөрөт да, регент-миңбашылык мансабын колго алат.

Мамлекеттүүлүк идеясын көтөрүү

Кудаярдын энеси бөлөк агасы кыргызга жээн Малабек Алымбек датка менен көңүлү жакын болгон. Алардын күч алышынан чочулаган Мусулманкул Алайга жүрүш жасаары туралуу кабар угулуп, кырсыктан алысыраак болуш үчүн Алымбек датка Көгарт ашуусу аркылуу Нарындын төрүндөгү Ак-Талаа,Тогуз-Торо, Ат-Башылык туугандарына келет. Алар даңкы чыккан Алымбек датканы кучак жайып тосуп алышкан. Алымбек тынымсыз тополоңдун алкагы боло

баштаган Кокон хандыгында жашоодон көрө өз алдынча тоо кыргыздарынын ээлигин түзүү керектиги жөнүндө Теңир-Тоолук туугандары менен кеңешкен.

Ошол жылдары Алымбек датка Ош шаарынын маанисин көтөрүүгө да көңүл бөлгөн. Себеби, кыргыз элин бириктирүүдө, эгер колдон келсе кыргыз ээлигин түзүүдө Ош шаарынын бай-такты шаар катары маанисин жогорулатууну зарыл деп эсептеген. Тарыхый булактарда Ош шаары эзелтен эле кыргыз урууларынын саясий борбору катары эсептелип, бул жерде кыргыз бийлеринин айдоо жерлери, соода түйүндөрү, мечиттери, вакфтык үлүштөрү болгондугу маалым. (Караңыз: Военные действия против Кокандского ханства.//ВС.—1876.—№ 2.—2-бөлүк.—211-бет; *Терентьев М.А.* История завоевания Средней Азии.-СПб.,1906.—Т.2.—366-бет; *Абаза К.К.* Завоевание Туркестана.-СПб., 1902.—238-бет.)

Ошого байланыштуу Алымбек датка вилайеттин борборун Анжияндан Ошко көчүрүп келип, азыркы Алай мейманканасы турган чөлкөмдө Ак Ордо тургузгандыгы (бир нече ак өргөөлөрдөн куралган ордо) эл арасында айтылып келет. Так ушул жерде Алымбек менен Курманжан хан, бектерди, алыс-жакындан келген ызааттуу коноктору кабыл алышкан. Ал жерде мамлекеттик жана чөлкөмдүк маанилүү маселелер талкууланып, ири чечимдер кабыл алынган. (Караңыз: Абытов Б. «Ош: факты, события и личности». –Ош, 2000).

Алымбек датка кийинки жылдары Кокондон сырт саясий окуяларга да катышкандыгы маалым. 1847-жылы ал Кашкардагы “жети кожонун козголоңуна” чакырылып, кожолордун башчысы Катта төрөнүн армиясына кол башчылык кылган. Кашкарды камаган, бирок Кытай богдыханынын армиясына туруштук бере албаган 20 миңден ашуун козголоңчулар Фергана тарапка качып, Алымбек Алайга кайтып келген. (Караңыз: *Боотаева Б.* Кыргызы между Кокандом, Китаем и Россией.—Бишкек: Илим, 1995. —50,60-беттер.)

Көп узабай ордодо Мусулманкулдун зомбулугуна каршы дагы козголоң уюштурулуп, бир топ кармаштардын натыйжасында 1856-жылы Мусулманкул өлтүрүлүп, Кудаяр өз алдынча бийлик жүргүзүүгө жетишкен. Так талашуу эми Кудаяр хан менен анын аталаш агасы Малабектин ортосунда жүргөн. Ошол эле учурда Кудаяр ханга каршы толкундоолор башталган. Алардын кыймылдаткыч күчтөрү негизинен кыргыз элети болучу. Көтөрүлүшкө катышкан адамдардын саны 4-6 миң адамга жеткендигин изилдөөлөр кабарлайт (Караңыз: Взаимосвязи киргизского народа с народами России, Средней Азии и Казахстана (конец XVIII —XIX вв.).— Ф.,1985.—181-бет.).

Бул саясый жандануууда айрыкча алайлык кыргыздар активдүү болушкан. Көтөрүлүшчүлөр Маргалаңды, Коконду камап, 1858-жылы ноябрь айында Саманчыга жакын жерде Кудаяр хандын аскерин Алымбек датка баштаган бир топ кыргыз бийлеринин жардамы менен Малабектин кошууну жеңет да, Кудаяр хан Бухарага качат. Тактыны Малабек ээлеп, көмөк көрсөтүшкөн кыргыз бийлерин — Алымбекти Анжыянга кайрадан аким, кийинчерээк өзүнө баш увазир, Сейитбек датканы Кожентке аким, Молдокасымды Ноо чебине комендант, Алымбекке көңүлдөш, Маргалаңдын мурунку беги, кыргыз-кыпчак Өтөмбай бийди Ташкентке аким дайындаган. (Караңыз: *Наливкин В.* Краткая история Кокандского ханства.—Казань, 1886.-188—89-беттер; *Галицкий В., Плоских В.* Старинный Ош.—Фрунзе,1987.-46—47-беттер.) Ошентип, XIX к. 50-жж. аягында Кокон хандыгынын саясий турмушунда олутуу роль ойногон Алымбек датка, ордодогу эң жогорку бийлик - вазирлик мансапка жетип, дээрлик 4 жыл бою (1858-1862-жж.) хандыктын тагдырын чечип турган.

Алымбек датканын акылман, алысты көрө билген көсөм, кылдат саясатчылдыгы 60-жж. башында Россия империясынын колониалдык аскерлери Чүй өрөөнүнө кирип келишкенде көрүнгөн. 1860-ж. Верный чебинен чыккан орустар менен салгылашуу үчүн Малабек хан Ташкенттен чоң аскердин башында Канат Шааны, Ферганадан “Анжиян кошууну” деп аталган отряддын башында Алымбек датканы жөнөткөн. Алымбек Нарын аркылуу Чүйгө багыт алат. Жолдо кыргыздардан колун толуктап, аскери 12 миңге чейин жетет. Алымбектин кошуунунун курамында Жангарач баштаган солто, сарыбагыш манаптарынын, алардын ичинде Шабдандын да жигиттери болгон.

Алымбек Чүй өрөөнүндө Алымбек датка Ташкент беги Канат-шаа жетектеген кокон аскерлери менен жолугушат. Бул жерде бири-бирине баш ийгиси келбеген эки төбөл башкы кол башчылыкты талашышат. Натыйжада, азыркы Казахстандын Узун-Агач, Кара-Кастек, Каскелең өзөндөрүндөгү салгылашууларда Алымбек кошуунун кармашка кийирбей коюп, кокон армиясы чегинүүгө мажбур болгон. Алгач Кара-Кастекке койгон чабуулунун мизи кайтарылган соң, Узун-Агачта экинчи чабуул кылууну буйруган Канатка Алымбек кескин каршы чыккан. Кокон

ордосунун тарыхчысы Мулла Нияз: “Алымбек кыргыз менен Канат Шаа тажик кошуунга башчылык кылууну талашып, чатак башташты. Жаңжалдан улам Алымбек анжыян колу менен кыргыздарды майдандан алып чыгып кетип, салгылашуунун сыймык же маскаралык алып келүүчү тагдырын колунан чыгарды...”,— деп жазат. (Караңыз: *Бейсембиев Т.К.* “Тарих-и Шахрухи” как исторический источник. —Алма-Ата,1987. —122-бет.)

Алымбектин мындай чечиминин түпкү максаты, бүткүл кыргыз уруулары бириктирип, өз алдынча мамлекет куруу же кокон ордосун толук ээлөө болгон деп ойлойбуз. Ошондуктан, ал орус бийликтери менен ушул мезгилден баштап эле ымала түзүүнү көздөгөн. Анын биринчи шарты орус аскери менен согушпоо экендигин жакшы түшүнгөн. Орусияга жүз буруп турган Чүй, Ысык-Көл кыргыздарынын манаптарынын пикирлери да эсепке алынган. Узун-Агач салгылашуусунун алдында эле Жангарач, Байтик, Шабдан жана башкалар менен жолугушкан Алымбек үчүн кармашта Канат Шаанын жеңилиши ынгайлуу эле.

Узун-Агачтагы “күнөөсү” үчүн Алымбек куугунтукталып, ордого келбестен Алайда калган. Ал адыгине менен мунгуштардан кошуун жыйнап Коконго жүрүш жасайын деп ойлогон, бирок ага шарт болгон эмес. Ошондуктан, аркалык туугандарынан жардам издөө жана бир топ саясый иштерди жүргүзүү үчүн 1861-жылы жазында кайрадан Нарын чөлкөмүнө жөнөп кеткен. Алымбектин тоолук кыргыз туугандарынын арасында аброюнун өсүп бара жаткандыгынан кооптонгон Мала хан жарашуу үчүн аны ордого чакырган, бирок Алымбек хан жиберген адамдарды өлтүртүп, алардын артынан келген кошуунду да талкалап таштаган. Жай айларында Датка Үмөтаалы, Ажы, Төрөгелдиге жолугуп, аларды Коконго, белгилүү деңгээлде Орусияга да каршы үгүттөгөн. (Караңыз: *Кененсариев Т.* Кыргызстандын XIX кылымдын 50-70-жылдарындагы саясый өнүгүүсү. – Б.: 2009.-127-28-беттер.)

1861-жылдын июлунда Ала-Тоо округунун башчысы Сибирь корпусунун командирине “Алымбек менен Мала хандын душмандык мамилеси жөнүндөгү маалыматтар ырасталып жаткандыгын” билгизген. Орусия менен мамиле түзүүнү пландаган Алымбек тоолук кыргыз уруулары бириктирип, өз алдынча феодалдык ээлик же мамлекет түзүүгө аракеттенгендигин Батыш Сибирь генерал-губернатору А.О.Дюгамелдин 1861-жылдын 8-июнунда согуш министрине жазган каты бышыктайт. “Алымбек кара-кыргыздардын арасында калып, Ысык-Көл менен Кичи-Бухара аралыгында өз алдынча башкаруучу болуу оюнда бар окшойт, — деп жазат А.О.Дюгамель, — ошондуктан биз менен жакшы мамилеге өтүүнү көздөйт шекил...” Генерал А.О.Дюгамель Жети-Суу областынын башчысы Г.А.Колпаковскийге эгер Алымбек Орусия менен мамилеге кирсе, аны кубаттагыла деген көрсөтмө берген. Муну тышкы иштер министри А.М.Горчаков да, Александр II да жактырган. (Караңыз: Өзбекстандын борбордук мамлекеттик архиви.-715-ф.-1-оп.-25-иш.-94-98-баракчалар).

Түндүк кыргыздарын өз таасирине тарткан датка 1861-жылы күзүндө Фергана чөлкөмүнө кайтып келген. Бир катар сүйлөшүүлөрдүн, кеңештердин жана акыл калчоолордун, айрыкча Курманжандын жүйөөлүү пикирлеринин таасири менен Алымбек датка Теңир-Тоодо өз алдынча мамлекет куруу иши али эртерээк экендигин түшүнөт да, анын ордуна азырынча Кокон ордосун ээлеп, кыргыздардын саясий аброюн кайрадан көтөрүү чечимине келген.

Кайрадан Кокон ордосунда...

1862-жылдын февралында Мала ханга каршы козголоң уюштурулуп, кыргыз бийлери: Алымбек, Кыдыр, Касым, Кудайназар жана башкалар Мала ханды өлтүрүп, анын жээни — Сарымсактын уулу 15 жашар Шах Муратты такка олтургузушкан. (Караңыз: *Мулла Нияз Мухаммед*. Тарих-и Шахрухи. История владетелей Ферганы. —Казань, 1885.—108-бет.). Алымбек баш увазирдик орунду ээлеген. Ташкент беги Канат Шаа, Рүстөмбек баш болгон экинчи топ такка Кудаярды кайрадан отургузууну көздөшкөн. Канат Шаа Бухарага качып кеткен Кудаяр менен байланыш түзүп, аны Ташкентке чакырып, хан деп жарыялап жиберген.

Ошол кезде ичкилик кыргыз-кыпчак уруусунан чыккан белгилүү мамлекеттик ишмер, 1862-жылга чейин Маргалаң вилайетинин акими болуп турган молдо Алымкул Кудаяр тарапка өтүп кеткен. Анын аракети менен Кыдыр, Ырсалы сыяктуу кыргыз бийлери алгач бийликтен четтетилип, кийинчерээк тындым кылынган. Ал эми июль айында алдоо жолу менен ордого чакырылган Алымбек датканы Алымкул Чотон аттуу кыргыздын колу менен өлтүрткөндүгү изилдөөлөрдө белгиленет. (Караңыз: *Бейсембиев Т.К.* “Тарих-и Шахрухи” ...—123—124-беттер.) Г.А. Колпаковский 1862-жылы 25-июлда Батыш-Сибирь генерал-губернаторлугуна жиберген билдирүүсүндө:—“айтылуу Алымбек кара-букаралардын колунан өлдү”,—деп бекеринен айткан

эмес. (Караңыз: *Боотаева Б.* Кыргызы между Кокандом...—62-бет.). Кийинки тастыктоолордо Чотон баатырдын Алымбекти өлтүрүүгө катышпагандыгы жөнүндө баатырдын урпактары тарабынан санжыра таризиндеги маалыматтар да пайда болууда.)

Ал кезде Алымбек датка пайгамбар курагында, тагыраак айтканда 63кө эми эле чыккан болучу. 1858-62-жылдарда болуп өткөн Алымбек уюштурган бул саясий аракеттерде Курманжан анын эң жакын кеңешчиси, пикирлеши болуп, айрым бир чечимдерге өзүнүн ойлорун да кошкондугу маалым. Бир нече жолку кооптуу учурларда Кокондон алган кабарлардын натыйжасында күйөөсүн эскертип, өлүмдөн алып калгандыгын изилдөөлөр тастыктайт. Бирок, кыргыз мамлекетин түптөйм, эч болбоду дегенде Кокон тактысын ээлеп, кыргыз элинин биримдигин камсыз кылам деген Алымбектин стратегиялык максаттары ишке ашпай калды...

Курманжан датканын ишмердигинин биринчи доорун жыйынтыктап жатып (1832-1862), анын ал мезгилде жан шериги Алымбектин пикирлеши, абройлуу кеңешчиси жана жардамчысы боло алгандыгын белгилөө зарыл. Курманжандын акылын жана саясий сезимталдыгын Алымбек датка терең баалаган, анын кеңешине көп убакта макул болгон. Курманжандын жөндөмүнө ынанган Алымбек кийинчерээк Анжиян вилайетиндеги чарбалык милдеттерди бүтүндөй аялына ишенип, калтырып турган. Алымбек менен 30 жылга жакын ыстыкоомат кылган мезгилде Курманжан датка акырындык менен Фергана өрөөнүнүн чыгыш жагындагы элет элинде таанылып, саясий жана коомдук ишмер, ири тарыхый инсан болуп чыга келген. Уруулук талаш-тартыштар, жер-сууга, жайыттарга, жайлоого байланышкан түрдүү чарба маселелерин чечип алуу үчүн ондогон адамдар Курманжандын кабыл алуусунда кезек күтүп тургандыгын көрүүгө болор эле.

Экинчи доор - Курманжан датка саясий ишмер

Курманжан датканын саясий ишмердиги деп аталган экинчи олуттуу доор 1862-76-жылдарды камтыйт. 1862-жылы Алымбек датканын бөөдө өлүмү Курманжан айымды муңкураткан эмес. Эл кызы эсептелген айым белин бекем бууп, жетим калган уул-кыздарын тумшуктууга чокутпай аман-эсен асырап, ээсиз калган элине баш-көз болуп, аларды уюштурууга да чамасы келген.

Эл биримдигин жана тынчтыкты камсыздоо

1862-жылы эле Кудаярды экинчи жолу такка олтургузуу мезгилинде Кудаярга жардам берген Бухара эмири Сейит Музаффар Эд-дин Ошко чейин аскерлери менен келген. Курманжан аларды өгөй уулу Жаркынбай (кай бир изилдөөлөрдө кайниси) жана башка балдары, тургундары болушуп, Оштон кастарлап тосуп алышкан.

Бул келүүнүн негизги максаты Алай тараптагы кыргыздардан Кокон хандыгына таяныч издөө болуп, ал 1862-жылы өлгөн Алымбектин ордун басчу адамга датка деген наам ыйгаруу аркылуу ишке ашмак. Алгач бул наамды Курманжандын кеңеши боюнча ошол кезде Ош вилаятынын акими болуп турган Жаркынбайга сунуш кылышкан. Бирок, Жаркынбай бул даражаны алып жүрүүдөн караманча баш тартат. Мындан биз Жаркынбайдын Курманжандын аброюн жана сөөлөтүн сыйлагандыгын, Алымбектей улуу инсандын жесири тирүү кезинде жөнөкөй адам эсептелген өзүнүн датка наамын алуусу уят, намыс деп түшүнгөндүгүн байкайбыз. Жаркынбайдын бул чечимин Алымбектин туугандары Осмон, Өмүрбек, Акимбай жана башка бийлер туура көрүшөт. Бийлик үчүн кырылышкан ордо адамдарынан айырмаланган, түпкүрүнөн кашкөй, тоолук бийлердин бул жоругу Музаффарды ого бетер таң калтырат.

Ошентип, Кокон бийлигине таяныч түзүү жана кыргыздардын каныкесин өз жаатына тартуу максатында Музаффар менен Кокон ханы Кудаяр Курманжанга "датка" деген наамды ыйгарууга аргасыз болушкан. Ислам дининин Орто Азиядагы түркүгү болуп саналган Бухара-и Шарифтин шайх-уль-Исламынын ыйык фатвасы (шарыятка ылайыкталган бүтүм, чечим) жана Музаффардын өзүнүн буйрукнаамасы боюнча Курманжан эми “датка” аталат. “Датка” деген наам түпкүрүндө бухаралык чин болгон. Фарсиче "доххох" деген сөз "адилеттүүлүк" деген маанини берип, мындай наам алган адам эң оболу тигил же бул вилаеттын диний көсөмү болуп саналчу. Ал элден чыккан араздашууларды шарият жолу менен чечип, арыздарды жана даттанууларды карооо тийиш эле. Бир эле учурда датка хандын вилаеттеги өкүмдар өкүлү, акими, аскер башчысы катары да таанылган. Кокон хандыгынын тартиби боюнча датка наамы мамлекетте он гана кишиге берилип, жылына миң теңге жана 200 батман буудай ыйгарылып турган.

Дворяндык тарыхчы М.А.Терентьев датка титулун генералга тете баалаган. (Караңыз: Терентьев М.А. История завоевания Средней Азии.-Т.1.-СПб.,1906.-248-б.; Т.2.-412-б.) Ал эми Кокон хандыгынын тарыхын жакшы билген изилдөөчү А.Кун болсо датка титулунун жергиликтүү маанидеги генерал-губернатордукка тете административдик кызмат орун экендиги жөнүндө пикирин жазган. (Кун А.Л. Очерки Кокандского ханства.YYИзвестия РГО.-Отд.2.-Т.12.-СПб.,1896). Белгилүү казак агартуучусу Ч.Валиханов "датка" наамы ранг боюнча табелде хандыктагы төртүнчү даражадагы кызмат орунга туура келерин ырастаган. (Караңыз: *ВалихановЧ.Ч.* Собр.соч.-Т.3.-Алма-Ата.-1985.-379-б.)

Салт боюнча Борбор Азиядагы үч хандыктын ар биринде бир эле учурда 10 адам "датка" наамын алып жүрүүгө тийиш болгону менен, XIX кылымдын ичинде бул салт бузулуп, датка наамын алуучулар саясий чечимдер менен ишке ашырыла баштады. Тарыхый маалыматтарга караганда кыргыздардын арасынан 1804-1876-жылдар ичинде «датка» намын алгандар төмөнкүлөр болгон: Ажыбек же Аспердин (саруу) Таластан, Алымбек (адыгине) Алайдан, Кедейбай (саруу) Аксыдан, Сарымсак (багыш) Аксыдан, Шер (кутлук-сейит) Аксыдан, Медет (саяк) Жумгалдан, Гаиб (мунгуш) Алайдан, Бозой (ичкилик) Бадахшандан, Маргалан менен Коженттин чөлкөмдөрүндө жашаган ичкилик кыргыздарынан Молдо Тойчу, Шапак, Сейитбек, Болот, Касым, Тилла, Каракул, ал эми Чүйдө жашаган кыргыздардан Айдарбек.

Орто Азия жана түрк элдеринде аялдан датка даражасын алып жүрүү дегеле тарыхта болгон эмес. Курманжанга аял да болсо мындай наамга ээ болуу, анын тарыхтагы ордунун өтө жогору экендигин дагы бир жолу ырастап турат. Ушул окуядан кийин Курманжан «датка» аталып, хандыктын саясий иштерине аралашкан, ордодо жолугушууларды өткөрүп, ханга кеңеш айта алган. Маанилүү саясий, эл аралык маселелерди чечүүгө аралашкан. Эң негизгиси, Алымбектен керээз катары калган эл биримдигин камсыздоо идеясын улантканы. Албетте, бул кырдаалда кыргыз мамлекетин түптөөгө шарт да, күч да болбогондугу чындык. Ошондой болсо да урууларды чатакташтырбай, тоолук кыргыздардын намысын ылдый түшүрбөй, Кокон хандарынын эзүүсүнө керек болсо жапырт көтөрүлүп, тыштан келген коркунучтарга каршы бирдикте күрөшүүнү уюштуруу Курманжан датканын колунан келет болучу.

1860-жылдардын биринчи жарымында Орусия империясынын Борбордук Азига карата саясий-колониялык экспансиясынын күчөшүнө байланыштуу Кокон хандыгында абал татаал эле. Жогор жакта белгиленгендей Кокон ордосуна саясий ишмер Алымкулдун келиши Фергана кыргыздарынын жандыктагы саясий аренага көтөрүлүүсүнүн эң жогорку чеги болгон. 1863-жылы июнь айында Алымкул жетектеген кыргыз-кыпчактар Коконду камоого алган. Шахрисябзда башталган көтөрүлүшкө байланыштуу Кокондон чыгып кеткен Музаффардын жоктугунан пайдаланып, Алымкул ордону ээлеген. Кудаяр хан экинчи жолу качкан. Бийлик кыргыз-кыпчактарга тийип, 1863-жылы 9-июль күнү Малабектин 12 жашар уулу Султан Сейит такка олтургузулган. Кыргыз-кыпчактардын жамаатындагы эң таасирдүү мамлекеттик ишмер жана таланттуу кол башчы, кыргыздын чыгаан уулу Алымкул Султан Сейитке Аталык (регент) дайындалып, иш жүзүндө хандыкты башкарууну толук өз колуна алган. Ошол мезгилде Маргалаңда бектик кылган Мырзакматтын сөзү боюнча 1863-жылы Алымкул Асан бий уулу 34 жашта, ал эми Султан Сейит 23 жашта болгон. (Караңыз: *Веселовский Н.* Бадаулет Якуб-Бек. Аталык Кашкарский.—СПб.,1898.—90-бет.) Алымкул лашкер башынын тарых-таржымалы, ишмердүүлүгү Т.Кененсариевдин изилдөөсүндө кеңири берилет. (Караңыз: *Кененсариев Т.* Алымкул аталык.-Ош,1999.-72 бет.)

Алымкул 1863-65-жылдарда Кокон хандыгынын ички экономикалык, чарба жана маданий иштерине көп көңүл бура алган эмес. Анткени, күндөн-күнгө күч алган Орусиянын экспансиясына каршы туруп, хандыктын көз карандысыздыгын сактап калуу эң биринчи милдет эле. Алымкул административдик жана аскер реформасын жүргүзүп, Кокон хандыгынын тышкы экспансияга каршы турууга мүмкүнчүлүгүн бекемдеди. Сепилдерди оңдоттуруп, чек араларды чыңдады. Түштүк Казакстандагы бир катар согуштарга туруштук берип, кай бир салгылашууларда (мисалы Икан салгылашуусу) убактылуу жеңишке жетишти. Алымкул "Амир Лашкер Алымкул" наамына татып, анын эрдиктери жөнүндө легендалар түзүлдү. Бирок, европалык деңгээлде куралданган басып алуучуларды токтотууга күчү жетпеди. Ошентип, генерал М.Г.Черняев баштаган орус армиясы 1865-жылдын башында Ташкенге кирип келди.

1865-жылдын жазында Кокон хандыгы менен Бухара эмиратынын ортосундагы кезектеги жаңжалдын башталышын ыңгайлуу учур деп санаган генерал 29-апрелде Ташкентке жакын турган Ниязбек чебин басып алып, шаарды суудан жана эгинден бөлүп салган. Ташкентти

коргогон Алымкул лашкер башынын негизги күчтөрү менен орус аскеринин ортосунда 9-май күнү катуу салгылашуу болгон. Кандуу кармашта Алымкул аталыктын оор жарадар болушу жана өлүмү кокон күчтөрүнүн чегинүүсүнө алып келген. Баш аламан түшкөн шаарга 14-15-июнь күндөрү штурм жасалып, 17-июнь күнү Ташкент каратылган.

Көрүнүктүү мамлекеттик ишмер, таланттуу кол башчы жана кыргыз элинин ичкилик кыпчак уруусунан чыккан белгилүү тарыхый инсан Алымкул аталык 1865-жылы 10-май күнү Ташкенттеги Шейхантаур мүрзөсүнө коюлган. Алымкул менен кошо Ташкентте жүргөн Султан Сейит хан эмне кылаарын билбей карбаластап калган учурда кошуундун негизги сокку уруучу күчүн түзгөн Фергана кыргыздары менен кыпчактар жаш ханды таштап, кыргыз кол башчысы Бекмаматтын жетекчилиги астында Коконго карай жөнөгөн. (Караңыз *Мухаммед Салих Кори Ташкенди.* Новая история Ташкента./Рукопись № 7791 Института востоковедения АН Узбекистана.//Ташкент, ташкентцы и Россия.—Ташкент,1965.—147,151,154-беттер.). Натыйжада Ташкентте эки жаамат түзүлгөн. Оруска жүз бурган жаамат шаарды орус аскерине өткөрүп берүүнү ойлогон. Ал эми Кокон амирлигинде калууну көздөгөн жаамат кокон аскерлеринин тарап кете элек бөлүктөрүнөн шаарды коргоп калуусун суранышкан.

Султан Сейит Бухара эмиринен жардам сурап кайрылганы менен, көп узабай ал эмирдин атайын жиберген тыңчыларынын колунан каза тапкан (Караңыз: *Наливкин В.* Краткая история Кокандского ханства.—Казань, 1886.—202-бет.) Хансыз калган Кокон мамлекетинин тактысына эми Кудаяр үчүнчү жолу умтулган. Бухара эмиринен жардам сурап, ага байлыгынын төрттөн бирин өткөрүп бермекчи болгон. Ал эми Ташкенттен Фергана өрөөнүнө келишкен кыргыз-кыпчак кошуунунун төбөлдөрү Кокондон 30 чакырым түндүгүндөгү Сарай деген жерде бир аз кеңешүүдөн кийин Ыкын мырза деген кыргыз аскер башчысынын сунушу менен Кокон амирлигинин негиздөөчүсү Шахрух бийдин (1709-1722) үчүнчү уулу Шады бийдин урпактарынын бири 16 жашар Кудайкул бекти хан көтөрүшкөн.(Караңыз: *Бобобеков Х.* Тарихимиздаги конли излар.//Мерос.—Ташкент,1991.—270-бет.) Кудайкул Кокондо кур сатчу жана аны менен Ыкын мырза жакшы тааныш эле. Кудайкул тарыхта Белбакчы хан деген ат менен да белгилүү. Тез аранын ичинде Кудайкул Кокондон алдырылып, кыргыз-кыпчак кошууну шаан-шөкөт менен ордого кирген. Баймат кыпчак миң башы дайындалып, Ташкентке жүрүш жасоого даярдык көрүлө баштаган.(Караңыз: *Наливкин В.* Краткая история Кокандского ханства.—Казань, 1886.—202—203-беттер.)

Жаңы хан орустарга каршы күрөшүү үчүн элге 100 миң дилде каражат чогултууга буйрук берип коюп, кыргыз-кыпчак кошууну менен 14 күн Кокон шаарында тургандан кийин Ташкентке карай жөнөгөн. Аңгыча Бухара эмири менен Кудаяр хан Кожентке кирди деген кабар угулган. Ушуга байланыштуу кыргыз-кыпчак кошууну кайрадан Коконго кайтууга мажбур болуп, бир аздан соң ордодон артиллерияны алып чыгып кеткен. Көчмөндөр Маргалаңда турганда бош калган шаарды кокондуктар эми өзүлөрү тоноп киришкен. Хан ордосу катуу таланган. 1865-жылы 15-июль күнү эмир Музаффар Коконго кирген. Ошол күндөрү бир нече жолу кыргыз, кыпчак кошууну Коконго чабуул койгон, бирок, шаарды ала алган эмес.

Алдаяр бектин башчылыгындагы эмир Музаффардын жакшы куралданган армиясынын чабуулунун астында кыргыздар жана кыпчактар Фергананын чыгышына карай Ош аркылуу Мады кыштагына чейин согуш менен чегинип келишкен. Кудаяр хандын башчылыгындагы экинчи жолку жазалоо отряды менен сентябрь айында болгон кагылышта кыргыз-кыпчактардын кошуунунун басымдуу көпчүлүгү талкаланып калган. Аман калган 7000дей атчан, 400дөй жөө сарбаз жана 30 замбиректен турган артиллерия Белбакчы ханды коштоп, кыргыз Ыкын мырза, Алымкул өлгөндөн кийин кокон аскерине башчылык кылган кыргыз паңсаты Бекмамат, Ташкент вилайетинин мурунку беги Мырза Акмат кушбеги, кашкардык Бузурук хандын эки ата өткөн тууганы Катта Төрө болушуп Кашкарды карай жөнөп кетишкен болучу.

Алардын артынан 12 миңдей жеңил куралданган кол менен кууган Кудаяр хан Сопу-Коргон ченде качкындарга жеткен да, кармашта Белбакчы хан менен кыргыздардын бир бөлүгү Чоң-Алай тарапка, ал эми кыпчактардын жана кыргыздардын 3-4 миңдей тобу Терек-Даван аркылуу Кашкар тарапка ооп кеткен. Замбиректери менен кача албай калган сарбаздар жана 800гө жакын жоокерлер колго түшкөн. Кудаяр хан жеңиш менен ордого кайткан.(*Караңыз: Куропаткин А.* Исторический очерк...//ВС.—1878.-—№ 1.—Ч.1.—115—117-беттер.). Ошентип, Кудаяр хан 1865-жылы үчүнчү жолу такка олтурган.

Мындай татаал абалда Курманжан датка тактикалык чегинүү жасоого мажбур болду. Кокон аскерлерине каршылык көрсөтүүнү токтотуп, Курманжан датканын кеңеши менен кыргыз

бийлери жоон топ өкүлдөрүн ордого жөнөтүшмөк болушту. Курманжан датка уулу Абдылдабекти кошо алып, өкүлчүлүктүн башында 1865-жылдын күзүндө Коконго келген. Кудаяр хандын апасы Жаркынайым (Хаким Айым) менен Курманжан те Шералы хандын заманынан бери эле ынак, сырдаш болуп, Кудаяр бала кезинде эле Курманжанды жакшы билчү. Ошондуктан Хан коноктору ызаат менен тосуп алган жана мөөр ойдуруп, экинчи жолу Курманжанга датка наамын тастыктаган мыйзам чыгартып, кымкап чапан жаптырып, баалуу белек бердирген. Датка катары диний жана жергиликтүү бийлик жүргүзүү боюнча кошумча укуктарды ыйгарган. Хандын жаңы жарлыгына ылайык Курманжан датканын Алай, Ош аймактарындагы мамлекеттик бийликтин өкүлү катарында укугу такталып кыйла кеңейген.

Жаркынайымдын жардамы аркасында уулу Абдылдабекти Ташкент аймагында орус аскерлери менен айкаштардын биринде көз жумган Жаркынбайдын ордуна Оштун акими кылып дайындаткан. Ордо айымдары аркылуу саясий жактан кайрадан жогорку аренага көтөрүлгөн Курманжан датка Алымбектин аткарылбай калган мүдөөлөрүн колдон келишинче ишке ашыруу максатында ордо адамдарын колго алып, XIX к. 60-жж. аягына чейин алар менен такай катташып, Кокон хандыгынан кол үзгөн эмес.

Жалпы жонунан 30 жыл бийликте турган Кудаяр хандын кыргыз таякелерине болгон мамилеси эки жактуу мүнөздөлгөндүгүн тарыхый маалыматтар далилдеп турат. Жаш кезинен кыргыздардын арасында чоңойгон Кулаярдын жүрүш-турушунда, сүйлөө манерасында кыргыздарга мүнөздүү белгилер сакталып, ордодо жашагандан зеригип, көбүнчө кыргыз нөкөрлөрү менен тоо тарапта куш салдырып, тайган агыткан аң уулоолорду уюштурган мисалдарын изилдөөчүлөр жазып калтырышкан. Көп учурда “чектен чыккан тентектиктерди” уюштурган кыргыз таякелеринин күнөөлөрүн, сүйүктүү апасы Жаркынайымдын кеңеши менен кечирип да койчу. Ал энеси Жаркынайымды өзгөчө сыйлаар эле. Ордодо кышын-жайын тигилип турган ак өргөөдө жашачу Жаркынайымга дайыма эртең менен ызааттап салам айтчу да, анын ыраазылын алгандан кийин гана ордо ишине кийлигишчү дешет изилдөөчүлөр. (Караңыз: *Алибеков М.* Домашняя жизнь последнего кокандского хана. //Ежегодник Ферганской области.— Новый Маргелан, 1903. —Т. —2.— С.79—117, жана башка Кудаяр ханга байланыштуу адабияттар). Бирок, ордодогу кутумдук турмуш, интригалар, сартиййа өкүлдөрүнүн кытмыр кеңештери аны бузуп, акырындык менен Кудаяр ханда тоолуктарга каршы мамиле калыптана берген.

“Хан тагасы” аталган аксылык кыргыздарга анын мамилеси негизинен түз болучу. Кокон тарыхында аларга карата кескин саясат катталган эмес. Бирок, Ферганандын чыгыш жана түштүк-батыш бөлүгүндөгү кыргыздар менен 1845-жылдагы Ош көтөрүлүшүнөн баштап эле курч мамиле негизинен өкүм сүрүп келди. Буга Алымбек датканын XIX кылымдын 40-жылдарынын экинчи жарымындагы, айрыкча 60-жылдардын башындагы саясий ишмердиги, ичкилик кыргыздарынын ана башчысы Алымкулдун 1863-65-жылдардагы саясаты чоң роль ойногон. Мындай кескин мамилени хан энеси Жаркынайым (Хаким айым) менен көңүлү жакын болгон Курманжан датка көп учурда жумшартып турчу. Бирок, Кудаяр хандын элге, негизинен элеттик кыргыздарга каршы саясаты айрыкча 1867-жылы энеси Жаркынайым өлгөндөн кийин күчөп кеткен жана ага жооп кылган элеттик кыргыздардын кыжырданууусуна алып келген. Ошентип, Ош аймагы менен Алай өрөөнүндө кадыр-баркы хан-бектерден кем эмес Курманжан ошондон кийин ордого көп барбай калган.

XIX кылымдын 60-70-жылдарында Курманжандын даңкы жана аброю Ферганага гана эмес Орто Азияга тарап, Фергана чөлкөмүндө Курманжандан өткөн таасирдүү адам болгон эмес. Датканын ошол кездеги ээлеген орду жөнүндө орус саякатчылары: “Бухара эмири Музаффар, Кашкар ханы Жакыпбек, Кокон ханы Кудаяр Курманжан даткага ызат-урмат менен мамиле жасашкан. Ал тургай, жыл сайын өздөрүнүн көптөгөн элчилерин, белек-бечкектери менен жөнөтүп турушкан. Датканын балдары эл башкаруудагы анын ишенимдүү жардамчылары эле. Алай канышасынын тун уулу Абдылдабек, кийинкилери Мамытбек, Батырбек, Асанбек жана Камчыбек, ошондой эле небереси Мырзапаяс көчмөн элдин кадырман уулдары болушкан”. (Караңыз: *Тагеев Б.Л.* Памирский поход.//Исторический вестник.1898.-Т.73.-132-б. Текст *Т.Өмүрзакованын* Курманжан датка: Доор. Инсан. Ишмердүүлүк.- Б., 2002, деген китебинин 147-бетиндеги котормосунан алынды.

XIX кылымдын 60-жылдарында Курманжан датканын коомдук ишмердиги негизинен Ош шаарынын чегинде болгон. Ал Ошко көп келип, андагы Ак Ордодо (Ак өрөөлөрдөн турган ордо) адамдарды тээ Алымбектин мезгилиндей эле кабыл алчу. Эл болочогун таасын баамдаган

Курманжан датка Ош шаарын ыйык тутуп, анын геостратегиялык маанисин жакшы түшүнчү. Улуу Жибек жолунун бир тармагы мурдагыдай эле Оштон өтүп, Кокон хандыгында шаардын экономикалык мааниси да жогору эле. Анын үстүнө Курманжандын кичи мекени Ороке кыштагынын Оштун оро-парасында жайгашкандыгынын да чоң мааниси болгон. Кийинки маалыматтар тастыктагандай Курманжан датканын болочок аброю, саясий жана коомдук ишмердиги так ушул ыйык Сулайман Тоонун айланасында жайгашкан Ош шаары менен тыгыз байланышта өнүккөн.

Курманжан өзүнүн "датка" наамына байланышкан коомдук-саясий милдеттерди жыл бою үзгүлтүксүз аткарчу. Күз жана кышкысын Ошто, Мадыда жашап, жаз жана жайда Гүлчөдөгү жайкы резиденциясында жана Алай тоолорунун бийик жайлоолорунда тынымсыз эл арасында болуп, алардын арыз-муңун укчу, адилеттикти издеген жүздөгөн адамдарга кеп-кеңешин айтып, маселелерин чеччү. Курманжан датка жашаган айыл чынында көчүп жүрүүчү элеттиктерди тартып турган кандайдыр бир борборго айланып калгандыгы эл оозунда айтылып, ал жөнүндө легендалар куралган. Муну изилдөөлөр тастыктап турат.

Фергана өрөөнүн басып алганга чейин эле Кокон хандыгына, Ошко келишкен бир катар орус ориенталисттери Курманжан датка жөнүндө кеңири маалымат алышып, аны таанып калышкан. Мисалы, XIX кылымдын 60-жылдарынын экинчи жарымында бул жерлерде болушкан бир катар саякатчы-чалгынчылар: чалгынчы Шафгаузен-Шенберг Д.Н.Шауфус (1868), изилдөөчүлөр А.П.Хорошкин жана А.Кун (1868), сүрөтчү В.В.Верещагин (1869), табият-таануучулар Иванов жана И.И.Краузе (1868, 69), саякатчылар К.В.Струве (1870) жана А.П.Федченко (1871), европалык ориенталисттер Друцкий жана Адамоли (1971), ошондой эле англиялык чалгынчы Маджид (1865) өз эмгектеринде Ош жергеси жана анын кожоюну Курманжан датканы эскеришет. Мисалы, 1871-ж. Алайга келген илимпоз-саякатчы А.П.Федченко Курманжан датканы мындайча баалайт: "Алайда кокондуктардын бийлиги күчтүү эмес. Ал жерде кыргыз аял Мармаджан-датха башкы авторитет болуп эсептелет… Ал өз алдынча уруусун башкарат, эң чоң кадыр-баркка ээ: биздин жигиттер ал жөнүндө улуу урматтоо сезими менен гана айтышты. Хан өзү аны сыйлайт жана Коконго келгенде аны кадырлуу бек катары кабыл алат" (Караңыз: *Федченко А.П.* Путешествие в Туркестан. Т.1. Ч.II. В Кокандском ханстве. //Известия Общества Любит. Естеств., Антропол. и Этногр. при Московском унив-те. Т. XI. Вып. 7. – СПб, 1875. 96-бет).

Азаттык күрөштөрдүн чордонунда

Курманжан датканын журт башылыгы, анын азаттык менен эл биримдигин туу туткан мекенчилдиги, 1873-76-жылдардагы Фергана өрөөнүндөгү элдик кыймылдын мезгилинде өзгөчө көрүнгөн.

XIX кылымдын 70-жылдарынын башында Курманжан датка Кудаяр хандын реакциялуу саясатына нааразылык билдирген жана антифеодалдык элдик кыймылдын башталышына үн кошкон. Тун уулу Абдылдабектин Кудаяр ханга каршы кыймылына бата берген. Курманжан датка 1873-76-жылдардагы элдик кыймылда алгач адилетсиз хан бийлигине каршы күрөшүп, көтөрүлүштүн айтылуу жетекчилери: Шер датка, Мамыр Мерген уулу, Абдымомун, Оморбек датка, Орозаалы, Молдо Ашыр сыяктуулар менен алака түзгөн. Тун уулу Абдылдабек кыймылдын жалпы жетекчиси, ичкилик кыргыздарынын бостон уруусунан чыккан Искак молдо Асан уулу Полот хандын жакын жан-жөкөрү болуп, Орусия баскынчылыгына акыркы күндөргө чейин жан аябай күрөшкөн. Курманжан датканын мындай чечими улуу Алымбектин эл биримдигин биринчи орунга койгон керээзин аткаруу болучу. Көсөм жана даанышман Курманжан датка эл башына түшкөн кыйын кезеңде азаттыкты туу тутуп, чыгаан баатырлардын башын коштуруп, жалпы чечимдердин негизинде гана иш жүргүзүү элдин келечеги камсыз кылаарын жакшы түшүнгөн.

Бирок, 1873-74-жылдары антикудаярдык мүнөздөгү, ал эми 1875-76-жылдары антиколониалдык маанидеги зор кыймыл Кокон хандыгынын жоюлушу менен (1876-жыл, 18-февраль) аяктады. Искактын жан-жөкөрү Абдылдабек 1875-жылдын октябрынан 1875-жылдын январына чейин Кокон шаарынын комендanты болуп туруп, Кудаяр хандын мураскери Насирдин бектин кошуундарын, орус жазалоочуларын шаарга киргизбей коргоп турган. Искак январдын аягында Алай тоолорун карай качканда гана Коконду таштап кетүүгө аргасыз болгон. 1873-жылы күзүндө Аксынын Сафед-Буланында, андан кийин 1875-жылдын 27-сентябрында Ботокарада эки жолу хан көтөрүлгөн Искак Асан уулу Полот хан кармалып, 1876-жылдын 1-мартында Маргаланда жаңы орус бийликтери тарабынан дарга асылган. (Караңыз: *Кененсариев Т.*

Кыргызстандын Орусияга каратылышы.-Б.,1997.-279-305-беттер. Ошол эле автор. Искак Асан уулу Полот хан.-Ош, 1997).

3 жылга созулган зор кыймыл жеңилип, Кокон хандыгы Орусияга каратылса да, азаттыкты туу туткан Абдылдабек антиколониялдык күрөшүн токтоткон эмес. 1976-жылдын биринчи жарымында орус баскынчылары менен Алайдагы кармаштарда Курманжан датканын тун уулу Абдылдабектин ролу зор. Алайлык кыргыздар Абдылдабектин жетекчилиги астында 1876-ж. жаз, жай айларында падыша аскерлерине чечкиндүү каршылык көрсөтүштү. Курманжан датканын конушу көтөрүлүшчүлөрдүн кадимки штабына, ал эми Алай тоолору кезектеги боштондук кыймылынын согуш майданына айланган" (Караңыз: *Өмүрзакова Т.* Курманжан датка: Доор. Инсан. Ишмердүүлүк.- Б., 2002.-127-б) .

Орус жазалоочу отряды менен кармаштын эң ирилеринин бири Гүлчөдөн 25 чакырым түштүктө жайгашкан Жаңырык капчыгайында болгон. Абдылдабек, Оморбек, Сулайман удайчы, Танукул паңсат, Валихан төрө жана башкалар олжоке, көкчө, сарттар урууларынан чогулган ири кошуун менен коргонууга ыңгайлуу өңүт даярдашып жатышкан. Бир жарым миң чамалуу кыргыз көтөрүлүшчүлөрү таштан үч айланта чеп куруп, түп жагына лагерин жайгаштырган. Анда Курманжан датка да болгон. Абдылдабектин кошуунунда эч кандай замбирек, алыс атар мылтык жок эле. Түтөтмө мылтык да сейрек болуп, жигиттер негизинен кылыч, айбалта, найза, чокмор менен гана куралданышкан болучу.

Жаңырык капчыгайында коргонуп жаткан Абдылдабектин кошуунун талкалоонун алай кыргыздарын орус букаралыгына өткөрүүдө гана эмес, Фергана өрөөнүндө орус бийлигин бекемдөөдө да чоң мааниси бар эле. Ошондуктан М.Д.Скобелев бул кармашты өтө тыкандык менен уюштурган. Эки тарап эрегишкен чечүүчү салгылашуу 25-апрелде түшкө маал башталып 3 саатка созулду. Абдылдабектин коошуну кармаш учурунда жоонун бир нече жолку чабуулунун мизин майтарып, катуу каршылык көрсөттү. Бирок, мөндүрдөй жааган окко туруштук бере албай, мындай кармашты мурун көрбөгөн, “кара-келтек” кыргыз кошууну түшкө чейин созулган катуу салгылашуудан кийин чегинүүгө аргасыз болду. Курманжан датка баштаган улгайган адамдарын алдыга жөнөтүп, коргоно кармашып олтуруп, Абдылдабек Алай тоолорунун бийик жайлоолорун карай чегинди. Кыргыздардан 150дөй киши набыт болду, Эч ким жан соогалаган жок. Оор жарадар болгондордон гана 3-4 киши туткунга түштү. (Караңыз: *Кененсариев Т.* Кыргызстандын Орусияга каратылышы.-Б.,1997.-285-86-беттер.)

Жаңырык салгылашуусунан кийин Абдылдабек тынчып калган жок. Ал жан-жөкөрлөрү, пикирдештери менен алгач Кызыл-Арт, Көк-Суу сыяктуу бийик жайлоолордо жашынып жүрүп, май айынын акырында Кара-Кулжа, Өзгөн, тарапка жыла баштаган. Июнь, июль жана август айларында Алай тоолорунда, Өзгөндүн, Кара-Кулжанын чөлкөмдөрүндө, Исфайрам өзөнүндө болгон кармаштарда элдин эрки курчуп, азаттыктын урааны урууларды бириктирип, алайлыктар “бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарышты”. Алай тоолорунун батыш элеттеринде абагат уруусунун бийи Орозаалы, кожентик кыргыз Каракозу, тажиктерден исфаралык Хабиб-Эшен жана өзбектерден кокондук Калма-Юнус, лейлектик кыргыздардын абагат уруусунан Абдырахман, Осмон жана Эрманбет паңсат жетектеген козголоңдор катталган.

М.Д. Скобелевди айрыкча Абдылдабектин тобу кызыктырган. Себеби, анда көтөрүлүшчүлөрдүн саны көп эле. Анын үстүнө Абдылдабек башка кыймылдарды координациялап турган. Июлдун биринчи жарымында анын колу эки миңден ашып, ага Абдыкеримбек кошулган. 12-июлдун түнү көтөрүлүшчүлөрдүн бир бөлүгү Гүлчөдөгү орус аскерине кол салып, анда капитан А.Н. Куропаткин колунан оор жарадар болгон. Бул кырдаалда М.Д. Скобелев бир нече отряддын коштоосунда Абдылдабекке каршы жөнөгөн. Анын отрядында орус генералдарынын чакыруусу менен Түштүккө келген Шабдан Жантай уулу жана анын 25 жигити да бар эле. М.Д. Скобелев, Абдылдабекти үгүттөө менен баш ийдирүүгө аракеттенип, 21-июлда багынып берүүнү талап кылган кат жиберген. (Караңыз: *Кененсариев Т.* Кыргызстандын Орусияга каратылышы.-Б.,1997.-293-95-беттер.)

М.Д.Скобелев 20-21-июль күндөрү алайлык кыргыздарга эки мазмундагы чакырыктарды тараткан. Алардын 27 нускадан турган биринчи түрүндө М.Д.Скобелевди Алайда тынчтык орнотууга жарым падыша өзү жибергендиги, көтөрүлүшчүлөргө жардам бергендиги үчүн адыгине, сарттар урууларынын мал-мүлкү тартылып алынары, эгер “каракчыларга” кимде-ким дагы көмөк көрсөтө берсе дагы ушундай болору, тартипти орнотууга, “шайкаларды” жок кылууга кол кабыш кылгандарга ак падышанын жана жарым падышанын ырайымы жарыялана тургандыгы жазылган. (Караңыз: ЦГВИА РФ.—1396-ф.—2-оп.—97-иш.—153-барак.)

Ал эми алайлык кыргыздардын жапалак, төлөйкөн, жоош, качыбек, көкчө, бөрү, жылкелди, көк-жатак, кушчу, тооке, баргы, бакал, субай, олжоке, жору, сарттар, карабаргы, сарыбаргы, тазбаргы сыяктуу 19 уруунун бийлерине багышталган чакырыктардын экинчи түрүндө жогоркудай мазмундагы сөздөрдөн кийин уруу башчылары Чупан-Ата, Зара-Булак, Хива, Махрам, акырында Анжыян кыргындарын эстеп коюуларын, эгер алар кол куушуруп М.Д.Скобелевдин алдына келишсе, “аман” жарыяланарын (Орусияга куралдуу каршылык кылууну кечүү) айтып, Абдылдабек, Абдыкерим бек сыяктуу адамдарды кармап, аларды тирүүбү же өлүүбү, айтор орус бийликтерине тапшырышса, урматтуу таксырдын жана жарым падышанын ырайымына калары эскертилген. Чакырыктарды таратууга туш-тушка киши чаптырылган.

М.Д. Скобелевдин Абдылдабекке багынып берүү жөнүндө жазган катынын, ал катка берген Абдылдабектин жообунун тексттери архивдерде сакталып калган. Каттар ошол мезгилдеги Алайдагы саясий кырдаалды таасын сүрөттөп, Абдылдабектин сөздөрүнөн алай кыргыздарынын Орус баскынчылыгына карата мамилесин так түшүнсө болот.

1876-жылдын 21-июлунда М.Д.Скобелев Оштон үч жигит коштогон Шабдандын иниси Абдрахмандан Абдылдабекке кат жиберген. Катта: “*Абдылдабек датка. Сизге Абдыкеримбекти жаныңызга алып, адамдарыңыз менен ыктыярдуу түрдө бизге келишиңизди сунуш кыламын. Сиз жеңилбес орус армиясын тоолор да, суулар да, душмандар да токтото албасына, алардын алдында өзүңүздүн да туруштук бере албашыңызга көзүңүз жетти. Ошондуктан Сиз качандыр бир кезде колго түшмөйүнчө качкын болуп жүрө бересиңиз айкын. Эгер Сиз багынып берсеңиз, анда “Жарым падышанын” улуу боорукердигине жана ырайымына бөлөнөр элеңиз! Чынында өзүңүз баарын жакшы түшүнөсүз...”*—деп жазылган. (Караңыз: ЦГВИА РФ.—1396-ф.—2-оп.—97-иш.—154-барак).

М.Д. Скобелев алай кыргыздарын каратуу үчүн ”Алай илимий-согуштук экспедициясын” уюштуруу керек деген пикирге май айында эле келген болучу. Андан берки окуялар жүрүштүн 22-июль күнү башталышына ыңгайлуу шарттарды түзүп берген. Экспедициянын түштүк кыргыздарын биротоло орус колонизаторлорунун алдында тизе бүктүрүүнүн иш жүзүндө аткарылышына зор мааниси болгон. Абдылдабекке багышталган катынын жообун күтпөй эле генерал М.Д.Скобелев жүрүштү 22-июль күнү баштап жиберди.

М.Д.Скобелев 26-июль күнү Сопу-Коргонго жеткенде Абдылдабектин иниси Асанбек агасынын М.Д.Скобелевге жазган жооп катын алып келди. Кат алып келгендердин ичинде М.Д.Скобелевдин 21-июнда Абдылдабекке жазган катын алып кеткен Шабдандын иниси Абдрахман жок болуп чыкты. Чамасы аны Абдылдабек барымтага алып калса керек.

М.Д.Скобелевдин катын алып "ыраазы" болгондугун айтып келип, Абдылдабек катта мындай деп жазыптыр: "*Кудайга жана анын пайгамбарына ишенген биз ушул мезгилге чейин силерге каршылык көрсөтүп келебиз. Бул иш Сиз тараптан шартты бузгандык үчүн жасалып олтурат. Мисалы, жарым паша Насирдинге Кокон хандыгын берип койгонуңуздар менен, аны алдап, кайра Сибирге жөнөтүп жибердиңиздер. Ал эми Сиз, генерал Скобелев, элге кадырлуу Абдрахман аптабачыны жана бир нече биздин бийлерди Коконго олтургузамын деген куру убадалар менен колго түшүрүп алгандан кийин так ошондой эле жол менен Сибирге жөнөттүңүз. Мына ушулардын баары биз үчүн коркунучту жана ишенбөөчүлүктү туудурду. Ошондуктан Исламды туткан бир нече адам силерге катуу каршылык көрсөтүүгө бел байладык.*

Сиз, өзүңүздүн чоң жана жеңилбес армияңыз менен сыймыктанасыз. Ал эми биз кичине адамдарбыз, ошондуктан кудайга сыйынып, шүгүрчүлүк гана кылабыз. Мүмкүн Көктөгү жараткан бизге да ырайым кылаар... Эгер берген убадаларыңызды так аткарсаңыз, биз да Сиздин сунуштарыңызга макулдугубузду берет элек. Бирок жогорку себептер менен биз эми кашык каныбыз калганча силерге каршы күрөшө беребиз. Биз көчмөнбүз, ошондуктан бизге эч кандай мүлктүн кереги жок, кудайдын берген даамына жана тузуна ыраазыбыз.

Токмоктон баштап Сиз кыргыздарды, кыпчактарды, сарт-тарды убадаңызды аткаруу менен багындырып келе жатасыз. Ал эми Коконду алганда Сиз таптакыр өзгөрдүңүз, ошондуктан ушул толкундоолор чыгууда, эгер Сиз сөзүңүздө турсаңыз, бул болмок эмес.

Эгер Сиз тынчтыкты каалап, убадаңызды аткарсаңыз, анда бул ишти Шабдан баатырга тапшырыңыз, биз ошого макулдугубузду беребиз. Шабдан кандай ойлосо ошондой чечилсин. Чынында ал өз ишиңиз.

*Анан дагы бир нерсе. Эгер Шабданды Ош уездинде калтырсаңыз, анда ал бул жерде тынчтыкты орнотор эле деп ойлойбуз". (*Караңыз: ЦГВИА РФ.—1396-ф.—2-оп.—97-иш.—154-барак) .

Каттын кайсы күнү жазылгандыгы жөнүндө маалымат жок. Аягында Абдылдабектин мөөрү басылган. Каттын мазмуну Абдылдабектин дипломатиялык жөндөмүн, айтылган убаданы мыйзам катары кабыл алган тоолук кыргыздын чынчыл жана убадага бек турган түз мүнөзүн, кырдаалды туура түшүнгөн билимдүүлүгүн, жеңилсе да, элинин келечегин ойлоп, анын тагдырын Шабданга тапшырган тарыхый кеменгерлигин ачык көрсөтүп турат.

Ошол эле күнү М.Д. Скобелев Абдылдабекке дагы бир кат жазган. Анда генерал багынып берүүнү кескин талап кылган. Абдылдабек үмүтсүз болсо да күрөштү уланта берүүнү чечкен. Күч топтоо үчүн Кызыл-Артты ашып, Чоң-Алайга, ал эми 31-июлда Кашкарга кирип кеткен.

М.Е.Ионовдун отряды 29-июль күнү Кашкардан кайтып Ооганстанга өтүп бара жаткан Курманжан датканын көчүн кууп жетип, датка айымды генерал М.Д.Скобелев менен жолугушууга макул кылган. Азаттыкты улуу идея катары санаган Курманжан эне натыйжада бир топ бийлердин коштоосунда, кичүү уулу Камчыбекти жана небереси Мырзапаясты алып, Чоң-Алайдын Арча-Булагында өргүү алып жаткан М.Д.Скобелевдин лагерине түшкөн. Генерал чоң дасторкон жайып, Курманжанга алтын чөйчөк жана парча чепкен жапкан. (Караңыз: *Кененсариев Т.* Кыргызстандын Орусияга каратылышы.-Б.,1997.-300-б.) М.Д.Скобелев бул жолугушуу жөнүндөгү рапортунда Курманжандын туткун катары абалына карабай өзүн салабаттуу кармап, сүйлөшүүнү жогорку дипломатияда жүргүзгөнүнө ары таң калуу, ары суктануу менен эскерген. Ошол рапортунда ал биринчи жолу Курманжанды “Алай канышасы” деп айтууга татырлык деген пикирин билдирген. (Караңыз: ЦГВИА РФ.—Ф.1396.—Оп.2.—97-иш.-223-барак).

Сүйлөшүүлөрдүн негизинде Курманжан орус бийликтерине багынгандыгын билдирип, балдарын кайра мурунку жайларына көчүрүп келүүгө, алайлыктарды орус букаралыгын кабыл алууга көмөктөшүүгө мажбур болгон. Алысты көрө билген айым пайдасыз кармаша бергенден көрө орус букаралыгын таануунуу туура деп эсептеген. Ошентип, Абдылдабек баштаган үч уулунун Ооган жерине ооп кетиши, баш көтөргөн атуулдардын орус баскынчылыгынан өлүмгө учурашы жана Орусия куралынын күчтүүлүгү эрктүү энебизди тагдырга баш ийип, эми элин бөөдө кыргындан сактап калыш үчүн падыша бийлигине баш ийүүгө мажбурлаган.

”Алай илимий-согуштук экспедициясы” 1875—76-жылдардагы Фергана өрөөнүн Орусияга каратуу кампаниясында олуттуу саясий-согуштук мааниси бар этап болуп калган. Муну менен Түштүк Кыргызстанды Орусияга каратуу аяктады. Падыша өкмөтүнүн толук эмес маалыматтары боюнча 17380 түтүн алайлык кыргыздар (адыгине — 3145 түтүн, ичкиликтер —1225 түтүн, монгуш — 13010 түтүн) орус букаралыгына киргизилди. Алар Гүлчө, Ак-Буура, Ноокат болуштуктарына кирип, Ош уездин түзгөн. (Караңыз: *Кененсариев Т.* Кыргызстандын Орусияга каратылышы.-Б.,1997.-303-б).

Абдылдабектин күчтөрү талкаланганы менен тоолуктар бир топко чейин кармашын уланта беришкен. Бул уруулар июлдун экинчи жарымында эле көтөрүлгөн Сох суусунун Дургумак, Кара-Көл, Раут куймаларынын бойлорунда жашаган ичкилик кыргыздардын 800дөй жигиттери болучу. Алардын башында Мамбет бий, Жармамбет, Кудайназар, Маткерим, Муратбай жана Эшмамбет турушкан. Алар өздөрүнчө аракеттенип жатышкан. Молдо Ашырдын тобуна тилектештигин билдирип, ал Кара-Тегинге качканда кабарлашып, күчтөрдү бириктирүүгө аракеттенишкен. Шабдандын отрядынын жардамы менен сентябрда орус аскерлери Молдо Ашырдын көтөрүлүшчүлөрүн талкалаган. Күз айларында алайлыктардын нааразычылыктарын басып, орус бийлигин кыргыздарга биротоло таанытууга көмөк алуу үчүн М.Д. Скобелев Курманжан менен Мадыда жолугушкандан кийин гана толкундоолор токтоп, К.П. Кауфман 1877-жылдын январь айында Петербургга Кокон хандыгынын мурунку чөлкөмдөрүндөгү ”толук жеңиш” жөнүндө телеграмма жибере алган.

1876-жылдын күзүндө Кабулдан Курманжандын Меккеге бара жатып көз жумган тун уулу Абдылдабектен башка балдары Мамытбек, Асанбек, Батырбек келишет да Ошту, Өзгөндү, Кичи-Алайды, Ноокатты башкарып калышкан. Ошентип, кан төгүшүү токтоп, датканын көсөмдүгү менен тынчтык орногон.

Алай тоолорундагы кармаштар өзүнүн саясий-стратегиялык мааниси жагынан Ферганандын түздүктөрүндөгү согуштарга тете болгон. 1873—76-жылдардагы элдик кыймыл кыргыздар менен башталып, кыргыздар менен аяктагандыгын, тоолуктардын кыймылдын идеяларына башкалардан тереңирээк сугарылгандыгын баамдоо кыйын эмес. Көчмөндөрдүн кыймылдагы олуттуу ролун орус бийликтери да жогору баалагандыгын ошол учурдун мезгилдүү басма сөз материалдары даана көрсөтөт.

Үчүнчү доор - Курманжан датка дасыккан саясатчы жана коомдук ишмер

Датка айымдын үчүнчү — саясий жана коомдук ишмердүүлүк деп аталуучу доору 1876-жылдан XX кылымдын башына чейин созулуп, Орус колониализминин мезгине туура келет. Ал мезгилде Курманжан датка орус колониялык бийликтери менен айлакер дипломатия жүргүзүүнүн натыйжасында түштүк кыргыздарынын басымдуу бөлүгүн туура жолго үндөп, алардын биримдигин сактоого, Ош вилайетиндеги бейпилдикти камсыз кылууга аракеттенген.

Курманжан датка алысты көрө билген көсөм

Эми датканын коомдук-саясий ишмердигинде жаңы өзгөрүүлөр болду. Түркстан чөлкөмүндөгү, Ферганадагы жана буга чейин жеке өзү бийлик жүргүзүп келген кең өрөөндөгү саясий кырдаалдын түп тамырынан бери өзгөрүшү анын абалына, тагдырына таасир этпей койгон жок. Датканын бийлиги чектелип, укуктары тарыды. Мындан ары Алай өрөөнүн башкарчу болуштар түздөн-түз Ош уездинин начальнигине жана Фергана областынын аскер губернаторуна баш ийип калышты. Бирок аталган мамлекеттик бийлик өкүлдөрү, атүгүл Түркстан крайынын ар кайсыл жылдардагы генерал-губернаторлору дагы узак жылдар бою ага «Алай ханышасы», кыргыздардын атак-даңктуу жол башчысы катары ардактап мамиле кылышын уланта беришкен.

Ошто жана Алайда орус бийлиги орногондон кийин Курманжан даткага Оштогу Ак Ордону таштоого туура келди. Шаардагы бир катар имараттар, Алымбектин медресеси жана вакфы, айдоо чектери Датканын карамагында кала бергени менен Курманжан датка Ошко ири жолугушууларга же үй-бүлөлүк салтанаттарга гана катышуу үчүн келбесе, чынында шаарда сейрек турчу. Датка кышкы резиденциясы катары Мадыда, ал эми жаз, жай жана күз мезгилинде мурункудай эле Гүлчөдө туруп, коомдук жумуштарды аткара берген.

Алайдын башкаруучусу таанылган Курманжан датка орус төбөлдөрүнө коомдук жана мамлекеттик ишмер, билги катары кеңири белгилүү эле. Бекеринен аны К.П.фон-Кауфман баш болгон орус генералдары "Алай канышасы" деп атаган эмес. Курманжан датка өз мезгилинде Фергана облусунун акимдери М.Д.Скобелев, А.К.Абрамов, Г.А.Арандаренко, М.Е.Ионов, К.П.Кауфман, М.Г.Черняев, А.Б.Вревский, Н.А.Иванов, С.М.Духовский ал турсун Россиянын келечектеги согуш министри А.Н.Куропаткин сыяктуу адамдар менен дос, тааныш болгондугу маалым. Алар менен тез-тез кат алышып, кээде Ошко, Жаңы-Маргалан (Скобелев) шаарларына келип сүйлөшүп турган. Курманжандын иш билгилиги жана кадыры, Фергана чөлкөмүнүн тоолуктарын орус колонизаторлоруна каршы көтөрүлүштөрдөн, бекерге кырылып кетүүдөн сактап, элдин тынчтыгына жана башка элдердин өз ара ынтымагына оң таасирин тийгизген.

Кээде Курманжан датканын катышуусу менен жогорку деңгээлдеги жолугушуулар болуп өтчү. Мисалы, 1876-жылы Түркстан генерал-губернатору К.П. фон-Кауфмандын (Жарым падыша) сунушу менен Мадыда кеңири сүйлөшүү расмийи өткөрүлүп, анда Датка дагы бир жолу Орус бийлигин тааныгандыгын билдирген жана “Ак падышага” каршы чыкпоого убадасын берген. (Караңыз: *Өмүрзакова Т.* Курманжан датка: Доор. Инсан. Ишмердүүлүк.- Б., 2002.-С.180.) 1884-жылы болсо 73 жаштагы Курманжан датка Скобелев шаарында (Жаңы Маргалаң) Түркстан генерал-губернатору Н.О.Розенбахтын кабыл алуусунда болуп, Алай чөлкөмүнүн тагдыры жөнүндө сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөн. Генерал-губернатор Курманжанга баалуу кымкап чапан жапкан. (Караңыз: Туркстанские ведомости.-1884.-№ 40.).

Түркстан генерал-губернатору ж.б. бийлик өкүлдөрү Ош тарапка келгенде сөзсүз Курманжан даткага кезигип, айрым маселелер боюнча кеңешип турушчу. Мисалы 80-жж. Гүлчө-Талдык-Эркеч-там кара жолунун курулушун ашар жолу менен бүтөрүүдө Курманжан датка орус бийликтерине чоң көмөк көрсөткөн. Ошол эле учурда аталган курулушка 1884-ж. карата крайдын жергиликтүү каражаттарынан 25 000 сом жумшалып, Ош уездинин эле калкынан 7562 сом 80 тыйын жыйналган. Мындай жыйымдар элдин нааразычылыгын туудурбаш үчүн анын маанисин түшүндүрүүдө Датканын ролу чоң болгон.

1892-жылы 81 жаштагы курагында «Алай ханышасы» ошол учурдагы орус авторлору өтө таң калуу менен жазгандай Гүлчөгө 80 чакырым жерден ат үстүндө кебелбей жорго салдырып келип, генерал-губернатор барон А.Б.Вревский менен кезигишип, маектешкен. Датка айымдын кыраакылыгы менен темирдей бекем эркине таң калып, ыраазы болгон генерал ага сый көрсөтүп, чыгыштын салтын туурап, кымкап чапан жапкан. Ал эми Курманжан датка ата-бабадан калган

кааданы бузбай мансабы бийик «жарым падышага» адатынча сары жорго тартуулаган. (Караңыз: *Ювачев И.П.* Курбань – Джань – Датха, Кара-киргизская царица Алая //Исторический вестник. 1907, № 12. 968-бет). Андан алты жыл өткөн соң, 1898-жылы Ошто Датка айым Түркстан крайынын кийинки генерал-губернатору С.М. Духовский менен жолугушуп, элинин ал-абалы, коомдук жана чарбалык турмушу тууралу аңгемелешкен.

Курманжан даткага жолуккан колониалдык бийлик өкүлдөрү ар дайым анын куюлуштуруп айткан таамай сөзүнө муюп, чукугандай сөз тапкан чечендигине, өткүрлүгүнө, терең акылына жана тубаса элчилик өнөрүнө таң калышчу. Жашы токсондорго таяп, улгайган чагында да анын көзүнүн курчу кетпей, карегинен жаш кезиндегидей учкун чачырап, сүйкүмдүү жана сүрдүү, сулуулуктун издери дагы деле сакталган каратору жүзүнөн мээрим төгүлүп турчу. Алайлык кыргыз ханышасы адамдарга жалаң гана жакшылык каалаган, кыйынчылыктарга моюн сунбаган өзгөчө касиеттери бар, бөлөк-бөтөн кишилерге эч сыр бербеген даанышман журт энеси эле.

Курманжан датка ишмердигинин үчүнчү доорунда Орус падышачылыгын Түркстанды бийлеген 8 генерал-губернаторунун баары менен байланыш түзө алган. Алардын ар бири Курманжанга байланышкан маалыматтарды жазып, эстелик катары белек калтыргандыгын тарыхый фактылар ырастап турат.

1880-ж. 16-декабрда Түркстан генерал-губернатору К.П. Кауфман Ош уездинин начальниги менен Фергана областынын аскер-губернаторунун сунушу боюнча Россиянын Согуш Министрине атайын кат жиберип, анда мындай деп жазылган: «…Курбань-Джань-Датканын кара-кыргыздардын арасында зор кадыр-баркка ээ экенин, ардактуу абалы менен таасирин жана улгайган курагын эске алып, мен Улуу урматтуу Сизден Өтө Бийик өкүмдар Императорго Мамлекеттик Казынадан ага жылыга беш жүз сом өлчөмүндө өмүр бою алгыдай пенсия чектеп берүүнү ыраа көрүүсүн сунуш кылуудан баш тартпасаңыз экен деп өтүнөм». Император финансы министринин тыянагына ылайык, 1881-жылы 1-апрелде Курманжан даткага жылыга 300 сомдон өмүрү өткүчө мамлекеттик пенсия чектөө жөнүндө жарлыкка кол койот. Бул ошол кезде өтө чоң суммадагы каражат эле. Алсак, В.О.Ключевскийдин изилдөөсү боюнча Россиянын Москва губерниясында 1882-ж. жылкынын баасы жайында 88-57 тыйын, күзүндө жана кышында 60-67 тыйын болгон. (Караңыз: *Өмүрбеков Т.Н.* Улуу инсандардын Кыргызстандын тарыхындагы ролу жана орду. (XIX ортосу - XX к.башы). – Б., 2003.-203-б).

1893-жылы 82 жаштагы Курманжан датканын мурунку мусулман башкаруучуларынын тушунда көрүнүктүү роль ойногондугун, ал мезгилдерде кыргыздардын арасында Азияда аялдар үчүн болуп көрбөгөндөй кадыр-баркка арзыгандыгын, Кудаяр хандын аны өз тарабына тартууну каалап, датка (генерал) мартабасын ыйгаргандыгын, мындай бийик мансап-мартабаны аял кишиге ыйгаруу мусулман элдеринин тарыхындагы жападан жалгыз мисал экендигин, Орус аскерлери Алайга келгенде Курманжан датка жаңы бийликке сый-урмат көрсөтүп, тынчтыкты камсыз кылууга көп күч жумшагандыгын эске алуу менен Фергана облусунун ошол кездеги аскер губернатору М.Е.Ионов орус мамлекетинин салттуу жол-жоболорунан четтеп Андреев лентасына тагылган Алтын медаль менен сыйлоо жөнүндө сунуш кылгандыгы да маалым. Бирок, бул сыйлык бир катар шылтоолор менен берилбей калган.

Курманжан датканын аймактагы тынчтыкты жана бейкуттукту, Ош–Кашкар кербен жолундагы коопсуздукту камсыз кылуудагы эмгегин эске алып, 90 жашка чыккандыгына карата 1901-жылы 1-декабрда Орус императору Николай II “Жогорку даражалуу өкүмдардын өз кабинетинин эсебинен кымбат баалуу шакек тартуулоо жөнүндө жарлыгын жарыялаган”. Бул тууралуу Түркстан генерал-губернатору А.Н.Куропаткинге кабарлаган телеграмма Ташкентке 4-декабрда жеткен. Андан көп өтпөй Россия императору Алай каныкесине жаңы сыйлыгын - каухар чөгөрүлгөн алтын саат жөнөткөн. (Караңыз: *Ювачев И.П.* Аталган макала.-976-бет). Кай бир изилдөөчүлөр Курманжан даткага ошол жылы полковник наамы ыйгарылгандыгын жазышат. (Караңыз: *Урстанбеков Б. У. Чороев Т.* Кыргыз тарыхы. Кыскача энциклопедиялык сөздүк. Фрунзе. 1990. 91-бет).

Курманжан датка орус бийлик өкүлдөрү менен кат жазышып, кеңири алакалашып турган. Кезегинде уулу Мамытбек ошол каттардын бир боосун сактап жүргөндүгү айтылат. Ал каттардын көбү алгач Ош уездинин начальниги болуп, кийин Фергана облусунун согуштук губернатору кызматында иштеген генерал М.Е.Ионовдо да сакталган. Кыргыз

каникеси мезгил-мезгили менен Ош уездинин начальнигинен, областтын аскер губернаторунан, Түркстан генерал-губернаторунан кат алып, өзү да аларга кат жөнөтүп, ал жактагы жаңылыктардан үзгүлтүксүз кабар алып турчу.

Курманжандын инсандык турпатынын дагы бир орчундуу белгиси - анын терең интернационалдуулугу жана жалпы эли-журтка багытталган даанышмандыгы. Архивдерде сакталган анын орус генералдарына жазган каттарында жана башка тарыхый маалыматтарда датка өзүнүн пикирин, демилгесин, накылын, жалаң гана өз элине эмес, жамы журтка, жалпы элге багыштаган. Кудаяр хандын зомбулугуна каршы күрөштөбү, орус колонизаторлоруна каршы азаттык көтөрүлүштөрүндө болсун, түштүк Кыргызстандын Орус мамлекетине кошулгандан (1876-жыл) кийинки анын ишмердүүлүгүндө жалпы элге тең интернационалдуу инсан экендиги көрүнгөн. Курманжандын образынын улуттук белгилерден озуп чыккан кең образ экендигин тарыхый маалыматтар ырастап турат. Мисалы, белгилүү орус генералы барон А.Н.Таубе Курманжан датка жөнүндө: “анын акылмандыгы, энергиясы, адилеттиги жана келечекти көрө билген көсөмдүгү Жети-Сууга, атүгүл Ооганстандын, Ирандын жана Кытайдын чөлкөмдөрүнө чейин дайын болгон” деген пикирди айтат. (Караңыз: *Таубе А. Н.* Алайская царица. //Закаспийское обозрение// 1902, № 124).

Курманжан Датканын келечекти көрө билген көсөм жана эл достугун бийик койгон интернационалдуу журт башы экендигинен кабар берген 1885-жылы 7-октябрда Курманжандын өз колу менен жазылып, мөөрү басылган каттарынын биринин текстин келтирели.

"Улуу урматтуу жана чексиз кадырлуу Фергана облусунун облусттук губернаторуна Ош оезунун кызматчысы Курманжан даткадан кат.

Терең, ардактуу Сизден кечирим суроо менен мен төмөнкүлөрдү билдиремин. Фергана мусулман өлкөсү Орусияга моюн сунбай турган мезгилде мен сиздер менен согушканмын жана каршылашканмын! Кийин Абдылдабек бир туугандары Мамытбек жана Асанбектер менен Ош аркылуу Кабулга качты. Куруган мен, кичинекей Камчыбек менен Алайда калдым. Ошол мезгилде Оштун начендиги Ионов төрө генерал менен Алайга келди жана мени генерал менен тааныштырды. Генерал Скобелев мени жылуу кабыл алды жана мага урмат менен мамиле кылды. Мен ага ыраазы болуп калдым.

Россия өзүнүн улуулугу жагынан Рим менен тең тайлашат. Мүмкүн, азыркы учурда дагы да кеңейүүдөдүр.

Азыр уулдарым кайрадан мага келишкен. Алар көп азаптарды тартышып, жеңиштен үмүттөрүн үзүшкөндө мен бирөөдөн мында келүүсүн буюруп кат жибергенден кийин гана алар бул жакка кайтышты. Кудайдын буйругу менен Абдылдабек ал жакта набыт болду. Мамытбек менен Асанбек эсен-соо келишти.

Андан кийин мен Туркстан генерал-губернатору Кауфман менен ал Ошко келгенде жолуктум. Ал дагы мага урмат менен кайрылып: "Эгер Сиз мени уксаңыз - анда Сизге эң жакшы болот жана Сиз ак падышанын кабыл алуусундай эле пайда көрөсүз" деп айтты. Маркум генерал-губернатор (К.П. фон-Кауфман 1881-жылы өлгөн) падышанын буйругу менен мага ар айына 25 сомдон пенсия төлөп турган. Мен ага жекече ыраазычылыгымды билдире албай турганыма азыр өкүнөмүн!

Кудайдын ракымы менен азыр үч уулум бар. Биз эч убакта мындай мамлекетти көргөн эмеспиз. Байыркы замандардан бери өлкө өзүнүн жетимдерине мындай боорукердик кылган эмес! Бул мамлекеттен бардык эл менен бирдикте биз өз тууганларыбыздай көрүп чогуу жашай беребиз! Эгер биз кокустан мамлекеттин аброюн таназар албастан: ага чыккынчылык ойлосок, анда бизге өмүр бою кечиргис күнөө жабылат! Мен, эгер бул мамлекетке кимде ким мындан ары бүт жүрөгү, чын пейли жана терең урматы менен мамиле кылса, анда кудай өзү мурунку кезде мамлекетке каршы жасалган бардык аракеттерибизди кечирет деп ойлоймун!

Азыркы тынчтык мезгилде мындан ары менин бүткүл эл-журтум, мен өзүм жана уулдарым, тууганларым эч качан силерге каршы көтөрүлбөйбүз деп мен Жарыя кыламын! Биз тараптан эч кандай жарамсыз иштер жасалбайт! Эгер менин элим кандайдыр бир жамандык издеп, мамлекетке чыккынчылык кылса, анда күнөөлүүнү эң оор жаза менен жазалаймын жана өмүрүмдүн акыркы күндөрүнө чейин өзүмдү кыйнап өтөмүн!

Ушул сөздөрүмдү бекитүү үчүн мөөрүмдү басамын!

Маматбай кызы Курманжан датка". (Караңыз: Өзбекстандын мамлекеттик тарых архиви.-Ф.19.-Оп.1.-1629-иш.-1-барак).

Белгилүү француз саякатчысы Гийом Капю өз мекендеши Габриэл Бонвало менен бирге Туркстан жерине 1880-жылдары саякат жасап, Алайда болгон. Кыш мезгилинде Алай-Памир аркылуу Индияга өтүп кетишкен бул эки саякатчыга Курманжан датканын уулдары Батырбек менен Мамытбек жана небереси Мырзапаяс жакындан жардам көрсөтүшүп, ат-көлүк, жол көрсөткөн аткошчу жигиттерди таап беришкен. Саякатчылар «Дүйнөнүн чатыры» аттуу китебинде Курманжан-датка жашаган Жүсалы өрөөнүнө болуп Датканы мындай сүрөттөшөт: «Ал акылдуу жана баардыгы урматтаган аял. Курманжан даткага урук-туугандарынын бири калбай берилгендиги менен сый-урматы таңдантып, ага таазим кылдыруучу касиеттери бар эле. Чоочун кишинин көз алдында ал касиеттер аны бөтөнчө сүйкүмдүү көрсөтүп, жоокердин эрдигин баарынан жогору балаган ошол элди, андан соң акылдуу аялдын даанышмандыгын, кеменгерлигин ого бетер сыйлап урматтоого аргасыз мажбур кылат». (Караңыз: Строилов Л. Алай менен Памирден ашып.//Кыргыздар.-Б.1993.-С.329-349).

Курманжан датка энебиздин эл аралык мамилелерде да дасыккан дипломат катары өзүн көрсөткөн фактылары болгон. Орусияга караган жаңы жерлерди изилдөө үчүн көптөгөн чет өлкөлүк саякатчылар Алайга келишип, Курманжан даткага жолугуп турушкан. Мисалы, 1885-жылы Гүлчөгө англиялык тыңчылар – молдо Маджид менен сэр Артур келип, Алайды Англияга каратуу жөнүндө Курманжан датка менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүшөт. Курманжан датка Улуу Жибек жолунун кербендери аркылуу эл аралык окуялардан да кабары бар эле. Англиянын Индияны басып алганын, Ооган аркылуу Орто Азияга жортуул уюштурууну көздөп жатканын да билчү. Бирок ал Орусия империясы менен бирге жашоо кыргыз элинин келечегине жакшы болоору жөнүндө небак эле жыйынтык чыгарып койгон эле. Ошондуктан Англиянын тыңчыларына сылык гана макул эместигин билдирген.

III Курманжандын көз жашы

XIX кылымдын орто ченинде Курманжандын өмүр жолуна дагы бир өтө оор сынак туш болду. Чек ара контрабандалык кылмыш кылууда деген шылтоо менен “кылмышкерлердин тобунун уюштуруучусу” деп Курманжан-датканын уулу Камчыбек, кылмышты жаап-жашырган деген айып менен жеткинчек небереси Мырзапаяс камакка алынган. Камчыбектин жигити Ак-Балбан баш болуп, бул иш боюнча жалпы жонунан жыйырма төрт киши соттолгон. Кыргыз күбөлөрүнүн айтуусу боюнча чатакты орус бажы күзөтчүлөрү чыгарышкан. Алар чегарадан кербен жол менен келе жаткан жүктүү обоз коштогон кыргыздарга таңылчактарды чечүүнү жана сандыктарды ачууну талап кылышкан. Кербен менен келе жаткан Камчыбектин зайыбы Асел айым кароолдорго каяша айтып, чубалган узун чачынын учундагы чач учтугуна байланган ачкычтарды берүүдөн баш таркан. Бирок, орус бажы башчысы Асел айымдын чачын мыкчый кармап, ачкычы менен кошо олоң чачын кыя чаап кыркып алат. Көчмөндөр үчүн мындай шылдың өлүмгө тете иш эле. Натыйжада орус аскер соту Камчыбекти жана анын жигити Ак-Палванды өлүм жазасына тартууга, ал эми Мамытбекти, Мырзапаязды, 13 жаштагы өспүрүм бала Арстанбекти – Сибирге каторгалык иштерге иштетүү үчүн сүргүнгө айдоого өкүм чыгарган. (Караңыз: *Өмүрзакова Т.* Курманжан датка: Доор. Инсан. Ишмердүүлүк.- Б., 2002.-150-169-беттер).

Камчыбек менен Ак-Палван 1995-жылы 2-мартта Ошто даргага асылган мезгилде Курманжан Датка элди баштап күрөшкө чыгууга дарамети жетет эле. Бирок, тишине чейин куралданган орус жазалоочуларынын элди бөөдө кырып жиберүүсүнөн кооптонуп, унчукпай тагдырга моюн сунууга аргасыз болгон. Сибирге сүргүнгө айдалган Мамытбек менен Арстанбек Иркутск губерниясындагы Нижеудинск уездинин Тюмен волостуна караштуу Тумино кыштагында жашашкан.

Камчыбектин өлүм жазасына тартылышы, уулунун, небересинин жана жакындарынын сүргүнгө айдалышы, ошондой эле кийинки жылы дагы бир уулу Батырбектин көз жумушу Курманжан датканы катуу кайгага салды, бирок биротоло сындыра алган жок. Датка мүңкүрөбөдү.

Уулу Камчыбектин дарга асылышынан кийин Курманжан датка бир нече жылдар бою орус бийликтери менен мурдагыдай алака түзбөй калган. Рустам-Бек деген ат менен Алай, Памир тоолоруна көп жолу саякаттап барган орус офицери Б.Л.Тагеев 1896-жылы жайында Алай өрөөнүндөгү Курманжан датканын айылына кайрылып, ага учурашуу үчүн Датканын боз үйүнө киргенде уулунун өлүмүнө кайгырган эненин аянычтуу абалын боор ачуу менен сүрөттөгөндүгү

маалым. (Караңыз: *Тагеев Б.Л.* На Востоке. Очерки и рассказы из жизни далеких окраин России.//Царица Алая.-Варшава, 1902).

Ошентип турмуш өз нугу менен журуп жатты. Ал кездеги Фергана облусунун аскер губернатору М.Е.Ионовдун, Датканы сыйлаган башка орус чиновниктеринин, ошондой эле Курманжан Датканын өзүнүн Орус императоруна багышталган өтүнүчтөрүнүн натыйжасында көптөгөн кыйынчылыктардан кийин россиялык катаал аскер соту элеттиктердин дарамети күчтүү улугу – Курманжан датканын өтүнүчүнө жооп кылып, 1897-жылы 27-мартта Мамытбек Алымбеков менен Арстанбек Камчыбековго, ал эми ошол эле жылы 4 –июлда Мырзапаяз Жаркынбаевге Түркстан крайына жашоо үчүн кайтып келүүгө уруксат берди.

Курманжан Датка эл тынчтыгынын данакери

1898-жылы жазында Анжиян аймагында жергиликтуу эл орус империясынын колониалдык эзүүсүнө каршы көтөрүлүшкө чыккандыгы маалым. Кыймылдын демилгечилери Көгарт өрөөнүндөгү кыргыздар болуп, алардын көрүнүктүү жетекчиси Чыйбыл болуш Абдулла бий уулунун аракети менен 1895-жылы алгачкы жыйын уюштурулат да, ошол мезгилдеги Фергана өрөөнүнүн чыгыш тарабындагы элет кыргыздарына кеңири белгилүү, тарыхта Дукчи Эшен атанган Мухаммад Али Сабыр хальфа Софуевге кыймылга жетекчи болуп берүү сунуш кылынат. 1897-жылы Мадали эшен макулдугун берет. Көтөрүлүшкө Фергана тургундарынын элетин гана эмес, шаар калкын да тартуу максаты коюлуп, кеңири даярдыктар башталат.

Кыймылдын идеологиялык жетекчиси ичкилик кыргыздарынын дөөлөс уруусунан чыккан, кезегинде Кокон ордосунда кызмат өтөп, Кудаяр хандын буйругу менен “Фергана хандарынын тарыхы” аттуу китеп жазган молдо Зиябидин Максым болгон. Дукчи эшен көгарттык, кетмен-төбөлүк, оштук, ноокаттык кыргыздарга, Кулу, Кува, Жеке-Тыт, Избаскан жана башка болуштуктарда жашаган кыргыз, өзбек, кыпчак, түрк тургундарына таянуу менен көтөрүлүштү 1898-жылдын 17-майында кечке жуук баштап жиберет. Ошол күнү Ошто, Ноокатта, Маргаланда, Асакеде, Көгартта уюштурулган аракеттер ишке ашпай калып, Миң-Дөбөгө чогулган 2000 чамалуу негизги топ Анжиян гарнизонуна кол салган, бирок жеңилип калган.

Анжиян-кыргыз көтөрүлүшү бир жумага жетпей басылган, анын негизги жетекчилеринен 22 адам дарга асылып, 500дөй киши Сибирге сүргүнгө айдалган. Алардын арасында көгарттык Чыйбыл болуш, кетментөбөлүк кадимки Токтогул Сатылганов да бар эле. Жергиликтүү элге 130556 рубль контрибуция салынган. Көтөрүлүштүн борбору болгон Миң-Төбө кыштагы Дукчи Эшендин мекени болгондуктан тыптыйпыл талкаланып, тургундары башка жактарга көчүрүлүп, бош калган жерге орус колониализминин “ыраакымы катары” келеке маанисинде Мархамат деп аталган село туруп калгандыгы тарыхтын оор фактысы. (Караңыз: *Кененсариев Т., Авазов Э.* Анжиян көтөрүлүшү жана кыргыздар.-Б.,2002).

Көтөрүлүштүн кыймылдаткыч күчүнүн көп улуттуу экендиги сурак берген жана соттолгон адамдардын улуттук курамынан көрүнүп турат. Суракка баары болуп 257 кыргыз тартылган. Бул сан бардык суралгандардын жарымынан ашык санды көрсөткөн. Суракка кабылгандардын арасында 112 өзбек, 20 түрк, 17 уйгур, 3 кыпчак, 5 тажик жана 1 каракалпак болгон. Бул сандар “Анжиян көтөрүлүшү” деп аталган кыймылдын иш жүзүндө “Анжыян-кыргыз көтөрүлүшү” болгондугун ырастап турат. (Караңыз: *Кененсариев Т., Авазов Э.* Анжиян көтөрүлүшү жана кыргыздар.-Б.,2002).

Көтөрүлүшкө алайлык кыргыздар да даярданышкан болучу. Бирок, орус аскерлеринин артыкчылыктарынан жакшы кабары бар Курманжан датка элин бөөдө кыргындан токтотуп калды. Жаманчылыкты сезген Курманжан датка өзүнүн болгон аброю менен алайлыктарды козголоңго катышуудан баш тартууга үндөдү. Антиорустук сезимге алдырып, газаватка ураан таштаган кыймылдын натыйжасы бейкапар элге оор зыяндарды алып келмек. Ошондуктан ошол кездеги Ош болуштугун башчысы Карабек Асанбеков урматтуу чоң энесинин кеңеши менен даярдалып жаткан көтөрүлүш жөнүндө Ош уездинин начальниги полковник Зайцевге билдирет. Уезддин начальниги ош батальонун кармашка даярдануусун буйрук кылып, Маргалаңга киши чаптырат. Өзү 1898-жылдын 16-майында Ноокат болуштугуна жөнөйт. Ноокат болушу Казыбай да Зайцевге утурулап, алдынан тосуп чыккан. Ошентип, Ошто жана алайда бөөдө кырсыктын коркунучу арттка калган.

Бул окуя Курманжан датканын элин куугунтуктоодон жана кандуу жазалоолордон сактап калууну артык көргөн көсөмдүгүнүн дагы бир күбөсү болгон.

Түркстан крайынын бийликтери жүргүзгөн орус колониалдык саясатына капа болгон

Курманжан датканын көңүлүн көтөрүүгө Датка менен ымаласы жакшы орус төбөлдөрү бир топ аракет кылышканы менен Курманжан датка 1901-жылы гана кайрадан алар менен кат алыша баштады. Ошол жылдын 9-майында Түркстан крайынын жаңыдан дайындалган генерал-губернатору Н.А.Ивановго куттук айткан кат жазып, анда Ташкентке сизди куттуктоомду айтып баруу үчүн өз уулум Мамытбекти жибердим деп билдирет. Ошол эле айдын 22-күнү Н.А.Иванов Курманжан даткага ыраазылык билдирген жооп кат жазып, сый көрсөтүп**,** Мамытбектен Даткага чын дилден чыккан достук саламын айта барууну өтүнгөн. (Караңыз: *Өмүрбеков Т.Н.* Улуу инсандардын Кыргызстандын тарыхындагы ролу жана орду. (XIX ортосу - XX к. башы). – Б., 2003.-204-б.)

Курманжандын дагы бир мүнөздүү белгиси анын ыйыктыгы, такыбалыгы болгон. Жогоруда айтылгандай Курманжан жаш кезинен эле салттуу үй-бүлөдө тарбия көрүп, кийин чоң медресенин ээси Алымбектин жубайы болгондугуна байланыштуу, кезегинде элдин айтымында Оштук эшендерге кол берген адам эле. Белгилүү Хувайда эшендин урпактарынын бири Салахиддин эшендин мезгилинде, алар менен эң жакшы мамиледе болуп тургандыгы маалым. Ош чөлкөмүнүн билгиси, Анжияндын беги, Кокон хандыгынын мамлекеттик ишмери Алымбек датканын жогоруда айтылган медресенин болушу, ал медресеге чегерилген 1825 гектар чамасындагы вакф жери (Чын-Абад жана башка жерлер), аталган вакфта алгач Алымбек өзү андан кийин анын урпактары Жаркынбай, Абдылдабек, Батырбек, Асанбектердин мутавалий болуп турушу, 1865-жылдан баштап Оштун акими болуп турган Абдылдабектин Оштогу Шайтан-Төбө, Сарай-Көчө кварталдарындагы вакфтык участкалары, ошондой эле Асанбектин мезгилинде да бир топ вакфтык участкалардын болушу Курманжандын үй-бүлөсүнүн бардык мүчөлөрү диний мекемелер жана "ыйык" адамдар менен байланышта экендигин маалымдайт. 1895-жылы кичүү уулу Камчыбек Оштун чоң базарындагы даргага асылган күнү Курманжан Салахиддин эшендин үйүндө намаз окуп олтургандыгы жөнүндөгү маалыматты азыркы кезде атактуу эшендин тирүү урпактары билишет.

Курманжан датка энебиздин ислам илими жазылган ыйык Куран жана Мухаммед пайгамбардын хадистери жөнүндө кенен түшүнүгү, өз көз карашы болгон. Курманжан датка Алай жергесине кадимкидей мектептерди салдырып, анда букаралардын сабатын араб алфавити менен ачып, билим алуусу үчүн шарт түзгөндүгүн замандаштары эскеришет. Датка салдырган мектептер 1960-жылга чейин бузулбай, кийин колхоздордо кампа катары пайдаланылып келгендигин жергиликтүү калк айтып келишет.

1906-жылы Курманжан Датка энебиз 96 жашка чыккан мезгилде Алай жайлоосунда Орус империялык Генералдык штабдын полковниги, барон Карл Густав Эмиль Маннергеймдин баргандыгы жөнүндө айтпай кетүү болбос. Бул окуя ары кызыктуу жана ары символдуу. Анткени, Маннергейм финлядиялык армиянын болочок башкы кол башчысы болуп, 1944-1945-жылдары Финляндиянын биринчи президенти кызматындагы эл аралык саясатчы. Финляндиянын улуттук баатыры катары атагы чыгып, дүйнөгө таанылган инсан болгон.

Россиянын согуш министрлигинин тапшырмасы боюнча Алай өрөөнү, Чыгыш Түркстан аркылуу Пекинге чейин узак жолду басып өтүп, Маннергейм 1909-жылы өзүнүн сапары жөнүндө жол баянын жарыялаган.

Курманжан датка менен Маннергейм 1906-жылы 13-августа жолугушат. «Алай ханышасы» XIX кылымдын жандуу тарыхы болчу. Ошондуктан аны менен жолугушуу окумуштуу үчүн өтө кызыктуу болушу табигый көрүнүш эле. Маннергейм эскермелеринде Датканын өргөөсүндө бир нече жолу фотосүрөткө тарткан соң, мен токсон алты жаштагы улгайган айымдан ат устундө сүрөткө түшүү менен түбөлүк эстелик калтырууну өтүндүм деп жазат. Саякатчынын айтымында Тору аргымакка жарашыктуу татынакай ээр токулуптур. Ханыша небересинин илбериңки жардамы менен, өмүр бою ат үстүндө жургөндөй аргымакка ишенимдүү жана жеңил минди... Мунун өзү эрки күчтүү кажыбас энебиздин бейнесиндеги көөнөрбөс феномендик белги болгондугунан кабар берет.

Корутунду сөз

Кыргыз элине гана эмес, көп улуттуу Фергана тургундарынын тынч жашоосун камсыз кылуу башкы милдетим деп санаган тарыхый инсан Курманжан датка 1907-жылдын 1-февралында Оштун жанындагы Мады кыштагында көз жумуп, сөөгү Оштогу айтылуу Сар-Мазарга, сүйүктүү уулу Камчыбектин күмбөзүнүн жанына коюлган. Оң миңдеген туугандары жана оштуктар атактуу Датка айым менен буркурап ыйлап коштошушкан. Орус колониалдык бийликтери бул окуяны

бүткүл Түркстандык окуя катары кабыл алышып, 1907-жылы 16-февралда «Туркестанские ведомости» гезитинин № 2834 санына «Царица Алая» деген ат менен көлөмдүү некролог жарыялашкан.

Курманжан датканын артында көп сандаган уулдары, кыздары, небересери жана чөбөрөлөрү калган. Анын 183 урпагынан 1907-жылы 2 уулу, 2 кызы, 31 небереси, 57 чебереси урматтуу Датка Энесин акыркы сапарга узатышкан. Курманжан датканын урпактары учурда Алайда, Кара-Суу, Өзгөн райондорунда, Ошто, Бишкекте турушат. Совет мезгилинин алгачкы жылдарында небересери Кадырбек менен Жамшитбек алгачкы кызыл армиянын көрүнүктүү кол башчылары болуп, совет бийлигин чыңдоого активдүү катышкан. Кадырбек Камчыбеков кыргыздардан биринчи болуп Кызыл Жылдыз ордени менен сыйланган. Ошол эле учурда Курманжандын бир нече небересери НКВДнын түрмөсүндө курман болушкан. Бирок алар 1953-жылы реабилитацияланган.

Курманжандын чебереси Муса Мырзаяпаясович Адышев Кыргызстандын ири геолог-окумуштуусу катары белгилүү. 1978-жылы ал Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер академиясынын Президенти болуп шайланган. Учурда академиянын геология институту, Ош технологиялык университети анын ысмын алып жүрөт.

Акыркы пикир катары макалабыздын аягында Курманжан датканын инсандык төмөнкү жети касиетин **белгилөө зарыл деп ойлойбуз.**

- тагдыр кошкон өмүрлүк жары Алымбектин жан шериги жана насаатчысы. Кыргыз мамлекеттүүлүгүн, азаттык менен эл биримдигин туу туткан пикирлеши;
- уул-кыздарынын мээрман энеси жана кеменгер тарбиячысы;
- тарыхтын тагдыр чечкен бурулуштарында “караңгыда жол тапкан” даанышман; элинин келечегин көрө билген көсөм, “тар жол тайгак кечүүдөн” аман-эсен алып чыккан улуу тарыхый инсан;
- жакшы менен жаманды иргеп, “кара кылды как жарган” адилет;
- татаал маселелерди чече алган коомдук жана мамлекеттик ишмер;
- азаттыктын тайманбас күрөшкери жана кол башчысы;
- эл аралык саясаттан жетик кабары бар дипломат.

Кыргыз элинин уникалдуу жана феноменалдуу кызы, улуу тарыхый инсан Курманжан датканын өрнөктүү өмүрү, коомдук, саясий жана мамлекеттик ишмердиги кыргыз тарыхынын татаал жана драмалуу эпохасына туура келген. Курманжандын болочокту таасын баамдаган көсөмдүгү, азаттыкты туу туткан мекенчилдиги, кеменгерлиги, гумандуулугу жана адилеттиги, эл биримдигин жана тынчтыгын камсыз кылган акылмандыгы, эл достугун жогору койгон интернационалдуулугу, улуу даанышмандыгы кыргыз жаштарына, кыргыз саясий элитасына жана жалпы кыргыз элине көөнөрбөс улуу мурас катары кала берерине ишенүү азыркы муундардын тарых алдындагы парзы деп таануу абзел.

УДК:81.0 К 58

Кожоева Г., Ош МУ

Текст жана андагы кайталоолордун кызматы

Бул макалада текст жөнүндө түшүнүк берилип, андагы кайталоолордун кызматы мисалдардын негизинде тастыкталып көрсөтүлөт.

В этой статье дается понятие о тексте, где на примерах доказываются функции повторения.

In this article is given the nofion of text where is proved the funcfion of repetition.

Тексттин теориясы акыркы 50-60 жылдын ичинде гана пайда болуп, азыркы күндө тексттин лингвистикасы аттуу тармак толук түптөлүп өнүгүп бара жатат. Анын башатында орус лингвисттери (Л.А.Булаховский, Н.С.Поспелов, С.Г.Ильенко, Н.Д.Зарубина, Л.М.Лосева, Г.Я.Солганик, Т.М.Николаева, И.Р.Гальперин, Т.М.Дридзе, Л.П.Доблаев, О.А.Нечаева ж.б.),

алыскы чет өлкөлүк тилчилер (М.Хэллидей, Э.Бенверист, К.Газуненблаз, Ц.Тодоров, Р.Харвег, Т. ван Дейк, А.Греймас, Н.Э.Энквист ж.б.) турат, бул тармакка кыргыз изилдөөчүлөрү (С.Өмүралиева, Б.Ш.Усубалиев, С.Ж.Мусаев, Ж.А.Чыманов, Т.С.Маразыков, В.Б.Суркеева ж.б.) да олуттуу салым кошо алган.

Бүгүнкү күндө бул тармак өзүнө тиешелүү теориялык базасы, категориялык аппараты бар, өзүнчө метод-ыкмаларга негизделген күчтүү агым катары түптөлүп калды. Мунун обьекти катары ар кыл көлөмдөгү, түркүн жанрдагы тексттер каралат. Бардык тексттерди бириктирип турган жалпы касиеттер бар. Буларга төмөнкүлөрдү кошууга болот:

1) теманын аныктыгы жана чектүүлүгү; мазмундун бир темага баш ийиши; тема-реманын биримдиги;

2) ой элементтеринин ырааттуулугу жана композициялуулугу; кичи темалардын ирет менен камтылышы;

3) мазмундун бүтүндүгү;

4) тексттин композициялык элементтерге бөлүнө алышы жана компоненттердин өз ара байланыштуулугу;

5) текстти чечмелөөгө жана баалоого мүмкүнчүлүктүн бардыгы;

6) интегративдүүлүгү, бөлүктөрдүн өз ара байланыштагы биримдиги;

7) мазмундук убакытта өтүшү жана ушуга карата берилиши (темпоралдуулук);

8) чектүү мейкиндиктин камтылышы жана чагылдырылышы (локалдуулук);

9) предикативдүүлүк, маалымат предметинин субьекттин (автордун) көз карашы аркылуу аныкталышы;

10) персоналдуулук; ар кандай тексте жазуучунун, сүйлөөчүнүн, пикир билгизүүчүнүн ачык же кыйыр болушу;

11) модалдуулук; автордун информацияга болгон мамилесинин обьективдүүлүк-субьективдүүлүгү (реалдуу-реалдуу эмес, чындык-жоромол, оң баалоо-терс баалоо, каалоо-каалабоо ж.б.) ж.б.у.с. касиеттер текстти ар тараптан сыпаттого негиз боло алат.

Текстти кептин алкагында кароо зарылдыгын айтып келип С.Ж.Мусаев учурдагы зарыл милдеттерди төмөндөгүдөй белгилейт: «Тексттик лингвистиканын азыркы тапта өнүгүшү тексттин семантика-информативдик жана структура-синтаксистик проблемалары менен эле катар, аны коммуникативдик-функционалдык аспектиден кароонун, текстти кептик бүтүн бир айтым катары таануунун зарылдыгын шарттап турат, б.а текст коммуникативдик-функционалдык бүтүндүк катары кептин бирдиги болуп саналат жана ушул багытта анализге алынуусу, биздин көз карашта приоритеттик багыт катары сунушталат» [1]. Текстти кептин чегинде кароо менен аны уюштуруудагы кайталоонун ролун ушул көз караштын чегинде карооого аракет кылабыз. Текст жөнүндө сөз кылганда анын жогоруда аталган касиеттерин көңүлдө тутуу менен материалдарды талдоого аракеттенебиз.

Бул макалада бир эки гана мисалдын негизинде поэтикалык тексттин тутумуна кайталоо кантип экспрессивдүүлүктү киргизиши жөнүндө сөз болот.

Акын Токтогулдун эки строфага жайгашкан төрт илтик ырындагы кайталоолорго талдоо жүргүзүп көрөлү. Бул ыр төмөндөгүдөй турпатта:

Алты сай бараң октолот,
Алты дубан топ болот.
Алты дубан топ болсо,
Асылың Токоң жоктолот.

Жети сай бараң октолот,
Жети дубан топ болот.
Жети дубан топ болсо,
Жетиңиң Токоң жоктолот (Токтогул: Чыгармаларынын эки томдук жыйнагы. Том I.- Ф.: Адабият, 1989. 69 б.).

Бул поэтикалык тексте **строфа ичиндеги** жана **строфа аралык** кайталоолорду жиктөөгө болот.

Мында тыбыштык кайталоолорго 1) саптардын бир тыбыш менен башталышы (биринчи строфадагы саптар *а* тыбышы менен, экинчи строфадагы *ж* тыбышы менен); 2) ар бир строфадагы биринчи, экинчи, төртүнчү саптар *олот* тыбыштык айкаш менен бүтүмү киреринайтууга болот.

Лексикалык кайталоо да көзгө даана урунат: ырда *алты - алты - алты, жети - жети - жети, сай - сай, бараң - бараң, дубан - дубан - дубан - дубан, топ - топ - топ - топ, Токоң - Токоң, октол - октол, бол - бол - бол - бол - бол, жоктол - жоктол* түрүндөгү лексикалык (сөздүктөрдө бериле турган) кайталоолор бар. Булардын ар бири морфологиялык түзүлүшкө жана касиеттерге ээ болгондуктан буларды лексика-морфологиялык кайталоо катары белгилөөгө деле мүмкүн.

Нагыз морфологиялык мүнөздөгү кайталоолор биринчи, экинчи жана үчүнчү саптардын акырын түзгөн этиштин 3-жак мүчөсү *-т*, төрт жолу колдонулган таандык уланды *-ың, -иң, -ң* (*асылың, жетигиң, Токоң*) мүчөлөрү аркылуу берилген. Бул жерде *-ың* менен *-ң* (*асылың Токоң*), *-иң* менен *-ң* (*жетигиң Токоң*) строфа ичиндеги кайталоону түзсө, *-ың* менен *-иң* (*асылың, жетигиң*), *-ң* менен *-ң* (*Токоң, Токоң*) строфа аралык кайталоого кошулат.

Синтаксистик кайталоолорду *бараң октолот, дубан топ болот, Токоң жоктолот* предикаттык сөз айкаштары строфа арасында, *алты дубан, жети дубан* атрибуттук сөз айкаштары строфа ичинде экиден келтирилип түзүп турат.

Эки строфанын лексикалык-семантикалык айырмасы сап башындагы гана сөздөрдө жайгашкан. Алардын калган бөлүктөрү бипбирдей:

... сай бараң октолот,
... дубан топ болот.
... дубан топ болсо,
... Токоң жоктолот.

Эки строфа нагыз семантикалык жактан эч эле айырмаланбайт. Алар параллелдүү түзүлүштө. Сап башындагы сөздөр текстти көркөмдөө үчүн колдонулган. *Алты, жети* сөздөрүндө сан атоочтук маани жок. Булар реалдуу цифраны туюнтпайт. Мында *алты (3 жолу) - асылың, жети (3 жолу) - жетигиң* жуптугунун сап баштоодогу үндөштүгү да мааниге ээ. Сан атооч сөздөр автордук бааны же, тагыраак айтканда, өзүн-өзү сыпаттоону коштоп, уккулуктуулугун көтөрүү үчүн тандалып алынгандыгын байкоого болот.

Төрт саптагы көп чекиттердин ордуна *алты - алты - алты - асылың* сөздөрүн койсок биринчи строфа, *жети - жети - жети - жетигиң* сөздөрүн койсок экинчи строфа тикеленет. Мында *асылың* жана *жетигиң* сөздөрү контексттик синонимдерди пайда кылды. Бул мисалда сан атоочтор үч мертебеден сап башында колдонулуп, тексттин добуштуулугун көрктөп турат.

Демек, кайталоо кубулушу тексте стилистикалык жактан өзгөчө кызмат аткара алат.

Колдонулган адабияттар:

1. Азыркы кыргыз адабий тили. - Б., 2009.
2. Маразыков Т.С. Текст таануу жана анын айрым маселелери. – Б.: Бийиктик, 2005.
3. Мусаев С.Ж. Текст: прагматика, структура. – Бишкек, 2000.
4. Мусаев С.Ж. Текстти система-структуралык анализге алуунун илимий-методологиялык негизи // Тил, адабият жана искусство маселелери. –Б. 2009. -№ 3(8).

УДК:81.0 К 58

Кожоева Г., Ош МУ

Табигый жана тилдик эмес кайталоолор

Бул макалада табигый жана тилдик эмес кайталоолор жөнүндө сөз болот.
В этой статье рассматриваются естественные и не языковые повторения.
In this article the natural and non languge revsion is investigated.

Табияттын кубулуштарына да кайталоо мүнөздүү. Күн менен түндүн, жыл мезгилдери болгон жаз, жай, күз, кыштын кайталанышы карапайым аң-сезимде чексиз кайталануулардын үлгүлөрү катары кабыл алынат. Бирок убакыттын өлчөмү менен алганда бул кубулуштар кайталанбайт, ар бири убакыт тизиминде орун алып, өз орду менен өтүп турат. Убакыт чексиз бир багыттуу, ал чегинбейт, кайталанбайт, ошондуктан аны түзүүчү элементтер (доор, кылым, жыл, жыл мезгилдери, күн-түндөр, сааттар…) да өтүп турат, бирин экинчиси кайталабайт. Ошондон уламбы Гераклит айткан экен: «Бир сууну эки жолу кечпейсиң», - деп. Кийинки жолу сууга

кирсең, башка убакытта, башка сууга, башка орунда (жер да өз ордунан жылып кетти да), башка сапатта (аз да болсо карыдың да) киресиң.

Бирок философияга, астрономияга ж.б. илимдерге таянбаган демейдеги ойлоо мындай кубулуштардан кайталоолорду гана көрө алат. Бир жылдын төрттөн бир бөлүгү кыш болгондуктан ар жылы бул мезгил бирден келип турат. Ушундай эле сапатка жаз мезгили да ээ. Жыл ичинде кайталанчу кубулуштарга гороскоптук календарды да кошууга болот. Ал эмес он эки мүчөлдүн оошуп келип турушу да мезгил циклдеринин кайталанып турушу катары кабыл алынат.

Жыл ичиндеги он эки айдын, ар бир айдын ичиндеги төрт аптанын, ар бир аптанын ичиндеги күндөрдүн (жекшемби, шаршемби ж.б.) кайталанып турушу убакытты чектөөнүн, бөлүштүрүүнүн, практикалык максатка ылайык өлчөөнүн, табияттын кубулуштарына карап мерчемдөөнүн ишке ашышы катары бааланат. Саат жебелеринин убакытты өлчөө менен күн-түндү 24 саатка, саатты минутага, минутаны секундага чектеп бериши да кайталануунун көрсөткүчү катары сезилет. Кадимки ойтуюмда секунда, минута, саат, күн, түн, күн-түн, жекшемби, январь, кыш үзгүлтүксүз эле оошуп, кайталанып келе бергендей байкалат.

Об этом же свидетельствуют кокандское сочинения XIX века - "Мират ал футух" - "Зерцало побед" Тура ходжа Андижани, в котором говорится, что дома представителей кыргызского племени джибилгиш (здесь, видимо, описка; вернее, чон багыш - Д.С.) и кыпчак находятся в междуречье (Нарына и Кара-Дарьи - Д.С.), а "родина их находилась в окрестностях Андижана и Оша" [цит. по: 32. С. 33].

Интересные сведения о г. Ош и его окрестностях имеются в русских источниках. Так, унтер-офицер Нижнегородского полка Филипп Ефремов сбежав из казахского плена в 1764 г. и став "странником по неволе", служил во дворе Бухарского хана. При возвращении на свою родину в 70-х годах XVIII века, он проезжал через Ферганскую долину. И вот, что он говорит в своем

отчете, составленном в Санкт-Петербурге в 1785 г.: “от Хожанту (т.е. Ходжента-Д.С.) до местечки Кукань (т.е. Коканд-Д.С.) езды 1 (один) день, при вершине реки Сыр-Дарьи; в нем державец узбек роду юзь, имя ему Нарбата бек (1770-1799 гг. правления. Возможно, здесь автор не ошибается, на что, видимо, следует обратить особое внимание в последующем, хотя, как известно, многие исследователи считают его представителем рода минг – Д.С.); а с китайской стороны именуется ханом (вероятно, так его называли неформально, мусульманское население Синьцзяна, что подтверждается китайским источником, но официальные и наротивные ферганские источники того периода не подтверждают данное положение – Д.С.) потому что он имеет с китайцами союз, а с бухарцами распрю. От оного до местечка Маргиляну (т.е. Маргелана - Д.С.) езды 1 (один) день. В нем же ткут всякого цвету трипь (т.е. материи Д.С.). От сего (Маргелана - Д.С.) до городу Ушу (т.е. Ош - Д.С.) езды 3 (три) дни в нем городовых ворот 2(два) в небольшой речке вода проточная.

От Ушу до города Кашкару (т.е. Кашгару-Д.С.) езды 13 дней. Между Ушем и Кашкарией в горах кочуют киргисцы, оные от киргис-кайсаков особливого роду. Дорога лежит по горам и по косогорию. Горы весьма высокие, лесу малое число, травы довольно, а в зимние время снегу бывает множество. У одной горы воздух весьма тяжелый, у пешего захватывает дух, отчего и умирают. Не доезжая до Кашкару за две дня в горах имеется свинцовый завод под ведением кашкарцев (здесь, видимо, он ошибается, так как по сведениям индийца Мир Иззет Уллы, относящимся к нач. XIX-го века, эти рудники обрабатывались самими же кыргызами – [см.: 52. С. 44]” [42. С. 63]. Важные коррективы были внесены им в опубликованных вариантах работы в первом ее издании 1793 г. в журнале "Русская старина" за июль месяц на стр. 143 указывалось, что "От Ушу в горах живут кочевые киргисцы". В третьей редакции 1811 г. говорится: "...киргизы обитают не в самой Бухарии, а близ оной между городами Уш и Кашкариею в горах и в равнинах кочевьями в небольшом количестве, они имеют своих князьков, почти не бывают в Бухарии, ездят часто в Кукан куда пригоняют для мены овец, быков и верблюдов... Под самым городом Уш протекает река из гор выходящая… Кукан смежен с землею киргизов...” [57. С.73, 103].

Как видим, Ф.Ефремов однозначно говорит о самостоятельности и независимости ош-алайских кыргызов от Коканда, который к тому же, вероятно, был еще малонаселен, ибо он его назвал местечком, а не городом, хотя и не исключено, что его правитель Нарбута бий уже, и сам тоже в неофициальных случаях начал примерять к себе и титул хана, более характерный к тюрко-монгольским кочевым народам. Сведения “странника поневоле” подкрепляются данными русского капитана Ивана Андреева, скрупулезно ведшего летопись своей службы в Сибири. Так в записи за 1796 г., описывая деяния кокандского правителя Нарбута бия утверждает, что он “...диких киргисцов у себя в протекции... не имеет” [цит. по: 38.С. 145].

В этой связи более чем убедительными выглядят строки одного из военных обзоров русского офицера о Фергане, второй половины XIXв., где говорится, что г. Ош является основным “центром кыргызско-кыпчакского населения”, который “они называют своим собственным городом, и в нем никогда не стояли сарбазы Кокандского ханства” [14. С. 49]. Другой русский ученый А.П. Хорошхин вполне резонно утверждал, что “Все дороги на Кашгар через Ош не безопасны, их стерегут номады (т.е. кочевники-Д.С.)- кипчаки” [61. С.51]. И все же по заключению Ф. Ефремова “разбои от кыргызов редки” [57.С.103], ибо это было в их же интересах.

В связи с вышеупаминанием русским офицером Ф. Ефремовым о том, что в Коканде правителем является Нарбута бек “узбек роду юзь” считаю уместным здесь привести любопытные сведения из объявления башкирцев Казаккул Казанбаева и Унтей Азлаева, данного ими 3 августа 1766 г. в походной канцелярии генерал-майора Черепова после возвращения со специальной посольской миссии из кочевьев казахов Среднего и Старшего жуза, которое проясняет спорные моменты истории Ферганы. В нем говорится, что казахский Аблай-султан имел сражение с кыргызским владельцем Карабута-бием (из РПГ китай – Д.С.), кочевавшего в северных предгорьях Ферганы, которому нанес поражение и он ему «дал в аманаты сына своего родного». Затем вступил в переписку с ташкентским владельцем молла Шамси и кокандским Ирдана-бием. В ожидании ответов «Аблай султан пошел на крыгь юзов из числа называемых кыргызов (выделено мною – Д.С.) уже выехавших в летнее кочевье войною и всех их разбил и в полон взял… И тех крыгь юзов владелец Фазил бий (по-видимому Ура-Тюбинский т.е. Ходжентский – Д.С.). прислал Аблай-султану сына своего с тем, чтобы отдать ему плененных обратно, которых он и отдал и взяв Аблай у оного Фазил бия в аманаты сына его, чтобы ему Фазил бию быть у Аблай султана в подданстве, но только оный Фазил биев сын от него, Аблай султана, бежал и Фазил бий с прежнего своего кочевья откочевал в даль» [66. Л. 269-271].

Как видим, здесь зафиксирована родственность или, по крайней мере, союз двух этнических групп кырк и юз, подтверждаемый и ферганскими источниками. Установлено, что указанные племена в XVIII-XIX вв. составляли кочевое население Ура-Тюбинского владения, куда входили районы гг. Ура-Тюбе, Ходжент, Джизак и др.[см.: 9. С. 79]. Автор сочинения «Мунтахаб ат-таварих» написанного в 1843, Мухаммад Хаким хан называет правителя г. Ходжента первой трети XVIII века Акбото бия, сына Рахим аталыка, представителем рода юз. И тем не менее, так как в ташкентском списке этой рукописи указанной приставки юз нет, и по-скольку он имел в своем распоряжении кыргызского пансада (пятисотника) с воинами, а также основываясь на сведениях хроники «Тухват ат-таварих», написанной в середине XIX века Аваз Мухаммад Атаром, где имеется прямое указание на то, что Акбото-бий кыргыз [см.: 41. С. 130], известный исследователь востоковед В.Ромодин, как и В.Наливкин [см.: 33. С. 56-57; 106], а вслед за ним и кыргызоведы В.Плоских, Т.Кененсариев и К.Молдокасымов считают его кыргызским бием [см.: 39. С. 70-71; 22. С. 14; 29. С. 14]. В публикациях А.Валидова (Валиди Тоган) мы встречаем неопределенность, где утверждается, что юзы это «кыргызское и узбекское племя» [см.: 10. С. 78].

По мнению же А.Мухтарова «с середины XVIII в. Ура-Тюбинским владением стали управлять хакимы из узбекского племени юз» [см.: 31. С.]. Между тем, по данным бухарского историка Муини, автора «Тарих-и Бухоро», написанного вначале XX в., на которое опирался сам А.Мухтаров утверждается, что: «Племя юз некогда жил в местности Ок-Масчид (т.е. Ак-Мечит - ныне г. Кызыл-Орда в Казахстане – Д.С.) на берегу реки Сайхун (Сыр-Дарья)» и при Бухарском хане аштарханиде Имам-Кули хане (1611-1642) предок Фазыл-бия Халуке (Кулуке)-бий был назначен им аталыком в Гиссаре [см.: 31. С. 17-18]. Из этого следует, что юзы никак не могут называться изначально узбекским, по крайней мере до середины XVII века, как видим, они, по его мнению, являлись пришлым населением Гиссара.

А вот, что сообщает историк правителя Балха Надир Мухаммеда Махмуд ибн Вали, автор сочинения «Бахр ал-асрар» - «Море тайн», написанного в середине XVII века: «Одним из событий, показывающих могущество силы и величие славы милостивого хакана (Надир-Мухаммеда), является то, что в раджабе 1045г. хиджиры (декабрь 1635 г.-январь 1636 г.) двенадцать тысяч семей киргизов, которые (до этого) обитали в области Каракорум и Керулена… прибыли через Каратегин в окрестности Гиссара и (вступили) под управление счастливого государя. В новолуние шабана вышеуказанного года (10 января 1636 г.) двенадцать человек из главарей того племени прибыли в столицу (Балх), являющуюся куполом ислама, в сопровождении Хаджим Аталыка-Хытая и удостоились чести приема (Надир Мухаммеда)». Далее говорится, что эти кыргызы-язычники (кафиры) изъявили желание принять ислам и остаться в Гиссарском вилайете. Надир Мухаммед, выслушав их просьбу, отправил своего есаула в Бухару к Имамкули-хану с просьбой о покровительстве, который удовлетворил их письменным указом [см.: 18. С. 452]. По словам этого автора западные границы расселения кыргызских племен в первой половине XVII века простирались до Хутллана (Куляб) [см.: 19. С. 438].

Особый интерес приобретают сведения другого балхского историка Ходжамкули-бека Балхи, автора «Тарих-и кипчак хана», написанного в 1724-1727 гг., где указывается: “В начале того же года кунтайджи (т.е. хан джунгарских калмаков Цеван Рабдтан, умер 1727 г. – Д.С.) поспешил в ад. На его место сел его сын (Галдан Церен 1727-1745 – Д.С.). Примерно лак (сто тысяч – Д.С.) домов киргизов обосновавшихся в Каратегине, бежав от калмаков, прибыли в Хисар-и шадман. Поскольку (эта область) являлась юртом племени йуз (как выше указанно входящих в состав кыргызов – Д.С.), они не смогли осесть там ввиду чего подобно селю (потоку воды –Д.С.) хлынули в сторону Кубадиана (Куляб – Д.С.) – местообитание двадцати тысяч домов племени дурмен. Халмурад аталык хаким Кубадиана перепоясался поясом противодействия. Некоторое время сражались друг с другом, с обеих сторон пало значительное число людей. В конце концов киргизы одолели, а обращенные в бегство дурмены переправились через Джейхун (Аму-Дарья – Д.С.) в сторону Балха” [60. С. 266-267]

Кыргызские историки профессор Э.Маанаев и Т.Машрапов, специально изучавшие эти вопросы, пришли к выводу о пребывании кыргызов в пределах Каратегина и Гиссара с XVI в. [см.: 23. С. 9; 27. С. 149], а в Фергане они прослеживаются еще ранее [см.: 7. С. 77; 46. С. 125-131].

Статистические данные об общей численности кыргызского населения южной части Кыргызстана почти отсутствуют, а те вышеприведенные нами разрозненные и минимальные сведения о количестве семей по некоторым зачастую запутанным урочищам не дают возможности подытожить их. В этом отношении примечательна информация, содержащаяся в письме

кыргызского Аджи бия из РПГ адигине к цинскому императору, датированный сентябрем 1759 г., и помещенного в “Пиндин Чжунгээр…” в гл. 78, с. 14 б, где утверждается, что численность кыргызов населявших местности ”к востоку от Бухары (видимо имелось ввиду до г. Кашгара – Д.С.)… всего 210 тыс. чел.” [цит. по: 55. С. 56]. Приблизительно такие же сведения приводит и другой китайский источник ”Сиюй чжи”, где в гл. 45, с. 3б, автор ведя речь о западных бурутах, указывает: “Хотя орда разделяется на несколько племен, она однако, обитает на одной территории, которая к юго-востоку упирается в Цзун-лин и на запад простирается до Бухарского ханства. Она состоит всего из 200 тыс. чел., которые ведут кочевой образ жизни и кочуют, там где есть вода и трава” [цит. по: 8. С. 129]

Кыргызский народ, несмотря на наблюдавшуюся в это время, некоторую разобщенность, прежде всего из-за значительной степени кочевнического образа жизни, более тяготевшей к сегментации и дифференциации [см.: 24. С. 310-311; 25. С. 159-160], обусловленное отчасти, так же заселением ими пересеченной местности, нередко, изолировавшее их не только от внешнего мира, но и друг от друга, при надобности всегда находила в себе силы для единения и защиты своих земель от чужеземных завоевателей. Неприступные горные вершины и непоколебимый воинственный дух кыргызов, а также их глубокий патриотизм, облегчали решение этой задачи.

Таким образом, вышеприведенные сведения в целом верно отражают основные территории кыргызского населения фергано-кашгарского региона со второй половины XVIII в., они прослеживаются и материалами этнологического характера, относящиеся к концу XIX в., первой и второй трети XX в. [51.С. 92-110; 56. С. 273-300; 13. С. 136-181]. Данные эти твердо убеждают нас в том, что г.Ош и его окрестности в описываемое время прочно были заселены кыргызами. В отношении политической истории региона XVIII столетия по-прежнему остаются актуальными выводы, сделанные еще в середине XX в. русским историком П.П.Ивановым, где утверждалось: “власть кокандских правителей до начала XIX в. ограничивалось одной только Ферганской долиной, притом, по-видимому, только центральной ее частью. На северо-востоке долины, до Алая и Кашгарии включительно, играли главную роль киргизы, занимавшие в это время не только северные, но и южные склоны Тянь-Шаня.”[17.С.110].

Во взаимоотношениях южно-кыргызского населения с соседними представителями других народов Ферганы, несмотря на наблюдавшиеся некоторые разногласия в целом сохранялись доброжелательное равноправие и союзничество, особенно проявляясь при угрозе или в пору военных вторжений иноземцев в Фергану. Более того они наглядно свидетельствуют о переплетенности и неразрывности судеб соседних народов. Благодаря общности языка, религии, традиций, а также постоянной потребностью взаимных хозяйственных связей между собой, живя в вперемешку в зависимости от политической, экономической и экологической ситуации, находили оптимальные пути взаимопонимания.

Утвердившееся ранее в российской, а затем механически перенятое советской историографией и поныне муссирующееся положение о завоевании Кокандским ханством территории Кыргызстана, точнее Ферганским владением и угнетение им кыргызского населения, мягко говоря, является надуманным пассажем. Данное обстоятельство в свое время являлось идеологической основой внешнеполитической доктрины Российской империи по ее продвижению на юго-восток к новым территориальным приобретениям в Средней Азии .

Поучительные уроки прошлого наглядно свидетельствуют о верности народной мудрости: «В единстве сила и благополучие». Так, давайте же, дорогие соотечественники, будем и впредь верны единству и сплоченности народа родного Кыргызстана, оберегая и укрепляя его на вечные времена. И жить в мире и согласии со всеми народами, и прежде всего со своими узбекскими братьями – соседями. Фергана была и есть долиной дружбы и взаимопонимания!

Использованные источники и литература:

1. Абдрахманов И. Казак кайын саап, кыргыз Ысарга киргени. Рукоп. Б.М., 1948//РФИЯЛ НАН КР. Инв. 413.
2. Акаев А. Вырастим цветущий сад, свободный от потрясений.// Слово Кыргызстана. 1999. 29 января. С.2.
3. Андреев И. Описание Средней орды киргис- кайсаков с касаюшими до сего народа // Новые ежегодние сочинения. Ч.CXII. Спб., 1795.
4. Аттокуров С. Кыргыз санжырасы. Бишкек, 1995.

5. Бартольд В.В. Каратегин // Изб. труды по истории кыргызов и Кыргызстана. Бишкек, 1996.
6. Бартольд В.В. История культурной жизни Туркестана.Ленинград., 1927.
7. Бартольд В. Очерки истории Семиречья. Фрунзе, 1943.
8. Бернштам А. Источники по истории киргизов XVIII века // Вопросы истории. 1946. №11-12.
9. Бейсенбиев Т. «Тарих-и Шахрухи» – как исторический источник. Алма-Ата, 1987.
10. Валидов А. Некоторые данные по истории Ферганы XVIIIго столетия // Протоколы заседаний и сообщений членов Туркестанского кружка любителей археологии. Год 20-й. Ташкент, 1916.
11. Валиханов Ч.Ч. Описание Алтышара или шести восточных городов китайской провинции Нан Лу (Малой Бухарии) в 1858-1859 гг. // Соб. соч. в 5-ти томах. Т.3. Алма-Ата, 1985.
12. Валиханов Ч. Черновые материалы о киргизах // Собр. соч. в 5-ти томах.Т.2.Алма-Ата, 1985.
13. Винников Я. Родо-племенной состав и расселение киргизов на территории Южной Киргизии // Труды Киргизской археолого-этнографической экспедиции. Т.1. Москва, 1956.
14. Военные действия против Кокандцев в 1875-1876 гг. СПБ., 1876.
15. Гуревич Б.П. Международные отношения в Центральной Азии в XVII-первая половина XIX в.2-е изд. Москва, 1983.
16. Гумилев Л. Древние тюрки. М., 1993
17. Иванов П.П. Очерки по истории Средней Азии. XVI - серед. XIX в. Москва, 1958.
18. История Киргизской ССР с древнейших времен до наших дней. Т.1. Фрунзе, 1984.
19. Источниковедение Кыргызстана с древности до XIX в. Бишкек, 1996.
20. Койчуев А. Национально-территориальное размеживание в Ферганской долине (1924-1927 гг.). Бишкек, 2001.
21. Кузнецов В.С. Цинская империя на рубежах Центральной Азии / Вторая половина XVIII - первая половина XIX в. Новосибирск, 1983.
22. Кененсариев Т. Кыргыздар жана Кокон хандыгы. Ош, 1997.
23. Маанаев Э. Памирские киргизы (Историко-этнографический очерк). Автореферат. Дис. канд. ист. наук. Фрунзе, 1963. С.9.
24. Марков Г.Е. Кочевники Азии. Москва, 1976.
25. Масанов Н.Э. Кочевая цивилизация казахов. Алматы, 1995.
26. Материалы по истории Ура-Тюбе / Сб. актов XVII-XIX вв. Москва, 1963.
27. Машрапов Т. Значение персоязычных источников в изучении истории Кыргызстана XVI-XVII вв. Рукоп. Дис. канд. ист. наук. Ташкент, 1989. С.149.
28. Мухаммед Хаким хан. “Мунтахаб ат-таварих”, перевод извлечений Э.Хуршута // Материалы по истории Средней и Центральной Азии X-XIX вв. Ташкент, 1988.
29. Молдокасымов К. Достуктун тубу теренде// Кыргызстан Маданияты. 1990. 6 сент.
30. Мухтаров А. К истории народного движения в Бухарском ханстве в первой четверти XIX века // Изв. отделения общественных наук АН Таджикской ССР. 1963.№1(32).
31. Мухтаров А. Очерк Ура-Тюбинского владения в XIX в. Душанбе, 1964.
32. Набиев Р.Н. Из истории Кокандского ханства. Ташкент, 1973.
33. Наливкин В. Краткая история Кокандского ханства. Казань, 1886.
34. Нийяз Мухаммед Хуканди “Тарих-и Шахрухи”, перевод извлечений В.Ромодина // Материалы по истории киргизов и Киргизии. Вып. I. Москва, 1973. (Далее сокр. МИКК). С.233-237.
35. Оморов А. Ажибек датка. Бишкек, 1996.
36. Ошская резня 1990 года. Хронология трагедии (08.06.2010)//http://www.fergananews.com/article.php?id=6601
37. Петров К.И. Очерки феодальных отношений у киргизов в XV-XVIII веках. Фрунзе, 1961.
38. Потанин Г.Н. Домовая летопись Андреева // Чтения в обществе истории и древностей при Московском университете. 1870. Кн.4. - Москва, 1871.
39. Плоских В.М. Киргизы и Кокандское ханство. Фрунзе, 1977.
40. Раззаков Т. Ош коогаланы: КГБ нын маалыматы боюнча. Бишкек, 1993. С. 6, 10, 83-85, 104-109;
41. Ромодин В., Кондратьев А. Опыт сопоставления сведений из китайских, кокандских и русских источников // Советское востоковедение. 1958. №4.

42. Российского унтер-офицера Ефремова, а ныне коллежским асессором девятилетнее странствование и приключения в Бухарии, Хиве, Персии и Индии и возвращения оттуда через Англию в Россию. Писанное им самим. Рукоп. СПБ., 1785. // Рукописный отдел Гос. библ России в г. Москве (бывш. им. В.И.Ленина).Ф. 68. №276 (М.6744).

43. Сайф ад-дин Ахсикенти. “Маджму ат-таварих”, перевод извлечений В.А.Ромодина // МИКК. С.203-216.

44. Салахетдинова М.А. Сочинение Мухаммед Садыка Кашгари “Тазкира-и ходжаган” - как источник по истории киргизов // Изв. АН Кирг. ССР (Серия: Ощбеств. науки) - Т.1. - Вып. 1. - Фрунзе, 1959.

45. Сапаралиев Д. Взаимоотношение кыргызского народа с русскими и соседними народами в XVIIIв. Бишкек,1995.

46. Сапаралиев Д. Взаимоотношения кыргызов с эмиром Тимуром и тимуридами // Кыргызстан – наше отечество: история взаимосвязей. Бишкек: Мурас, 1997.

47. Сапаралиев Д.Б. Зарождение дружественных взаимоотношений киргизов с народами Средней Азии и Казахстана // История и современность. Фрунзе, 1982. С.19-26.

48. Сапаралиев Д.Б. Из истории Ферганы в середине XVIII в. // Вестник Кыргызского Государственного Национального Университета / Серия: Общественные науки. Вып. 3. 1995.

49. Сапаралиев Д.Б. К хронологии кокандских правителей в середине XVIII в. // Материалы VIII межреспубликанской научной конференции молодых ученых АН Киргизской ССР. Фрунзе, 1986.

50. Сапаралиев Д.Б. Новые сведения об истории основания Кокандского ханства // Кыргызстан - наше отечество: История взаимосвязей. Бишкек, 1997.

51. Ситняковский Н. Перечисление некоторых родов киргиз обитающих в восточной части Ферганской области // Изв. Туркест отд. русс. геогр. общ. Т.2. Ташкент, 1900.

52. Соколов Ю.А. Путешествие Мир Иззет Уллы в Кокандское ханство в 1812 г. // Труды Среднеазиатского государственного Университета. Вып.78. Ташкент, 1956.

53. Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. Т. 1. Бишкек, 1993.

54. Супруненко Г.П. Материалы из китайских источников по истории кыргызов XVIII- нач. XIX вв. Фрунзе, 1976. Рукопись // РФИИ НАН КР.

55. Супруненко Г.П. Китайские источники о кыргызах в XVIII-нач. XIX вв. Фрунзе, 1979. Рукопись // РФИИ НАН КР.

56. Сыдыков А. Родовое деление киргиз // В.В.Бартольду. Ташкент, 1927.

57. Странствование Филиппа Ефремова в Киргизской степи, Бухарии, Хиве, Персии, Тибете и Индии и возвращение оттуда через Англию в Россию. В соавторстве, под редакцией и от лица магистра ист. наук П.Кондырева. Изд. 3-е. Казань, 1811.

58. Тауасарулы Казыбек бек. Туп-тукианнан озуме шеин. Алматы, 1993.

59. Хасанов А.Х. Экономические и политические связи Киргизии с Россией. Фрунзе,1960.

60. Ходжамкули-бек Балхи. “Тарих-и кипчак-хани”, перевод извлечений Э.Хуршута // Материалы по истории Средней и Центральной Азии X-XIX вв. Ташкент, 1988.

61. Хорошхин А.П. Сборник статей касающихся до Туркестанского края. СПБ., 1876.

62. Элебаева А.Б., Джусупбеков А.К., Омуралиев Н.А. Ошский межнациональный конфликт. Социологический анализ. Бишкек, 1991

63. Эсенкул Торокан уулу. Сол канат кыргыз. Кн.3. Бишкек, 1995.

64. Архив внешней политики России (далее сокр. АВПР). Ф. Зюнгарские дела, 1741 г. Оп. 113/1.Д.1.

65. АВПР.Ф.Сношения с киргиз-кайсаками, 1775 г. Оп. 122/1.Д.1.

66. АВПР.Ф.Киргиз кайсацкие дела, 1762-1775 гг. Оп. 122/2. Д.14.

67. Архив геогр.обш. России Р. 64. Оп.1. Д.14. Л.

68. Госархив Оренбургской области России. Ф.1.Оп.1.Д.1.

69. Госархив Омской области России (далее сокр. ГАОмОР). Ф.1 Оп.1. Д.85.

70. ГАОмОР. Ф.366. Оп.1. Д.60.

71. Центральный Государственный военно-исторический Архив России (далее сокр. ЦГВИАР). Ф.20. Оп.1/47. Д.594. Ч.4.

72. ЦГВИА54. Ф.20. Оп.1/47. Д.594.Ч.5.

73. Центральный государственный архив древних актов России. (далее сокр. ЦГАДАР). Ф. 248. 0п. 113. Д.1551.

74. ЦГАДАР Ф.248. Оп.113. Д.1607.
75. Временное правительство КР назвало поддержку Ислама Каримова исключительной//http://www.azattyk.org/archive/kyRussianNews/20100616/829/832.html.
76. Кыргызские матери благодарны президенту Узбекистана// http://www.azattyk.org/content/Kyrgyzstan_Citizen_Journalist/2091182.html
77. В Кыргызстане Ислама Каримова выдвигают к госнаграде //http://www.azattyk.org/content/news/2260981.html.

УДК:958:300.372

Смадияров С.П. (ОшМУ)

УРКУЯ САЛИЕВА: ӨМҮРҮ ЖАНА ИШМЕРДИГИ (тактоо иретинде)

В данной статье автор на основе архивных материалов внес научное уточнение жизни и деятельности У. Салиевой.

In given article author on base archive material contribute;cause scientific revision to lifes and activity U. Salievoy.

Тарых дооpлордон турат. Кылымдарды карыткан кыргыз эли да өзүнүн өнүгүүсүндө бир нече тарыхый дооpлорду басып өткөн. Ар бир доор өзүнүн улуу тарыхый инсандарын, эл керегине жараган, эли үчүн жанын курмандыкка берген каармандарын жараткан. Кечээги эле тарыхыбыз болгон совет доору элибиздин саясий, экономикалык, маданий өнүгүүсүндө бараандуу орунду ээлейт. Айрым бир саясатчылардын, тарыхчылардын: “Совет доору колониялдык доордун эле уландысы болгон” деген ойду айтып, совет мезгилине адилетсиз көө жапкылары келген аракети көңүл бурууга арзыбайт. Совет мезгилинин болгондугу, ошол доордогу улуттук мамлекеттүүлүгүбүздүн түптөлүп, өнүгүүсү гана 1991-ж. эч кандай саясий эксцессиз эгемендүүлүгүбүздү алууга өбөлгө жаратты. Бул талашсыз тарыхый факт.

№ 1 сүрөт
№1 сүрөт - Уркуя Салиеванын тирүү кезинде түшкөн жалгыз сүрөтү (Ош облустук мамлекеттик архивинен алынды).

Албетте, совет бийлиги оңой – олтоң эле орноп калбагандыгы баарыбызга белгилүү. Ал көптөгөн курмандыктардын, кан төгүүлөрдүн натыйжасында орноп, чыңдалып, өнүккөн. Бул аңсуз күрөш, өзүнүн каармандарын жараткан. Айтаарыбыз, совет бийлиги убада кылган жаркын келечек, адамдардын, аялзатынын теңдиги үчүн, адилет заман үчүн күрөшүп жатып, кырчындай жаш мезгилинде курман болгон кыргыздын баатыр, чыгаан, сырттан кызы бул - **Уркуя Салиева.**

Уркуя Салиева ата – энесинин жалгыз кызы болгон. Балким ушул абал дагы анын мүнөзүнүн калыптанышында чоң роль ойногондур. Ал башка кедей кембагалдардын балдарындай коркуп, корунбай, тайманбас, өз оюн ачык айткан, адилет, калыс , таамай сүйлөгөн уюштургуч, баатыр жүрөк кыз болуп калыптанган. Азыркы тил менен айтканда бардык лидердик сапаттарга ээ болгон. Анын кышында мергенчилик кылып көзгө атар мерген, атта мыкты жүргөн чабандес, кээде эр оодарышка, ат чабыштарга катышкандыгын жазышат. Ал Колдош деген чайрикерге турмушка чыгып, азыркы Төөлөс (мурдагы Меркит айылы, Уркуя Салиева колхозу) айылына келин болуп келген. Ошого карабастан ал, өзүнүн жеке сапаттарынын аркасында (калыс адилет сүйлөгөн, кайраттуу, баатыр жүрөк, уюштургуч болгон) карапайым элдин кадыр баркына ээ болгон. Күйөөсү экөө комсомолдун катарына

өтүшкөн. Комсомол уюму , комсомол жаштар ал мезгилде коомдо, жаңы заманды курууда зор күч болгон. Ушул фактор дагы Уркуя Салиеванын коомдук ишке активдүү аралашуусуна өбөлгө жараткан. Ушул мезгилден анын активдүү коомдук саясий ишмердиги башталган. Ал айыл айыл кеңешинин төрайымы болуп шайланган (шайланган!!!). Мектеп ачкан, аны керектүү жабдыктар менен камсыз кылган. Алгачкы колхозду Кызыл Аскер колхозун уюштурган, анын төрайымы болгон. Партиянын катарына кабыл алынган. Ошол мезгилдеги эң жогорку бийлик органы болгон Кыргыз АССРынын БАКынын мүчөлүгүнө шайланган. (Бул азыркынын ЖКсы, демек депутат болуп шайланган). Ал сабатсыз болсо да, акылы, жүрөгү менен элди эзген чоң курсак байлардын заманы бүтүп, өзүнө окшогон ак эмгеги, маңдай тери менен жашаган карапайым элдин заманы келгенин, Совет бийлиги алардын бийлиги экенин туйган. Ошондуктан күн түн дебей, чарчадым чаалыктым дебестен ак жүрөгү менен жанын үрөп иштеген. Бул элге кызмат кылуунун ҮЛГҮСҮ.

Уркуя Салиеваны жана анын күйөөсү Колдошту мыкаачылык менен өлтүрүшкөндө, ал болгону 27 жашта болгон. Эгерде анын өмүрү эрте кыйылбаганда, ал партиялык, мамлекеттик эң жогорку кызматтарга көтөрүлмөк, анын ишмердүүлүгүнүн масштабы кеңеймек, элине мындан да көп кызмат өтөмөк. Айла жок!!!

Уркуя Салиева тирүү кезинде эле эл арасында ага арналып “Кызай” деген казал чыккан. Төмөндө мына ошол казалдан үзүндү келтиребиз.

Жерибиз Тактек жайдарым кызай
...
Сөзүңүз канат байлатат кызай
Күнбү же түнбү коркпойсуң кызай
Күйүмү күчтүү оттойсуң кызай
Кедейге шамсың жагылган кызай
Байларга тийген чагылган кызай
Көргөздүң көзгө жазыгын кызай
Байлардын берип катыгын кызай
Адатты буздуң мурдагы кызай
Акылман чыгып мындагы кызай
Уркуя атың шаң болду кызай
Уккандар баары таң болду кызай.

Бул, элинин У. Салиевага берген баасы.

Советтик доордо мамлекет тарабынан, коомчулук тарабынан жасалган бир топ иш чаралардын натыйжасында У. Салиеванын ишмердүүлүгүнө адилет баа берилип, анын тарыхый бейнеси, өмүр таржымалы толук ачылгандай болгон. (музейи ачылган, көчөлөргө, мектептерге аты берилген, эстеликтери ачылган, тарыхый роман жазылган (Н. Байтемиров “Тарых эстелиги”), кинофильм тартылган (1972-ж. Т. Океев. “Отко таазим”, Т. Турсунбаева Уркуянын ролун ойногон – С.С.).

Бирок, биз У. Салиеванын 100 жылдык маараксине байланыштуу көптөгөн адабияттарды карап олтуруп, бул пикирдин чындыкты толук чагылдырбагандыгына күбө болдук. Адабияттарда авторлор тарабынан берилген маалыматтардын ар түрдүүлүгүнө таң калдык. Буга чейин У. Салиеванын өмүр таржымалы атайылап илимий изилдөөгө алынбагандыгын байкадык. Ошондуктан, У. Салиеванын тарых таржымалы атайын изилдөөгө алынып, көп фактыларды текшерип, тактай турган иш экендигине ынандык.

Бул жерде белгилей кетчү нерсе, тарыхый романдарда, көркөм адабиятта тарыхый фактылардан четтеп кетүүгө жол берилет. Бирок, белгилүү чекке чейин гана. Ал эми, тарых илиминде, тарыхый фактылар, такталган тарыхый фактылар гана сүйлөш керек. Мына ушул маселеге келгенде У. Салиеванын тарыхында, анын тарыхын жазуу ишинде бир топ проблемалар бар.

Эми сөзүбүз куру болбос үчүн бир эки мисалга токтоло кетели:

Биринчиси, У. Салиеванын туулган жылына байланыштуу. Мына, арадан 100 жыл өтсө да У. Салиеванын туулган күнү такталган эме, ага аракеттер да жасалбаган. Көп адабияттарда, энциклопедияларда (советтик, эгемендүүлүк доорундагы), эстеликтердеги жазууларда, анын туулган күнү 1910 - ж. деп берилип жүрөт. Ал эми, үстүбүздөгү жылдын 3 - сентябрындагы “Ош Жаңырыгы” гезитиндеги макалада анын туулган жылы эч кандай документалдык далили жок эле 1911 - жылдын 17 - февралы деп берилген. Ушуга байланыштуу биз архивдик материалдарды

карап чыгып, архивдик документтердин негизинде бул датаны тактоого жетиштик. У. Салиеванын туулган жылы эч кандай 1910, 1911 - жылдар эмес, 1907 - ж. болуп чыкты**. Буга далилдер: 1-си 1932 - ж. У.Салиеваны партияга кабыл алууда түзүлгөн Протокол. Анда латын тамгасы менен (кыргызча) мындай деп жазылган:" Уркуя Сали келини 1907 - ж. туулган".**

2-далил: У. Салиева менен күйөөсү Колдош өлтүрүлгөндөн кийин, медициналык экспертиза жүргүзүлүп, төмөнкүдөй жыйынтык (заключение) чыгарылган: "... Уркуя Салиева 27 жашта, анын күйөөсү Колдош Салиев 34 жашта. Экөөнүн тең кекиртектери кесилген, башка жараттары жок...". Бул документке медсестра Федосья Самодурова жана ОРОнун (райондук милициянын кылмыш издөө бөлүмү – С.С.) адамы кол коюшкан.

Эң кызыгы – мурдагы (ремонттолуп, жаңыланганга чейинки. Ремонт иштери У. Салиеванын 100 жылдыгына карата 2011ж. жасалган – С. С.) музейдеги эски бюсттун алдында У. Сапиеванын өмүр жылдары 1907 – 1934 - жж. деп берилген. Музейдин жанындагы күмбөзүнө коюлган эстеликте да ушундай жазуу болгон. Анан, 1910 - ж. кайдан чыга калды деген суроо туулат? Көрсө, Н. Байтемиров У. Салиева колхозуна келип, келечектеги тарыхый романына материал жыйнап жүргөндө, көбүнчө Гайбалы Мамаюнусовдон (Г. Мамаюнусов У. Салиева өлгөндөн кийин, анын аты берилген кохоздо 30 жылдан ашык раис болуп иштеген – С.С.) **маалымат алган. Ошол киши Уркуя Салиеванын туулган жылын 1910 - ж. деп айтып койгон. Демек, тарыхый чындык үчүн, келечек муунга уят болбош үчүн У. Салиеванын өмүр жылдарын 1907 – 1934-жж. деп жазуу туура болот.**

Экинчиси, У. Салиеванын өлүмүнө байланыштуу кырдаал. Советтик тарыхнаамада, азыркыга чейин деле У. Салиеваны тап душмандары, бай манаптар, кулактар өлтүргөн деген пикир өкүм сүрүп келет. Биз архивдик материалдарды карап, бул чындыктын жарымы гана экендигин тактадык.

У. Салиеваны жана анын күйөөсүн өлтүргөндөр төмөнкүлөр болушкан:

1. Абылкасымов Мадали – кулак.
2. Абдыразаков Козу(Казы деп да берилет – С.С.) – "Кызыл Аскер" колхозунун жалпы жыйналышында уруктук үрөөн бербегендиги үчүн колхоздон кулак катары чыгарылган (Прот. №5, 06. 04. 1933ж.)
3. Арунов Эшмат – 1932ж. "Кызыл Аскер" колхозунун төрагалыгынан алынган.

Бул үчөө өлүм жазасына өкүм кылынган.

4. Арунов Баймат Эшматтын бир тууганы.
5. Анаркулов Шарип – эгин айдоону кечиктиргени үчүн кедей болсо да колхоздон чыгарылган. (Прот. №5, 06. 04. 1933ж.).
6. Анаркулов Токтосун Шариптин бир тууганы
7. Ташев Бегалы – 1931ж. 15 январынан тартып Меркит - Мүркүт (1 Май) сельсоветинин катчысы болуп бекитилген. **Ушул эле мезгилден У. Салиева аталган сельсоветтин төрайымы болуп шайланган.**
8. Абдуллаев Төрөбай – кулак???

Бул бешөө ар кандай жылга кесилген. Мына сегизинин бешөө У. Салиева менен бирге иштеген, кедей дыйкандардан эле чыккан адамдар болуп атат. Анан кайдагы тап душмандары. Мындан кандай жыйынтык чыгарууга болот ? Бул баягы эле кыргыздын **көрө албастыгынын, мансапкордугунун натыйжасы** . Өкүнүчтүүсү, бул көрүнүш азыркы күндө деле улануда, албетте бир аз маданияттуу формада. Азыр да кимдир бирөө кызматтан алынса, адилет алынса дагы, эртеси оппозиционер болуп чыга келет. Бул т**уруктуу позициянын, туруктуу принциптердин, туруктуу идеянын ЖОКтугу.**

Эң өкүнүчтүүсү У. Салиеванын өлүмүнө өбөлгө жараткан дагы эки адам болгон. Алардын **бири – Бактыбаев Мухаммед,** Обком партиянын уполномоченныйы , СНКнын иш башкаруучусу, (ГПУнун маалыматы - бҮп, 28лет, из крестьян бедняков, неимущий, имеет нач. образование, педагог), **экинчиси райкомпартиянын уполномоченныйы,** райбюронун мүчөсү **Усөнов Жоро** (ГПУнун маалыматы - 40лет, бҮп(исключен), малограмотный, чл. колх., из дехкан бедняков.). Алар, 1933 - ж. сентябрь айында келип, жыйналыш өткөрүп, жалган материалдардын негизинде У. Салиеваны сельсоветтин төрайымдыгынан алышып, партиядан чыгарышып, кулакка тартышып, үй мүлктөрүн конфискациялашкан (2 уй, 2 торпок, 1 кой, урукка жыйнаган жүгөрүсүн – С.С.). Мына ушуга канат байлаган У. Салиеванын жогорудагы каршылаштары, аны биротоло тындым кылалы деп, 1934 - ж. 3 - февралынын түнүндө мыкаачылык менен өлтүрүшкөн.



№ 2 сүрөт Уркуя Салиева өлгөндөн кийин, некрологунда берилген сүрөт. (Врачтар тарабынан мойну тигилип, көзү ачылып туруп тартылган)

Ага чейин Уркуя Салиева Ноокат РКИсине (партиянын райондук көзөмөлдөө инспекциясы – С.С.) кайрылганына карабастан, анын иши текшерилген эмес. **Кандай кайдыгерлик – ушул көрүнүш да анын өлүмүнө себепкер болгон.** 1934 - ж. 23 - февралында гана (өлгөндөн 20 күн өткөндөн кийин – С.С.) "...У. Салиева туура эмес партиядан чыгарылган, кайрадан партияда тикеленсин" деген чечим чыккан. Ушул эле токтомдо У. Салиеваны өлтүргөндөрдү издөө иши жакшы жүрбөй жаткандыгы белгиленип, РУМдун (райондук милиция башкармалыгы – С.С.) начальниги Белых тергөө ишинен четтетилген жана партиялык жоопко тартылган.

Ал эми Бактыбаев М. менен Усенов Жоро кийин, 109ст. менен сот жообуна тартылышкан.

Жогоруда келтирилген фактылардын негизинде төмөнкүдөй жыйынтык чыгарууга болот. У. Салиеванын өлүмүнө өбөлгө жараткан 4 фактор болгон. Алар:

1. Тап күрөшүнүн курчушу, анын ырайымсыз формага өтүшү, бул тап душмандарынын агониясы эле.
2. У. Салиева менен чогуу иштеген, кедей дыйкандардан эле чыккан адамдардын чыккынчылыгы (Ташев Бегалы, Арунов Эшмат, Арунов Баймат, Анаркулов Шарип, Анаркулов Токтосун ж.б.). Алардын баш кесерлердин тарабына өтүп, алардын жетегинде болушу. Алар эмне үчүн андай ишке барышты?: 1- себеп, алардын көрө албастыгы, мансапкордугу, 2 - си У. Салиеванын аларга адилет, бирок катаал мамиле кылышы. Планды аткаруу керек болгон. 3 - сү аларда таптык аң – сезимге караганда уруулук аң – сезим күчтүү болгон.
3. Бийликтин жогорку кызматтагы айрым өкүлдөрүнүн тап душмандары менен табакташ болушу (М. Бактыбаев, Ж. Усенов). Азыркы тил менен айтканда, расмий бийликтин айрым бир өкүлдөрүнүн криминал чөйрө менен табакташ болушу.
4. Коомчулуктун, ошол эле колхозчулардын, айрыкча бийлик өкүлдөрүнүн У. Салиеванын тагдырына, ага жасалган адилетсиз мамилеге КАЙДЫГЕР болушу.

Уркуя Салиеванын балдарынын келечеги да кейиштүү болгон. Чоң кызы Аниса, бул мыкаачылыкты өз көзү менен көрүп, сакоо болуп калган. Кийин аны Өзбекстандагы туугандары алып кетип, ошол жакта каза болгон. Колундагы бөбөгүнө болгону 21 күн болгон, демек 40ы да чыга элек болгон. Ал да көп өтпөй эле чарчап калган. Ал эми ортоңку баласы – Кенеши, интернатта (Россияда) тарбияланып, кийин орус кызга үйлөнгөн. Келип, Уркуя Салиева атындагы колхоздо жашап, иштеген (трактор айдаган). 3 балалуу болгон (Юра, Сергей, Галина). Кийин трактор басып өлгөн. Азыр Төөлөс айылында Сергейи гана калган. Галина атасы өлгөндөн кийин, апасын алып кетип, Уфада турат.

Ар бир доордун кайсы бир мезгилинде, элдин башына оор күн түшүп, кыйынчылык заман келгенде, туура жолду тандап, эл биримдигин сактап, элди ошондой оор абалдан алып чыгып кетүү милдети күн тартибине коюлат. Мына ошондой мезгилдерде, элдин оор жүгүн аркалаган кыргыздын акылман, көсөм, кеменгер аялдары боло келген. Алар, шум замандын катаал тоскоолдуктарынан коркпой, аялмын деп мүңкүрөбөй, сырттандардай болуп, бул милдетти

моюндарына алышкан. **Ага тарых күбө.** Кечээги эле тарыхыбыздагы Курманжан датка, Уркуя Салиева ж.б. анын далили. “Кайсы бир элдин маданиятынын деңгээли, алардын аялзатына жасаган мамилесинен байкалат”,-деген **улуу сөз бар**. Биздин милдет аялзатын сыйлап, алардын элине кылган эмгегин адилет баалап, маданияттуу болуу.

Булактар жана адабияттар:

1. Ош обл. мамархиви ф. 1, оп.1, иш кагазы. 397, 8 б.
2. Ош обл. саясий архиви ф.1, оп. 2. иш кагазы 721, 56 б.
3. Н. Байтемиров “Тарых эстелиги”. – Ф., 1968;
4. “Аялзатка таазим”. – Б., 1996.
5. “Сулайман – Тоо” улуттук тарыхый археологиялык музейинин жана Ноокат районунун Төөлөс айылындагы У. Салиеванын музейинин фондундагы архивдик документтердин көчүрмөлөрү колдонулду.

УДК:958:300.372

Смадияров С.П (ОшМУ)

Курманжан датканын өмүр таржымалын изилдөөдөгү айрым талаш маселелер жөнүндө

В данной статье автор анализирует уровень изученности жизни и деятельности Курманжан датки, о некоторых фактах искажения исторических реалий и предлагает научные методы не допущения таковых.

In given article author analyses the level learn lifes and activity Kurmanzhan datki, about some fact of the distortion history rial and offers the scientific methods not admissions such.

Казак элинин атактуу жазуучусу Олжас Сулейменовдун : “Тарыхта улуу инсандарды жаратпаган эл, тарыхтагы өз миссиясын аткарбаган эл”,-деп айтканы бар. Борбордук Азияда жашаган түрк тилдүү элдердин ичинен эң байыркыларынан болгон кыргыз эли өзүнүн кылымдарды карыткан карт тарыхында мындай инсандардын бир тобун жараткан. Алардын көч башында Курманжан датка турат десек болот. Таптык идеология үстөмдүк кылган советтик тарыхнаамада бул адамдардын ишмердүүлүгүнө адилетсиз табу коюлуп, ысымдары тарых көмүскөсүндө калып келди. Өткөн кылымдын 80-жылдарынын ортосунан башталган кайра куруу жараяны тарых илимине да эркиндик берип, алардын ишмердүүлүктөрү илимий изилдөөгө алынып, мамлекет, коом тарабынан жүргүзүлгөн бир топ иш чаралардын натыйжасында бул инсандар тарых баракчарынан татыктуу орундарын ээлешти. Андан бери чейрек кылым убакыт өтүптүр. Баарыбыз билебиз мындан 20 жыл илгери 1991 - жылы Курманжан датканын 180 жылдыгы чоң демилге, салтанат менен белгиленген. Ошого байланыштуу башка багыттагы көптөгөн иштерди айтпаганда, илимий багытта Курманжан датканын ишмердүүлүгүнө арналган бир топ изилдөө иштери жүргүзүлүп, диссертациялар корголуп, илимий макалалар, монографиялар жарык көрдү. Ошолордун ичинен, 1991-ж. чыккан К. Молдокасымовдун “Курманжындын көз жашы” деген китепчесин, 2002-ж. чыккан илимпоз Т. Өмүрзакованын “Курманжан датка: доор, инсан, ишмердүүлүк” деген монографиясын, ошол эле жылы коллективдик автордукта жарык көргөн жана бир нече тилге которулган “Горная царица Курманджан и ее время” деген китепти айта кетсек болот.[1-4]

Азыркы күндө айрым тарыхчылар Курманжан датканын өмүр таржымалы, ишмердүүлүгү изилденип бүттү деген пикирди айтышууда. Бул пикирге кошулууга болбойт. 1907ж. Курманжан датка дүйнөдөн өткөндөн кийин, Ош, Алай чөлкөмүнө келип, Авров аркылуу датканын балдарына (Мамытбек – С.С.) жолуккан орус саякатчысы И. Ювачев “Курманжан датка кара - киргизская царица Алая” деген көлөмдүү макаласын жазып, ушул эле жылы Исторический вестник журналынын №12 санына чыгарган. Ал, “... *Алай кыргыздары жана Курманжан датка жөнүндө жазылган адабияттарды карап олтуруп, жазуучулардын маалыматтарынын ар түрдүүлүгүнө таң каласың. “Алайдын ханышасы” жөнүндө айтылгандардын баарын кайталап отуруунун да эч кереги жок. Алымбек менен Курманжандын тарыхы атайлап изилдеп, фактыларды текшерип чыгууну талап кыла турган иш”* деп жазат.[5]. Биз, 20 жыл аралыгында жарык көргөн

адабияттарды карап олтуруп, бул айтылган сөздөрдүн азыркы күндө да актуалдуу экенине ынандык. Анткени, Курманжан датканын тарыхый бейнесине арналган азыркы күндөгү тарыхый адабияттар да бир эле окуя боюнча ар түрдүү маалыматтарды берет.

Бул маселеге кененирээк токтолуудан мурда, Курманжан датканын өмүр таржымалына, ишмердүүлүгүнө арналган азыркы күндө жарык көрүп жаткан эмгектердеги бир тенденцияга, тарыхый реалдуулукту бурмалоо тенденциясына токтоло кетүү максатка ылайык. Бул Курманжан датка туулуп өсүп, тарбияланып, инсан катары калыптанып, жашап иштеген коомду, кыргыз коомун, андагы аял кишинин ордун, аялзатына болгон мамилени мүнөздөө маселесине байланыштуу. Айрым авторлор Курманжан датканын кадыр - баркын, аброюн көтөрүү максатында төңкөрүшкө чейин дин үстөмдүк кылып, кыргыз аялдары укуксуз, теңсиз басынган абалда болушкан, ага карабастан Курманжан датка суурулуп чыгып, ушундай деңгээлге жеткен, бул өзүнчө ФЕНОМЕН деген пикирди айтып келишет. Албетте, бул, Курманжан датканын аброюн көтөрөйүн деген жакшы ойдур, бирок, аны менен автор, кыргыз коомуна мүнөздүү болгон тарыхый реалдуулукту бурмалап, кыргыз коомунун өзгөчөлүгүн, андагы баалуулуктарды четке кагып, Туркестандын башка аймактарындагы көрүнүш менен жалпылаштырып жатпайбы. Бул туура эмес, б**уга албетте кошулууга болбойт.**

Ошол мезгилде кыргыздардын арасында болуп кеткен көптөгөн орус жана европалык саякатчылар кыргыздардагы аялзатына болгон мамилени, аялдардын коомдогу таасирин суктануу, таң калуу менен жазышкан. Мисалы: 1896ж. Ош, Алай, Памир аймактарында жашаган кыргыздарды кыдырган италиялык саякатчы Феликс Рокка “Алайдан Аму дарыясына чейин” (Париж, 1896) *деген китебинде “Өтө өнүккөн маданияттуу элдерде да кыргыздарда өз апа, энелерин, аялдарын урматташкандай аялдарды урматтагандар аз кезигет. Алар (кыргыз аялдары – С.С.) эч качан жүзүн жашырышпайт, өзбек, тажик аялдарындай болуп басынышпайт. Тескерисинче өз эркектери менен бирдей укукка ээ болушат. Үй-бүлө жана уруу маселелери чечилип жатканда аялдардын пикири да сөзсүз эске алынат. Ал тургай согуш учурунда, же башка тополоң болгон күндөрдө да кыргыз аялы тынч отура албайт, кээде алар өз боз үйүнүн бейкуттугун коргоп калуу үчүн кармашка кирген учурлары да болгон”* деп жазып, кыргыз аялдарын античтик авторлор жазып калтырган Каспий боюнда көчүп жүрүшкөн амазонкалар менен салыштырган [6]. Ал эми 1903ж. Кыргызстанга келген Петербург Ботаникалык багынын директору В. Липский кыргыз аялдарынын ат үстүндө эркектердей эле мыкты жүргөндүгүн белгилеп, *“...бир дагы мусулман элдериндеги аялдар, кыргыз аялдары ээ болгондой эркиндикке ээ эмес”* деп жазат. 1898ж. Ошко келип, Курманжан датканы көргөн “Туркестанские ведомости” гезитинин кабарчысы болсо *“... бул жерде таң кала турган эч нерсе жок, анткени кыргыздарда акылдуу аялдар ар дайым зор таасирге ээ болуп келген”* дейт [7]. Мына ушундай коомдо туулуп - өсүп, тарбияланып, мүнөзү, жан дүйнөсү калыптанган Курманжан датканын ушундай деңгээлге көтөрүлүшү мыйзам ченемдүү көрүнүш болгон. Албетте бул жерде анын жеке өзүнө мүнөздүү болгон сапаттарын, күйөөсү Алымбек датканын ордун белгилөө абзел. Кыргыз коомунда байыртадан ар дайым акыл, тапкычтык, калыстык, чечкиндүүлүк, эр жүрөктүүлүк, боорукердик ж.б. жакшы сапаттар жогору бааланып келген. Мындай касиетке ээ болгон аялдар даңазаланган. Андайлар боло келген. Кыз Сайкал, Жаңыл мырза, Кенжеке, Бурулча, Курманжан датканын замандаштары - Жаркын айым, Соно айым, Зыйнат датка ж. б. Бирок, тилекке каршы, алардын көпчүлүгү изилдөөгө алына элек. Белгисиз калгандары канча?

Ушуга байланыштуу бир мисалга токтоло кетүү туура болот.

Роза Айтматованын 2007-ж. “Тарыхтын актай баракгары” аттуу мыкты китеби жарык көргөн. Мына ошол китепте автор Айтматовдордун ата - тегине токтолуп, төмөнкүлөрдү жазат: *“ Биздин ууубуз кытай, түпкү атабыз Түлкү, андан Байтике, андан Төңтөгөр, андан Шекер, андан Кончужок, анын баласы Кимбилди, андан Айтмат, Айтматтан биздин атабыз Төрөкул”.* Андан ары автор аялзатына байланышкан уруулук санжыраны келтирет: “*Төңтөгөрдүн 5 уулу болгон. Төртөө заманына ылайык экиден, үчтөн аял алышкан экен. Эң кенжеси төрт тарабы төп келишкен, акылдуу, сулуу Шекер деген кызга үйлөнөт. Алар бирин бири абдан жакшы көрүшкөн. Күйөөсү башка аял алуу жөнүндө ойлогон да эмес. Көп балалуу болушкан. Балдары да акылдуу, кайраттуу болуптур. Бирок, күтүүсүз кырсык болуп, күйөөсү кар көчкүдө калып, өлөт. Жесир калган Шекер, колун сурап келгендерге күйөөсүнүн арбагын сыйлап макул болгон эмес. Анын уруу арасына сиңген кадыр – баркынан чочулаган туугандары, аны зордуктап башын бирөөгө байлай алышкан эмес. Өзүнүн акылынын тунуктугу, камбылдыгы, тырышчаактыгы, кайраты менен очогунун күтүн сактап, башына түшкөн кыйынчылыктардын баарын көтөрүп, балдарын жалгыз*

бойго жеткирген. Шекер өз үйүндө эле эмес, уруу ичинде да кадыр барктуу болгондуктан, уруу аксакалдары аны менен да, балдары менен да эсептешин, алар менен кеңешип, алардын пикирин угуп, керек учурда акыл сурап турушкан. Ошентип жүрүп уруунун аты Шекерге айланып кетет. Кийин бул этноним топонимге айланып, Шекер айылына берилген". Мына, кыргыз коомундагы аялзатынын орду, ага болгон мамилеге дагы бир мисал.

Эми, жогоруда айтылган, Курманжан датканын өмүр таржымалына арналган эмгектердеги талаш маселелер же так эместиктер жөнүндө. Албетте ар кандай талаш, автор пайдаланган булактагы маалыматтар талданбай, такталбай, б.а. илимий анализге алынбай колдонгондон келип чыгат. Мындай учурлар Курманжан датканын тарыхый бейнесине арналган эмгектерде бир топ. Өкүнүү менен көңүл бурчу нерсе, тарыхый фактыларды тактоо меселесинде (демек, илимий изилдөө ишинде) 20 жыл аралыгында биз өтө деле алга жылбаптырбыз. Тескерисинче артка кетүү байкалат. Мисалы, үстүбүздөгү(2011ж.) жылы чыккан "Слово Кыргызстана" гезитиндеги макалаларда, мындан 10 – 20 жыл илгери чыккан маалыматтар жөн эле, эч өзгөрүүсүз кайталанат, атүгүл айрым апыртмаларга жол берилген (Курманжан датка модалуу европа кийимдерин кийип жүргөн, мыкты бийлеген, бир нече тилде сүйлөгөн деген ж.б. маалыматтар – С.С.) . Бул жерде албетте бир нерсени айтып коюу керек. Тарыхый романдарда, адабий чыгармаларда тарыхый фактылардан белгилүү деңгээлде четтеп кетүүгө, мындай эркиндикке жол берилет. Бирок, ал дагы белгилүү чекке чейин гана. Ал эми тарых илиминде, илимий изилдөө ишинде тарыхый фактылар гана сүйлөш керек.

Ушуга байланыштуу Курманжан даткага арналган эмгектердеги ар кандай пикирди же талашты жараткан эки маселеге токтололу.

Биринчиси, 1876 - жылдын жайындагы Алай өрөөнүндөгү окуялар, Курманжан датканын орустар тарабынан колго түшүрүлүшү, экинчиси – Курманжан датка сабаттуу болгонбу, ыр жазганбы? деген маселе.

Биринчи маселе боюнча Курманжан датканы князь Витгенштейн же капитан Ионов кармагандыгы жөнүндөгү ача пикир мындан 20 жыл илгери кандай абалда болсо, азыр да ошондой эле абалда. Ошондой эле Курманжан датка менен генерал Скобелевдин кайсы жерде жолуккандыгы жөнүндөгү маалыматтар да ар түрдүү. Эң олуттуусу жана өкүнүчтүүсү "Горная царица Курманджан и ее время" деген китепте аталган тарыхый фактылар боюнча бир нече ар түрдүү маалыматтар берилип, алардын илимий талдоого алынбагандыгы.

Изилдөө ишинде мындай көрүнүштүн сакталгандыгы төмөнкү себептерге байланыштуу:

Биринчиси, авторлор пайдаланган булактык, архивдик маалыматтардын али күнчө системалаштырылбагандыгы (илимий ирээттөө) жана илимий талдоого (обработкага) алынбагандыгы.

Экинчиси, автордун (изилдөөчүнүн) профессионалдык даярдыгына, маданиятына байланыштуу.

Экинчи талаш маселе Курманжан датка сабаттуу болгонбу, ыр жазганбы деген маселе боюнча. Бул маселе өткөн кылымдын 80чи жылдарында көтөрүлгөн, адабиятчы С. Мамытов: "Курманжан датка сабаттуу болгон. Араб ариби менен каттарды, фарсиче, тюркиде, кыргызча ырлар жазган. Зыйнат деген псевдоними болгон" деген ойду айткан. Чындык үчүн айта кетчү нерсе ушул эле ойду XIX к. К. Наливкин аялы экөө, кийин өзбек окумуштуусу Х. Бабабековдор да жазган. Курманжан датканын ырлары 1818-ж. чыккан "Маджму – аш-шу ара"("Акындардын ырлар жыйнагы") деген жыйнакта басылган деген пикирди айтышкан. Бул маалыматтардын чындыкка туура келбегендигин ошол мезгилдеги жаш окумуштуу – тарыхчы Кыяс Молдокасымов ошондо эле архивдик документтерге таянып далилдеген. Бул популисттик пикирге чекит коюлгандай болгон. Ага карабастан ушул пикир дагы эле уланууда ("Горная царица Курманджан и ее время" [6] (2002) деген китепте, "Слово Кыргызстана" гезитинин үстүбүздөгү жылдагы (2011) сандарында чыккан макалаларда - С.С.) [8]. Муну, албетте, жөн эле популизм деп бааласа болот. Курманжан датка ансыз деле өзүнүн асылзаада сапаттары , элине жасаган кызматы менен аброю бийик. Сабаттуу же сабатсыздык анын аброюн өйдө - төмөн кыймылдата албайт. Сабаттуу, жогорку билимдүү, атүгүл академик даражасы бар президенттерибиз эмне иш жасагандыгын көрбөдүкпү. Башкаруучулук ишин айтпай ак коелу, өз балдарын Курманжан даткачалык дагы тарбиялай алышпаптыр го?

Эми, изилдөө ишиндеги мына ушундай абалдан, тарыхый фактыларды колдонууда так эместиктерге жол берүү (жоопкерсиздик менен – С.С.), тарыхый фактыларды бурмалоо көрүнүшүнөн кантип арылабыз? Бул маселени чечүү үчүн төмөнкү иш чараларды аткруу зарыл:

1. Алымбек датканын, Курманжан датканын тарых таржымалына байланыштуу архивдик, булактык материалдарды системалаштырып, илимий обработкага алуу керек. Муну ишке ашыруу үчүн профессионалдык деңгээли жогору **илимий топ түзүү зарыл.**
2. Бул ишти ишке ашыруу үчүн, чет өлкөлөрдөгү (Өзбекстан, Казахстан, Россия, Кытай ж.б.) Алымбек датка, Курманжан датка, дегеле төңкөрүшкө чейинки кыргыздардын тарыхы жөнүндө маалымат камтыган бардык архивдик документтерди, булактык материалдарды, адабияттарды тактап, эсебин алып, алардын түп нускасын, болбосо жок дегенде көчүрмөсүн Кыргызстандын архивдерине алып келүү керек. Бул мамлекеттер аралык, жогорку мамлекеттик деңгээлдеги сүйлөшүүлөр аркылуу чечиле турган маселе. Албетте ага чоң каражат керек. Ал мамлекет тарабынан каржыланышы керек, же Рустам Мамановго (ал кыргыздын кырк уруусунун 40 томдук санжырасын өз каражатына чыгарам деп жатпайбы – С.С.) окшогон акчалуу, патриот коомдук ишмерлер, бизнесмендер, депутаттар, президент болобуз дегендер да моюндаса болот. Бул иш ушул мезгилге чейин аткарылуусу керек эле, тилекке каршы ал жасалбады. Азыр да кеч эмес деп ойлойбуз.

Колдонулган адабияттар:

1. Курманжан датка. – Ош, 1991;
2. Молдокасымов К. Курманжандын көз жашы. – Б., 1991;
3. Өмүрзакова Т. Курманжан датка: доор, инсан, ишмердүүлүк. – Б., 2002;
4. Горная царица Курманджан и ее время. – Б., 2002;
5. Ювачев И. П. Курманжан датка. Алайлык кара – кыргыздардын канышасы Кыргыздар.- Б., 1991. 241 – 264-бб.
6. Феликс Рокка «Памир жана Алай кыргыздары” // Кыргыздар. – Б., 1991. 348-374-бб.
7. Кыргыздар. 10 томдук жыйнак. 5 – 6 – 7 - томдор.// Түзгөн. К. Жусупов, К. Иманалиев. – Б., 2004;
8. Плоских В. Две жизни Курманджан датки Слово Кыргызстана. 21.01. 2011.

УДК:958:300

Темиралиева Г.Т. (ОшТУ)

Уркуя Салиева музей комплексинин жаралышы

Среди кыргызских дочерей и сыновей, которые боролись за единство и спокойствие своего народа, с гордостью упоминается имя У. Салиевой. Ее героические труды, выполненные с целью укрепить советскую власть, стали примерами, уроками для молодого поколения. Это статья дает информации о создании и становлении музея У. Салиевой.

There were many young peoples, which struggled for pease of their motherland in kurghus public. One of them was U. Salieva. Her heroic works, with aim to consolidate the soviet sway, were example for young generation. This article give information about of museum U. Salieva.

Кыргыздын чыгаан, кайраттуу, уюштургуч кыздарынын бири Уркуя Салиеванын жашоодогу аз гана бирок саз өмүрү, ушул кыска өмүрдө теңдик үчүн, совет өлкөсүнүн орношу үчүн күрөшкөн эрдиги бүгүнкү күнгө чейин сыймык менен айтылып келүүдө.

Кыргыз элинин улуу инсандарынын калк үчүн жасаган иштери, алардын өмүр таржымалы өлкө эгемендүүлүккө жетишкен мезгилден коомчулукка кеңири белгилүү болгон болсо, Уркуя Салиева жөнүндөгү маалыматтар совет доорунан эле белгилүү болуп, анын эрдиги ошол мезгилдин жогорку баасын ала алган.

Бул бир жагынан Уркуя Салиеванын карапайым үй-бүлөдөн чыгып, эзүүчү таптарга каршы жанын аябай күрөшкөн эрдиги совет өлкөсүнүн ошол кезде жүргүзүп жаткан саясатына, идеологиясына туура келгендиги менен да түшүндүрүлөт.

Андыктан советтик мезгилде бул инсандын атын түбөлүккө калтыруу боюнча бир катар иш-аракеттер жасалат. Алардын жыйынтыгынын бири болуп анын туулуп өскөн айылына мемориалдык музейдин уюштурулгандыгы эсептелет.

Музейдин уюштурулушу өлкөдө коомдук башталыштагы музейлерди уюштуруу иштеринин жүрүшү менен тыгыз байланышат. Бул советтик өлкөнүн курамында жашаган ар түрдүү элдердин тарыхый чындыкты таанууда, өткөндү билүүгө умтулуусу жалпы социалдык талапка айлангандыгына байланыштуу болот. Музейлер колхоз-совхоздордогу, мекеме-ишканалардагы жамааттардын бирдиктүү демилгеси, аймакта жашаган жалпы элдин демилгеси аркылуу уюштурулгандыгы менен өзгөчөлөнгөн. Калктын активдүү иш аракеттеринин натыйжасында мындай музейлер тез убакыттын ичинде эле идеологиялык иштерди жүргүзүүнүн негизги маанилүү участогуна айланат. Андыктан жаш жумушчу алгачкы эмгек жолун музейге кирүүдөн баштайт.[1.,80].

СССРдин Маданият министрлиги тарабынан бул музейлердин ишин күчөтүү, жакшыртуу максатында атайын типтүү жобо, усулдук материалдар иштелип чыгат жана аймактагы мамлекеттик музейлерге туруктуу көзөмөлгө алуусуна көрсөтмөлөр берилет. Музейлер кадимки маданий-агартуу мекемеси катары музей ишине таандык иштерди аткарууга белсенет.

Музейлердин профили ар түрдүү болуп мемориалдык, тарыхый, край таануу, этнографиялык ж.б. музейлер өзү уюшулган аймактын тарыхын, жаратылышын, өмүрү өрнөк уул-кыздарын алардын унутулгус эрдиктерин даңазалап элди патриоттуулукка, элин-жерин сүйүүгө дегеле чыныгы советтик адамды тарбиялоого багытталган. Чындыгында совет өлкөсүнүн коомдук башталыштагы музейлерди уюштуруудагы негизги максаты да ушул болчу.

Баткен, Жалал-Абад, Ош аймагын бириктирип өлкөнүн түштүк аймагын түзгөн Ош облусунда бул жылдары уюшулган коомдук башталыштагы музейлердин саны ондон ашат. Алардын катарын 1974-жылы түзүлгөн Уркуя Салиева мемориалдык музейи толуктайт. Музей Ош облусунун Ноокат районуна караштуу У.Салиева колхозундагы Муркут айылындагы (азыркы Төөлөс айылдык округу) мектепте жергиликтүү элдин демилгеси менен коомдук башталышта уюштурулат.

Музей уюштурулганга чейин 1972-жылдары У.Салиеванын эл үчүн жасаган тоодой эмгеги үчүн айылда бак тигилип ага айылдын эски базарында жайгашкан мурунку мазардан анын сөөгү атайын алынып келинип кайрадан эскерилип урмат менен коюлат [4].

1928-жылы Меркит айылдык советтин председателдигине шайланган У.Салиева колхоз уюштурууда активдүү катышкан. Кыз-келиндер арасынан алгачкылардан болуп ал комсомолго, андан кийин партияга өткөн. Анын ошондогу иш-аракеттери эзүүчү таптардын ачуусун келтиргени менен калың элдин колдоосуна ээ болгон. Улуу максат үчүн жанын аябаган бул эмгегинин арты анын тап жушмандардын колунан өлгөндүгү менен кейиштүү аякталат [2].

Жалпы аянты 156 м.кв. аянтты ээлеген музейге У.Салиеванын өмүрүнө жана ишмердүүлүгүнө байланышкан 1300 (тарыхый документтер, фотографиялар, кийимдер) экспонат коюлат. Музей экспозициясынын ошол кездеги бөлүмдөрү:

- Улуу Октябрь социалисттик революциясы;
-Советтик бийликтин чыңдалышы жана социалисттик курулар;
- У.Салиева-социалисттик түзүлүштүн жалындуу күрөшүүчүсү;
- У.Салиеванын мемориалдык бөлмөсү;
- У.Салиева жана бүгүнкү күн деп аталган бөлүмдөрдөн турган.

Музей экспозициясында жергиликтүү тап душмандардын колунан мууздалып өлтүрүлгөн Уркуянын жалындуу жапжаш жүзү тартылып алынган эски фотография келген адамды абдан таасирлентип, анын ошол кездеги жаштыгы, кайраттуулугу таңдантпай койбойт.[3]

Уркуя Салиеванын мемориалдык музейи анын эмгектери, эрдиги чагылдырылган экспозиция бөлүмдөрү советтик саясаттын кулач жайышына, элди патриоттуулукка тарбиялоодо эң чоң курал катары пайдаланылган. Даңктуу кызы менен жергиликтүү эл сыймыктанып, музей ишинин жакшырышына, экспонаттардын көбөйүшүнө өздөрү да салымын кошуп музей менен тыгыз байланышта болуп турушат.

1990-жылы музей үчүн бак ичине имарат жергиликтүү бийликтин күчү менен курулат. Атайын имараттын курулушу музейдин илимий-агартуу ишин жакшыртат. Музейге келген адамдын саны көбөйүп, ага колхоздун гана эли кирбестен райондогу башка колхоздордун да эли келип турат. Келген адамдын саны жылына 2 500дөн ашат. Ошондой эле У.Салиеванын эстелик-бюсту да орнотулуп, Ош облусунун Ноокат районундагы жергиликтүү маанидеги эстеликтердин

тизмегине кирет.

Музей үчүн атайын имараттын курулушу, жарым гектардан ашуун бактын музейге карашы жана эң негизгиси У.Салиеванын сөөгүнүн ушул жерге коюлушу, ага арналган эстеликтин болушу мемориалдык музейди музей комплекске айлантат.

Өлкө эгемендүүлүккө ээ болгон 90-жылдардан тартып музей ишинде олуттуу өзгөрүүлөр жүрөт. Колхоздор, айрым мекеме-ишканалар жоюлат. Буга байланыштуу музейлердин ишинде да бир топ маселелер жаралат. Советтик мезгилдин бирдиктүү саясатынын негизинде идеологиялык борборлордун милдетин аткарып келген музейлер туруктуу көзөмөлдө болуп, алардын иштей турган иши, сүйлөй турган сөзү күн мурунтан дайын болчу. Ал эми өлкөдө эгемендүүлүктүн орношу менен музейлер анын ичинде У.Салиева музейи да өз ишин эмнеден баштап, эмнени чагылдырышын чындыгында алгач билген жок. Бир гана маселе дайын болчу колхоз жоюлган болсо да музей жашап, иштеп калыш керек. Буга мүмкүнчүлүктөрдү издөө керек.

Албетте бул маселе У.Салиева музей комплекси (коомдук башталышта уюшулган музей катары он жылдан ашуун мезгил иштеп, атайын типтүү жободогу талаптарга жооп бергендиги үчүн да) мамлекеттик музей катары азыркы Сулайман тоо улуттук тарыхый-археологиялык музей комплекстин филиалдыгына кошулуусу менен чечиле баштайт. Музейдин филиалдыкка кошулушу музейдин биринчи кезекте финансы каражаты маселесин чечет. Тактап айтканда музейдин эки кызматкери туруктуу айлык маяна алып, музей материалдык-финансылык жактан камсыздалат.

Дегеле аймакта музейлердин материалдык-техникалык абалын чыңдоо, экспозициясын кайра жаңылоо иштери тиешелүү даталуу күндөрдү белгилөө максатында мамлекеттин көргөн даярдыгынын эсебинен бүткөрүлүп келет. Андыктан Уркуя Салиеванын 100 жылдыгын белгилөө максатындагы иш-чараларынын алкагында музейдин экспозициясы жаңыланат. Мында музей советтик элементтерден арылып У.Салиева улуттун жүзү, кыргыз элинде теңдик үчүн күрөшкөн аял затынан чыккан каарман аялдардын катарын толуктаган инсан катары даңкталат.

Эгемендүүлүктүн алгачкы мезгилинде мамлекеттин башкы музейди, анын филиалы болгон У.Салиева музейин жүз пайыз каржылоого мүмкүнчүлүгү жетпейт эле. Чындыгында музейдин айрым ички керектөөлөрүн камсыздоо үчүн музейлердин катарында У.Салиева музейи да өлкөдөгү рыноктук экономиканын шартына ылайыкташууну көздөйт. Бул максат биринчи кезекте музейдин өзүн-өзү каржылоо маселесин көздөйт. Андыктан музейдин бир бөлмөсү жергиликтүү уздардын кичи тигүү бөлмөсүнө айландырылып, келишим боюнча музей администрациясына тиешелүү сумма төлөнөт. Музей айыл өкмөтүнүн борборунда жайгашкандыктан бул жерге эл көп келет. Бул жагы да эске алынат. Бир эле мезгилде уздардын тигүү бөлмөсүнө келген адам музейге да кирет.

Бүгүнкү күндө музей алдында уюшулган «Уркуянын урпактары» сыяктуу элдик ыр-бий ансамбли дегеле республика ичиндеги музейлерде жок. Музей жетекчиси баштаган бул демилге биринчи кезекте музейдин атын алып, өз жеринен чыккан каарман Уркуя энени даңазалоо болсо, экинчиден айыл жериндеги өздүк чыгармачылыкты өнүктүрүүнү көздөйт. Аталган ансамбль көптөгөн республикалык, облустук кароо-сынактардын жеңүүчүсү, байгелүү орундардын ээси болуп келишүүдө.

Учурда музейдин У.Салиеванын өрнөктүү өмүрүн, эл үчүн жасаган эмгегин жаш муундарга улуу сабак катары жеткирүүдө, мекенчилдик сезимин ойготууда аткарып жаткан иштери абдан орундуу, максаттуу экендиги талашсыз.

Мунун өзү музей саясатында жергиликтүү маанидеги бул музейдин коомдо өзүнүн ордун жоготпогондугун, рыноктун шартында өз алдынча иштеп, жашай алгандыгын билдирет.

Колдонулган материалдар:

1. Н.И.Решетников «Общественные музейи как социальные явление современности» Музей и современность сборник научных трудов Москва 1986 стр.80

2**.** Ош облусунун энциклопедиясы.-Фрунзе, 1989

3. Сулайман Тоо УТАМКнын архивдик маалыматы 1983-ж.

4. У.Салиева музейинин экскурсиялык текстинен алынды.

Темирова Б. (ОшМУ)

Кыргыз адабиятында Курманжан Датканын образынын чагылдырылышы

Кыргыз мамлекетинин эгемендүүлүккө жетиши менен улуттук кайра жаралуу шартында коомдук-саясый, экономикалык проблемалардын катарында маданий нарктарды тереңден кароо, ата мекен тарыхында инсан таануу багытын жаңыча көз карашта иликтөө маселеси да күн тартибине коюлду. Бул улуу тарыхый бурулуш:..

Акыйкатта, сенек жылдары түптүү элдин өткөн тарыхын, адабий мурастарын, улуу инсандар өз атынан аталбай мезгил бүктөмүндө калып келгени белгилүү. Доордун жаңырышы менен кыргыз адабиятында тарыхый темага кызыгуу жанданып, көптөгөн чыгармалар ар түрдүү көркөм сапаттык деңээлде жаралды. Маселен, С. Жусуев «Курманжан датка» (1994), Бейшеналиев Ш. «Тайлак баатыр», Газиев А. «Датка некоронованная царица» (1991), Кенчиев Ж. «Медет датка» (1997), Рыскулов С «Шамен» (1998), Турсунов Э. «Байтик баатыр», «Балбай баатыр», «Боронбай», Станалиев С., Тыныстанов К: «Чагылгандын көз жашы», Субанбеков Т. «Барсбек кагандын көрөр көзү» (2002), Эгембердиев Ж., «Номат хан», (Токтоналиев Ж. «Хан Ормон», «Шабдан баатыр», Касымбеков Т. «Баскын», «Кыргын» ж.б.

Көрүнүп тургандай, өмүрү тагдыры жандуу легендага айланган айтылуу «Алай ханышасы» Курманжан датка башка тарыхый инсандарга салыштырмалуу караганда документалдык маалыматтардын аздыгына карабастан ар түрдүү багыттагы эмгектердин көп жазылгандыгы, ал түгүл, көркөм адабияттын бардык жанрда чагылдырылганы менен өзгөчө мааниге ээ. Ал өзүнүн сейрек кездешүүчү акыл жөндөмү, эл жүгүн аркалаган өрнөктүү өмүрү, улуттук ар намысынын бийиктиги, кайталангыс адамгерчилик касиет сапаттары менен XIX кылымдагы дүйнөлүк маанидеги улуу инсандардын катарында кебелбей турат.деп ишенимдүү баш көтөрө сыймыктанып айтсак болот. Улам мезгил өтүп, доор алмашкан сайын кудум ак жылдыздай көктө жанып турган, даанышман адамдын керемет сырларын ачууга аракеттер күч алууда.

Ошентип, изилдөө маселебизге байланыштуу «Алай ханышасынын» көркөм бейнеси замандашы философ акын Молдо Нияздын үчүнчү кол китебинде «Курбанжан датка» деген бөлүмүндө баяндалат. Белгилөөчү жагдай, Кокон аскербашчысы чыгаан коомдук ишмер Алымкул аталыктын да тагдырына кайрылып кеткен.

Адегенде санатында Молдо Нияз бул дүйнөнү оомал-төкмөл экендигин, бүгүн көргөн эртең жок болуп, эненин эң чоң трагедиясы баласын жоготуу экендигин «Камчыбек деп кан жутуп, Курбанжан датка жоюлду» деп оор күрсүнөт. Андан ары акын Алымбек датканын элдин тагдырына жаралган баатыр мүнөзүн, калк үчүн көптөгөн сооп иштерди жасаган акылмандыгын, Курбанжанды ордого ээрчитип тарбиялаганын, алардын төгөрөгү төп келген бактылуу турмушун сүрөттөйт.

Тилекке каршы Алымбек датканын ордодо капыстан набыт болгонун, анын бийлиги кайраттуу аялына өткөнүн, орус баскынчыларынын зомбулугу, анын кесепетинен Даткайымдын оор тагдыры баяндалат да, акын мындайча көңүл айтат:

Камчыбекке кабыр кыл,
Мурзапайыз, Мамытбек,
Баатырбекке сабыр кыл.
Алымбектей дарман кыл,
Абдылдабекти арман кыл,
Асанбекке шүгүр кыл,
Акыретти фикир кыл!
Эч арманың калбады,
Эгемни дайым зикир кыл[23]!

Өз мезгилинин билимдүү ойчул акыны, тарыхчы Молдо Нияз «Курбанжан даткага» арналган ырында замандашы болгон даткайымдын аянычтуу тагдырын, ага көңүл айтып, турмуш чындыгын өз нугунда бузбай, адам дүйнөсүгө таасир этип, жеткиликтүү көрсөтүп берген.

Акын орчундуу окуялардан так маалымат берип, Алымбек датка менен Курманжандын, алардын эр жүрөк балдарынын кайчылаш тагдырын, мүнөзүн элестүү бериши өткөндү таанып билүүчүлүк терең мааниси, тарыхый чындыгы менен баалуу.

Кыргыз профессионал адабиятында талантуу жазуучу Т. Касымбеков «Сынган кылыч» романында мезгил бүктөмүндө калган улуу инсандардын чыныгы жүзүн ачып, ар бирине түбөлүк

[23] Молдо Нияз. Санат-дигарасттар Б.,1993.106-бет.

эстелик тургузду десек жаңылышпайбыз.

Нүзүп бий, Мусулманкул аталык, Алымбек датка менен Курманжан датка, Абдылдабек баатыр, Шабдан баатыр, Исхак Полот хан булардын баары Касымбеков ачкан көркөм дүйнө . Деги жазуучунун тарыхка, инсанга болгон адабий эстетикалык ачылышынын жаңылыгынын сыры эмнеде? Ошол тоталитардык заманда сөз искусствосу саясаттын зулум камчысын чабып, тапка жиктеп, айталы бийлик төбөлдөрү болгон бай- манаптар, элди эзүүчү катары таптакыр адамдык касиеттен ажыратылып мокочо катары көрсөтүлсө, кедей кембагалдардын төгөрөгүн төп келиштирип сүрөттөлгөн. Ал эми сенек мезгилде эле Т. Касымбеков «Сынган кылыч» романы аркылуу тарыхтын болмуш жүзүн кашкайта тартып, адамга болгон чындыкты ачуу менен атуулдук да чыгармачылык да эрдик жасаган экен. Жазуучу чыгармаларында Кокон хандыгы мезгилиндеги кыргыз элинин коомдук- социалдык, саясый- экономикалык абалы, 1873-1876-жылдардагы улуттук боштондук кыймылдын мүнөзү, акырында Кыргызстандын Россияга каратылышы сыяктуу этаптуу окуяларды чагылдырганда тарыхый булактарга сын көз менен карап абдан кылдат мамиле жасаган.

Аталган доордогу бир кылымдан ашуун тарыхый турмуш Курманжан датканын өмүр тагдыры, коомдук саясый ишмердүүлүгү аркылуу элестейт. Айтмакчы Алымбек датка менен Курманжан датканын образын ажыратып кароо мүмкүн эмес, анткени тарыхый тагдыры, турмуштук тажрыйбасы, ишмердүүлүк аракеттери, коомдогу орду боюнча да бирин- бири толуктап, улантып тереңдетип турат. Албетте, Алымбек датка менен Курманжан датка татыктуу түгөй, коомдук-саясый ишмер, улуу тарыхый инсандар. Жазуучунун максаты да дал ушундай көркөм бийиктикке көтөрүү. Автор эки каармандын образын үч негизги өзөккө байлап, биринчиси алардын ата- теги, жаш курагы, жекече тагдырынан кечирген окуялары, ретроспективдик ыкмада берилсе, экинчиси үй-бүлөлүк бактысы, саясый ишмердүүлүк жолдору, соңунда драмага жык толгон тагдыр касирети, инсандык кеменгерлиги, улуттун сыймыгы катары көтөрүлүшүн чагылдыруу. Т. Касымбеков Алымбек датканын образын жаратууда Курманжанга баш кошуусун, үй-бүлөлүк бактысын, Андижанга аким болгонун, беш хандын тушунда Кокон ордосунда жогорку кызмат орундары миң башылыктан, Малахандын баш увазирлик кызмат даражасына чейин көтөрүлгөндүгү ошол мезгилдеги хандыктагы ири окуялардын чордонунда жүргөнү, Ошто медресе салдырып, курулуш иштерин жүргүзүп, эл үчүн кам көргөн чыгаан мамлекеттик ишмер катары тарыхый тактык, психологиялык тереңдикте кызыкчылыктары ар тараптуу, акылы ой чапчыган, духу күчтүү жандуу адам катары сүрөткерлик устаттык менен көз алдыбызга тартып берген. Чыгармадан көрүнгөндөй, 1860-жылы Малахандын буйругу менен орустарга каршы Узун-Агач жана Кастектин чегинде Кокон аскербашчысы Канат шаа менен тирешип, он эки миң аскери менен согуштан баш тарткан. Ал баш увазир катары Малахандын кубулма, эки жүздүү саясатына каршылык билдирет. Катаал Канат-Шаанын начар куралданган аскерлеринин орус армиясына туруштук бере албастыгына чыгаан саясатчы илгиртпей түшүнгөн. Өзгөчө романдагы кызыктуу окуя Алымбек датканын арка кыргыздарынын билермандары (Жангарач баатыр, Жантай, Үмөталы, Ормон бийлер Байтик баатыр менен Сары-Өзөндө жолукканы, кыргыз элин баш коштуруп бүтүн мамлекет куруу идеясынан улам өз доорунун алдыңкы көз караштагы инсан экендиги көрүнөт). Эң өкүнүчтүүсү 1862-жылы бийлик үчүн күрөштө курман болот.

Тарыхчы жазуучу Т. Касымбеков Алымбек датканын керемет образын өз мезгилинин тарыхый шарты, мыйзамы менен карап, кемитип же көбүртпөй тарых менен изме- из сүрөттөп, татыктуу баасын берүүгө аракеттенген. Алымбек датканын татаал тагдыры, карама- каршылыкка жык толгон саясый күрөшү, элибиздин бүтүндүгүнө болгон күчтүү аракети, чыгаан ишмердик жолдорунан көрүнгөндөй Кокон хандыгы да кыргыздын мамлекети болгондугу тастыкталат.

Белгилөөчү жагдай, «Сынган кылычта» Курманжан датканын өмүр тагдырына, саясый ишмердүүлүгүн кыргыз элинин этаптуу окуяларынын негизинде бышып жеткендерин тарыхый тактык, социалдык жалпылоолор менен ишенимдүү чагылдырган.

Алымбек даткадан кийинки бир кылымга жакын көптөгөн коомдук- саясый окуялар, элибиздин кылыч мизинде кылтылдаган кыямат күндөрү, калктын трагедиясы жеке адамдын трагедиясына айланган маселелер ушул образ аркылуу тегеренип көрүнөт. Бул туурасында датканын замандаштары көп эле айтып, атайын изилдөөлөр, көркөм чыгармалар жазылганы белгилүү. Чыгармадагы автордун эс тутумунда Курманжан акылынын тунуктугу, ата- энеси берген күйөөсүн чанып, Кашкардан качып келет. Караңгылык доордо мындай чечкиндүү кадам жасоо көрүнгөндүн эле колунан келе бербейт. Тагдыр буюруп айтылуу Алымбек мырза менен баш

кошуп, эр жүрөк бакандай беш уул эки кызды тарбиялап өстүргөнү белгилүү.Ушул жерден профессор С. Байгазиевдин олуттуу ой жүгүртүүсү көңүлгө кылт дей түшөт. «Сынган кылычтын» көркөм дүйнөсүнөн кадимки эле тирүү адамдар, өздөрүнүн психологиясы менен, начар жагы менен да, өсүүдө, өзгөрүүдө, диалектилик кыймылда, изденүүдө, башкалар менен болгон көп жактуу байланышта, мүнөзүнүн татаалдыгы, карама-каршылуулугу, ички сырлары, пендечилик оң- терс сапаттары менен көзгө даана көрүнөт»[24].

Т. Касымбеков чыгармаларында Курманжан датканын образын эң оболу Чыныгы Адам, аялзаттын өкүлү, эне катары ыйык жүзүн ачкан.

Анын чоң адамдык тагдыры бар, башкалардай эле жашоодо кубанычы, кайгысы, өксүгү, жаза басуулары, аялдык бактысы да «көкөй кести» күндөрү да , айтоор жазуучу адам турмушуна эмне мүнөздүү болуп, шыбагасына кандай нерселер буюрса анын баарын жымсалдабай, көз каранды болбой кашкайта көзүбүзгө көрсөтүп бербедиби. Улуу инсандардын көбүнесе кайталангыс, сырдуу, кайчылаш тагдыры болот эмеспи. Ушул мааниде Т. Касымбеков чыгармаларда ретроспективдүү ыкмада Курманжан бойго жеткенде ата- энесинин макулдугу менен байдын уулу Кулсейитке турмушка чыкканын, болумсуз күйөөсүн чанып, Кашкардан күндөп- түндөп качып, кичи мекени Жапалакка келгени баяндалат.

Курманжан датка-сүйүктүү жар, эне жана үйдүн коломтосу. Эненин баскан жери бейиштин төрү дейт элибизде. Анын дилинде энелик мээрим, айкөл жүрөк, аяр сезимдер жашайт. Өмүрлүк жары Алымбек датка набыт болгондо, тун уулу Абдылдабектин сөөгү бөтөн жерде калганда, көкүрөк күчүгү Камчыбекти көз алдында дарга асып жатеканда энелик сезимге жеңдирип, чыркырап боздойт. Мына ошол ботосу өлгөн боз каймалдын муңдуу үнүн укканда айыкпас жүрөгүндөгү жарасы сыйрылып сыздап олтурат. Жазуучунун адам тагдырын сүрөттөөдөгү чеберчиликке таң каласың, жүрөгүндө сезими бар окурман бул эпизодду жөн гана окуп койбойт. Даткайым журт энеси катары балдарына, элге камкор, калыс сөзүнөн тайбайт. Чыгармада балдарына жасаган мамилеси, неберелери Кадырбек менен Азизбекке берген акыл насаатары, өмүрү оор таяп калган кезде бу дүйнөнүн оомал-төкмөлдүгү, Адам жөнүндөгү кеменгер сөздөрү, залкар ойлору жан дүйнөңдү тазалап, ойлондурат. Ошондуктан датканын көзү өткөндө бүтүндөй калк ыйлап,. Ардактап журт энеси катары зыйнатын көрсөтүп, акыркы сапарга узатышты.

Курманжан датка- эл башкаруучу, жогорку таптын өкүлү. Ал Алымбек датканын көзү өткөн соң, Алай чөлкөмүндөгү бийликти чапсаң колуна алып акылмандуулук менен башкарып турган. Бүтүндөй Фергана өрөөнүнө таасирдүү Курманжан айымга Бухара эмири Музаффар-эддин жана Кокон ханы Кудаяр датка наамын ыйгарган. Демек, мусулман динин бекем тутунуп, ордого ак кызмат өтөөгө жана өзүнө караштуу аймактагы элдин тагдыры үчүн да жоопкер.

Курманжан датка жашаган бүтүндөй тарыхый-саясый окуяларга карама-каршылыктардын чордонуна айланып, бир жактан улуу империялар, Оруссия, Цин кытайы, Англия кагылышып баскынчылык мүдөөнү көздөсө, Кокон хандыгындагы бийлик үчүн тынымсыз кызыл- кыргын согуш, уруулар ортосундагы басылбаган чыр- чатактар айтор жык драмага толгон. Мына ушундай «көкөй кести» мезгилде Курманжандын көсөмдүк менен эл башкарышы таң калтырбай койбойт. Анын кыраакы саясатчы, талантуу дипломант, келечекти көрө билген көсөмдүгү көрүнүп турат. Т. Касымбеков датка айымдын мындай улуу касиеттерин- тарыхый окуялардын негизинде абдан кылдат ачып көрсөткөн.

Адабияттар:

1. Т. Касымбеков Сынган кылыч, Б., 2000.
2. Рухту көтөргөн улуу сөз. Макалалар жыйнагы (түз: К. Даутов, Б., 2000-ж.)
3. Молдо Нияз. Санат-дигарастар. Б., 1993.106-б.

УДК:958:300

Төлөнова Г. (ОшМУ)

Курманжан датка - өз доорунун саясий ишмери

[24] Рухту көтөргөн улуу сөз, Адабий сын- пикир, илимий макалалар (түз. К. Даутов)Б.2000.407-бет

(2011-жыл-Курманжан датка жылы)

Бул макалада XIXк экинчи жарымы XXк башындагы көрүнүктүү тарыхый инсан Курманжан датканын өмүр жолу, коомдук саясий ишмердиги баяндалат.

В статье описывается жизнь, общественно-политическая деятельность выдающейся исторической личности Курманжан датки во второй половине XIX-начало XX вв.

In this article were represented the life and social –political activities of the oufstaudines historical person Kurmanjan datka.

Үсүтүбүздөгү 2011-жыл «Курманжан датка» жылы деп Кыргыз Республикасынын Президенти Р.Отунбаева жарлык чыгарды. Бул өткөнгө кайрылуу тарыхта орду бар улуу инсандын көп кырдуу ишин кийинки муундарга сабак болсун, үйрөнсүн деп жаткандыгы. Президент мындай тарыхый кадамга барышы, кыргыз аялдарынын баатырдыгын, мамлекеттик деңгээлде иш алып баргандыгын ачык белгилөөдө.

Ала-Тоо аймагына өткөн кылымдарда келишкен саякатчылар, айрым изилдөөчүлөр Түркстан чөлкөмүндөгү башка элдерге караганда кыргыздын кыз-келиндери, аялдары тууралуу жакшы пикирлерди жазып калтырышкан. Алыска барбай эле Курманжан датка тууралуу жазган эмгегинде И. П. Ювачев: «Кыргыздардын аялдары тышта болобу, үйдө болобу өзү каалагандай жүрө берет. Ал жүзүн бирөөдөн эч качан жашырбайт. Кийген кийимдери да кудум эле эркектердикиндей: ийиндерине чаар чапан жабынышат, баштарында болсо ак элечек. Бир болгон айырмасы аялдар элечекти ээк алдынан байланып алышат. Кыргыз аялы ат үстүндө эркин жүрөт, чарбачыл, конок-кечени жайдары тосуп алган үй ээси. Кыргыз аялы коомдук иштерге катышкан мисалдар да болгон»,— деп жазганы ага ачык далил эмеспи [2, 1.].

Акылман апаларыбыз, журт баштаган энелерибиз тууралуу маданиятыбыздын туу чокусу «Манасыбыздан», «Жаңыл мырза» дастанына чейин даңазалуу баяндар айтылат. Андагы Кыз Сайкалдын салабаттуулугу, Каныкейдин кайрымдуулугу, Айчүрөктүн акылдуулугу, Кенжекенин келишимдүүлүгү, Айганыштын адамгерчилиги, Жаңыл мырзанын кайраты кыргыз кыздарынын кылымдар бою топтолгон аброюн билдирет. Алардын жолун жолдогон акылы жетик, колу тетик, душманды туугандаштырган, элди элдештирген апаларыбыз, эжелерибиз Ала-Тоо аймагында кечээ жакында эле жашап өткөнү эл арасында аңыз болуп айтылып келүүдө. Аны тарыхый маалыматтар да тастыктайт.

Өз заманында атактуу кыргыз кыздарынын жолун жолдоп, алардын ар тараптуу касиеттерин өзүнө сиңирип, акылмандыгы, тапкычтыгы, кайрымдуулугу, кызматы менен Азия алкагына таанымал болгон Курманжан датканы ушул күнү укпаган кыргыз жоктур. Ал кокусунан жаралып калган тарыхый инсан эмес. Анын тарыхый аренага болгондо да Кокон хандыгынын эң татаал мезгилинде келишине ошол кездеги тарыхый жагдай себеп болсо, экинчи жагынан Курманжан датканын жекече касиеттери түрткү берген.

XIX кылымдын орто ченинде кыргыз элин Кокон хандыгынын эзүүсүнөн сактап калууда, Алымбек датканын жубайы Курманжандын саясий, дипломатиялык ишмердүүлүгү өзгөчө экени талашсыз .

Демек, (2011) ушул жылы Курманжан датканын Кокон хандыгынын учурунда андан кийин (1876- жылдан баштап Кокон хандыгы талкаланган) Россия падышачылыгынын кытмыр саясатына акылдуулук менен мамиле кылганы, кыргыз элин сактап келгени дагы бир жолу даңазаланар.

Курманжан датка эне катары мамлекеттик ишмер экендиги жана да өтө дипломаттуулугу тарыхчы окмуштуулардын илимий изилдөөлөрүндө өзгөчө орунду ээлейт.

Тарыхчы-окумуштуу Турсунай Өмүрзакованын «Курманжан датка» деген илимий эмгегинде (Бишкек Кыргызстан 2002) терең жана ынанымдуу изилденген. Автор өзүнүн аты аталган жыйнагында Кокон хандыгы кыйрагандан кийин Падышалык Россиянын жетекчилери Курманжан датка менен тил табышып иштешүүгө аны өзүнө тартуу үчүн көптөгөн купуя иштерди жүргүзгөндүгүн эскерет. Өткөн XIX кылымдагы Кыргызстанга келген ар бир саякатчылар Фергана аймагында Курманжандын өтө таасирдүү инсан экенин өздөрүнүн жүрүштөрүндөгү кол жазмаларында белгилешкен, аны менен тил табышып сүйлөшүүлөрдө кыраакы, ачык, так, саясий мамилелерди түзүүгө жетишкендиги айтылат

Орус саякатчысы Ю.Головнина өзүнүн «Памирде» деп аталган макаласында М.Д Скобелев, Кокон хандыгы кулагандан кийин орус падышасынын аскерлери кармашып жаткан кыргыздарга жетекчилик кылган атактуу Курманжан датканынын өтө чоң таасири жөнүндө билип,

офицер Ионовго датканы таап келүүгө тапшыргандыгын жазган. Ошону менен бирге ал тоолуктардын ханышасын 300 – 400 жигити менен орустардын лагерине келгендигин жана падышалык офицерлердин Курманжан датканын Алайдагы согуштук экспедициянын башчысы генерал М.Д. Скобелев менен болгон жолугушуусунун уюшкандыктары жөнүндө баяндайт (Головнина Ю.Д. «На Памирах», 1902 год, с.48-50, педагогический листок 904, №1-8) [3, 148-б.].

Орус миссионерлери ар бир окуяга кылдаттык баа берүү менен Фергана аймагындагы элдин тынч турмушуна Курманжан датканын таасири чоң болгондугун белгилешет. Аны тоонун эли дайыма колдоп тураарынан чочулап турушкан. Ал эми Кокон хандыгы учурунда Бухара элдери да Курманжан чарбалыкта болсунбу уруулар арасындагы айрым чыр-чатактарбы же Кокон менен Кашкар, Каратегинди байланыштырган соода жолундагы соодагерлерди чиеленген иштеринде, айтор бардык оор жоопкерчиликтүү иштерди Курманжан өзү калыс чечип, эл арасындагы Алымбек даткадан кийинки ишенимдүү адам болуп калган. Ошол кезде эле анын аброю Анжыян, Аксы, Арка, Кашкар элдерине кеңири белгилүү болчу. Курманжандын датка аталышы Азияда Чыгышы Кытай, Батышы Аралга чейин тез эле таралып кеткен. Датка менен байланыш түзүп тынчтык мамилени өнүктүрүүгө аракеттенип турушкан. «Фергана облусунун аскердик губернатору да К.К.Абаза: Кокон хандыгынын учурунда Кокон ханы да Бухара эмири да Алайдын башкаруучусун мыйзамдуу түрдө ханыша катары таанышкан. Алар Алайдын башкаруучусуна жыл сайын белек-бечкектерди жөнөтүп турушчу. Аны Курманжан датка деп аташчу» (К.К.Абаза «Завоевания Туркестана»,- СП. 1895 год с. 310, Туркестанские ведомости 902№18) [3, 12-б.].

Алай ханышасы Курманжан датка кыргыз аялдарынын эрктүү саясий-коомдук иштерди алып барууда тубаса акылмандуулугу менен өз доорунун чолпон жылдызы болуп калгандыгы көөнөрбөс сыймык.

Ал эми 1906-ж Карл Густов Маннергеймди өз өргөөсүндө кабыл алат. Ал Кытайга атайын экспедициялык иш менен баратып Курманжан менен болгон жолугушууда үч күн тыныгып эс алат. Алай ханышасы атайын жигиттери менен Кашкарга барчу жолду көрсөтүп узатышат. К.Маннергейм 1940-ж Фин армиясынын башкы командачысы,1944-45-жылдары Финляндия мамлекетинин президенти болгон, 87 жашта 1954-ж көз жумган (Т.Өмүрзакова, Курманжан датка Б., 2002ж) [3, 9-б.].

2011-жыл көп табылгалардын ачылышына өбөлгө болор. Ал эми окумуштуу Т.Өмүрзакованын Курманжан датканын өмүр жолундагы эне жана дипломат, көп кырдуу иш билги, чечкиндүү жетекчи экенин илимий жактан ачып бергени окурманды суктандырбай койбойт.

Колдонулган адабияттар:

1. Курманжан датканын 180 жылдыгына арналган конференциянын материалдары пайдаланылды
2. Молдокасымов К. Курманжандын көз жашы. Илимий-популярдык очерк.-Б,1991.
3. Өмүрзакова Т. Курманжан датка.- Бишкек, 2002.

УДК:400

Урусова Г.Б. (Ош МУ)

Татаал сүйлөмдөрдүн эмоционалдык – экспрессивдүүлүк жактан дифференциацияланышы

Макалада кыргыз тилиндеги татаал сүйлөмдөрдүн эмоционалдык – экспрессивдүүлүк жактан бөлүштүрүлүшү тууралуу сөз болот.

В этой статье рассмотрены дифференциация сложных предложений кыргызского языка по эмоционально – экспрессивности.

This article deals with the differentiation of emotional – expressive division of the compound sentences in kyrgys language.

Кыргыз тилиндеги татаал сүйлөмдөрдүн стилистикалык жана экспрессивдик белгилери

жөнүндө сөз баштаардан мурда, тигил же бул тилдик бирдиктин стилистикалык жана экспрессивдик белгилери анын кепте колдонулуш же түзүлүш өзгөчөлүктөрүнө жараша мүнөздөлөрүн белгилеп кетүүбүз керек.

Биринчиден, тилдик каражаттардын стилистикалык (экспрессивдик) мүнөзү адам ишмердүүлүгүндөгү тигил же бул чөйрөгө байланыштуу түзүлгөн ар түрдүү стилдеги текстке айрыкча көз каранды болуп саналат.

Демек, бул сөз төмөнкүдөй функционалдык стилдердин бар экендигин аныктайт: көркөм, оозеки- сүйлөшүү, иш кагаздары, публицистикалык, илимий (алардын подстилдери).

Экинчиден, тилдик бирдиктин экспрессивдүүлүк эффективдүүлүгүнө (натыйжалуулугуна) анын түзүлүшү, формасы, сүйлөөчүлөрдүн тилдик каражаттарды айлана – чөйрөгө байланыштуу колдонушу жана муну менен катар алардын коннотативдик маанилери таасир этет.

Ошону менен бирге эле коннотациялар тилдик бирдиктердин маанилик бөлүгү катарында келип, ошол эле учурда бирдиктин тигил же бул чөйрөгө тиешелүүлүгүн жана сүйлөөчүлөрдүн экстралингвистикалык көрсөткүчтөрүн да билдирет. Ошондуктан бул боюнча орус окумуштуусу Скребнев Ю.М. мындай деген таамай оюн айткан: «…Именно в том, что языковые единицы как бы снабжены ярлыками коннотаций, заключается, секрет стилевых явлений, механизм стилистического восприятия» [6:21].

Үчүнчүдөн, тилдик бирдиктердин стилистикалык жана экспрессивдик мүнөздөлүшү анын оозеки жана жазма түрүндө кепте басымдуу экендигин айгинелейт. Бул учурда оозеки – сүйлөшүү жана жазма китептик каражаттар тууралуу сөз болот.

Ошентип, жогорудагы үч белги тең тилдик бирдиктерге өзгөчөлөнгөн татаал комплекстерди берүү менен бири – бирине таасир берет, өз ара карым – катышта болот.

Демек, турмуштук – күнүмдүк чөйрө, негизинен, оозеки формадагы, айрыкча төмөндөтүлгөн (анын ичинде, сөзсүз, орток маанилүү) каражаттар менен камсыз болот.

Жогорудагы маселе боюнча белгилүү орус тилчиси, окумуштуу Н.И. Формановскаянын эмгегинде биринчи орунга татаал сүйлөмдөрдүн кайсы түрү жазма тексттерде көбүрөөк колдонуларын көрсөтүү жана алардын ар биринин стилистикалык жактан төмөндөтүлгөнү же жогорулатылгандыгы, ошол эле учурда контексттеги экспрессивдүүлүк маанини аныктоо коюлган [7:134].

Текстти кабыл алуучулардын эмоционалдык чөйрөсүндө автордун экспрессивдүүлүк жактан таасир берүүсү лингвистиканын компетенциясынан четте турат. Ошентсе да «стилистика стилистикалык эффективдүүлүк түшүнүгүнөн өзүнчө каралбайт» деп белгилейт Ю.М. Скребнев [6:28].

Негизинен, экспрессивдүүлүктүн функционалдык параметрлерин (чен – өлчөмдөрүн), анын тексте кандай түрдө көрүнүшүн, себебин, максатын жана башка экстралингвистикалык өлчөмдөрүн изилдөө максаттуу деп ойлойбуз.

Кептин жана тилдин функцияларынын баскычтанышынын (иерархиялык) ичинен биз татаал сүйлөмдөрдөгү тилдик бирдиктердин экспрессивдик жана стилистикалык функцияларын аныктоого аракет жасайбыз.

Жогорудагы аталган эмгектерде татаал сүйлөмдөрдүн стилистикалык өзгөчөлүктөрү, айрыкча, алардын экспрессивдүүлүгү, стилистикалык жактан боектуулугу коммуникативдик негизде, башкача айтканда, тексттен бөлүнбөстөн, ошонун ичинде бирге каралат. Мына ошондуктан биз да ушул өңүттөн кароого аракеттенебиз.

Ал эми стилистикалык жактан маркировкаланган структурада (кепте) персонаждын(автордун, каармандын) экстралингвистикалык себептердин сигналы камтылган болот, белгилүү бир мамиле түзүүнүн шарттарында жана окурманга берилүүчү, башкача айтканда, стилистикалык коннотациялар берилет. Ошону менен бирге эле көбүнчө эки термин «эмоционалдык – экспрессивдүү» же «экспрессивдүү - эмоционалдык» делип, бирдей колдонулушун адресант – адресаттын байланышын чагылдыруучу термин катары түшүнүүгө болот.

Татаал сүйлөмдөрдүн эмоционалдуулугу жана экспрессивдүүлүгү жөнүндө сөз кылардан мурда бул терминдердин айланасында түшүнүк берүүбүз керек.

Эки түрдүү термин «экспрессивдүү - стилистикалык» - структуранын эки тараптуу мүнөздөлүшүн күбөлөндүрөт: окурмандын эмоционалдык чөйрөсүнө таасир берүүчү катарында, ошондой эле кеп түзүүчүнүн жана карым – катыш абалынын дифференциалдык себептерин белгилөөчү катарында келет. Кээ бир учурда бул экинчи көрсөткүч өз кезегинде экспрессиялуу

болуп саналат.

Стилистикалык жана экспрессивдүүлүк статусу боюнча Т.Г.Винокурдун көз карашы маанилүү деп эсептелинет:

1) экспрессиялуу – баалоочу каражаттар; эмоционалдык чөйрө менен байланышкан жана стилдердин экспрессивдик системаларын түзүүчү каражаттар (төмөндөтүлгөн, орток (нейтралдуу), жогорулатылган); 2) функционалдык жактан бекитилген каражаттар; «жардамчы» экспрессивдик көрсөткүчтөргө караганда колдонулуу чөйрөсүнө байланышкан жана стилдердин функционалдык системасын түзүүчү каражаттар (оозеки – сүйлөшүү, официалдуу – иштиктүү, илимий, публицистикалык). Ошону менен катар окумуштуу – тилчи Т.Г.Винокурдун төмөнкү айткан сөзүн белгилеп кетүүбүз өзгөчө маанилүү десек болот: «кажется возможным соединять экспрессию и функцию в общую категорию стилистических свойств» [2:24].

Ошондуктан биз бул илимий макалабызда конкреттүү түрдө төмөнкүдөй максатты алдыга коебуз: тилдик синтаксистик бирдиктердин (татаал сүйлөмдөрдүн) көп пландуу кептеги колдонулушун аныктоо; анын стилистикалык жана экспрессивдик жактарынын кептеги чагылышын функционалдык бирдик катарында изилдөө болуп саналат. Алдыга коюлган милдетибизден улам, биз тил менен кепти бөлүп кароого мүмкүн эмес деп эсептейбиз.

Татаал сүйлөмдөр төмөнкү баскычтын бирдиктеринен турган жарым предикативдүү бирдик катарында салыштырмалуу бүткөн бир ойду билдирет жана кептик түзүлүштөрдүн экспрессивдик жана стилистикалык өзгөчөлүктөрүн аныктоо үчүн өзүнчө ушундай контекстти түзө алат.

«Өз алдынча маркировкаланбаган татаал сүйлөмдөр тексттин, дискурстун жогорку баскычындагы бирдиги катарында контекстте экспрессиянын жана стилистикалык жактан белгиленген зарядды кабыл алышы мүмкүн» деп белгилейт Звегинцев В.А. [4:170].

Жогоруда бир нече жолу эскертилгендей, тилдик бирдиктин формаларынын жогорку информативдүүлүгү анын стилистикалык маанисин түзөт, биз бул маанилүү форманын белгилерин бөлүп көрсөтөбүз.

Бул маселе боюнча орус тилчи, окумуштуу Н.И.Формановская [7] татаал сүйлөмдөрдү төмөнкүдөй топторго бөлүштүрөт [7]. Бул көз карашты биз да кыргыз тилиндеги татаал сүйлөмдөрдүн эмоционалдык – экспрессивдүүлүк жактан бөлүштүрүлүшүндө негиз кылып алсак болот. Экспрессивдүү татаал сүйлөмдөрдүн формалдык түзүлүшү, бул окумуштуунун көз карашы боюнча белгилердин үч тобунан турат: 1. Тексттин жазма жана оозеки формасынан көз каранды болбогон «күчтүү» экспрессиялуу стилистикалык элемент аркылуу берилген сүйлөм. Мисалы; ***Жол өтө коркунучтуу…Мейли, жөн эле тыгылып калса, а эгерде трансформатору жарылып калсачы. (сүйл.стили***).

Берилген сүйлөм экспрессивдик - стилистикалык жактан мүнөздөлөт. Мындан улам стилистикалык көрсөткүчтөрдөн сырткары ар түрдүү кырдаалга карата адресатка берилүүчү мамиле ачык билинет.

2. Экспрессивдүүлүк элементтердин (тилдик бирдиктердин) жайгашуусунан улам, башкача айтканда, жалпы эле архитектоникасынан улам пайда болгон сүйлөм. Мындай сүйлөмдөргө бир өңчөй мүчөлөр, ар түрдүү кайталоолор, параллелизмдер кирет. Мисалы, параллелизмдер менен келген сүйлөмдөрдө «жогорулатылган маани» жана көтөрүңкү маанай сезилип турушу мүмкүн. Ал эми стилистикалык кайталоо көркөм чыгармада атайын максат менен кептеги экспрессивдүүлүктү же эмоционалдуулукту күчөтүү үчүн колдонулат. Мисалы:

Жаз келгенде кубанам,
Энедей уул туулган.
Жаз келгенде кубанам,
Даректай нөшөр жууган. (Турар Кожомбердиев)

3. Ритмомелодикалык түзүлүшү өзгөчөлөнгөн сүйлөмдө пайда болгон экспрессия (акыркы учурларда прозалык жана поэтикалык тексттердин ритми менен интонациясы ийгиликтүү изиденилүүдө) [5:142]. Өзгөчө ритмикалашкан прозадан мисал**:** ***Азыр машинисттин жүзү ушундай, ал өзү электровоз сыяктуу, бардык 14 вагонду өзү тоого тартып бараткандай. Жогору, жогору, ашууну көздөп баратат состав, ал эми ал жерде дагы каршы катуу шамал, бир гана жаңы эле ак жаан жаап өткөндөй, Георгий Георгиевичтин бешенесинде тер (буу) жана ал эч тамашалаган жок жана мага эч нерсе түшүндүрбөдү.(Г.Башкирова).***

Айрыкча структурада айкалышкан элементтердин архитектоника жана ритмикасы биригишет, бири – бирин күчөтөт жана бекемдешет.

Жогоруда эскертилгендей, «экспрессивдик» деген түшүнүк менен «стилистикалык» деген түшүнүк бири – бир менен тыгыз байланышта каралат.

Тилдик каражаттардын функционалдык – стилистикалык дифференциацияланышы – бул узак мезгилдер бою жыйналган жана тилди алып жүрүүчүлөр – майда социалдык коллективдер тарабынан ар түрдүү шарттарга, чөйрөгө, социолингвистикалык параметрлер боюнча дайыма сөздөрдүн, формалардын, структуралардын чегине жараша колдонулушу.

Китептик кепте китепке тиешелүү «күчсүз» элементтер жазма формасынын өзүнө байланышкан, башкача айтканда, түзүлгөн эрежелерге, сүйлөмдөрдү жана сөздөрдү бириктирүүгө зарыл болгон каражаттарга көз каранды болот. Китептик кептин көз карандысыз «күчтүү» элементтери – булар татаалдашкан жана көркөм синтаксистик түзүлүштөр. Ошентип, «күчсүз» китептик элементтер – бул жазма текстинин нормасы, алардагы «күчсүз» оозеки элементтер – анын нормасынын бузулушу. Ошентсе да «күчсүз» оозеки элементтер дагы көркөм чыгарманын текстинде имитация үчүн, сүйлөшүүнүн түздөн – түз жаралуу актысын
(персонаждын кебинде же автордун баяндоо манерасында) түзүү үчүн кызмат кылат, башкача айтканда, мүнөздөө функциясын кабыл алат.

Демек, мындан кептик чөйрөнүн эки түрүн аныктоого болот: а) «күчтүү» элементтер менен келген өздүк сүйлөшүү жана китептик кеп; б) «күчсүз» элементтер менен келген оозеки жана жазма кеп. Сүйлөшүү жана китептик элементтердин «күчтүү» жана «күчсүзүнүн» чектелиши жазма тексттерден алынган кубулуштарды анализдөөдө өтө маанилүү болуп саналат.

Татаал сүйлөмдөрдүн көркөм тексттерден тандалып алынышы, көркөм кепте жогорку китептик каражаттан төмөнкү сүйлөшүү тилдик каражаттарына чейин колдонулгандыгы менен шартташкан. Ал эми татаал сүйлөмдөрдүн публицистикалык тексттерден тандалышы, бир жагынан, көркөм кеп менен байланышкандыгынан болсо, экинчи жагынан – публицистикалык тексттин окурмандын эмоционалдык чөйрөсүнө өзгөчө жогорку, патетикалык, же тескерисинче, тексттин өтө сынчыл мааниде угулушуна таасир берүүсү менен тыгыз байланышкан.

Биз кырыз тилиндеги татаал сүйлөмдөрдү эмоционалдык – экспрессивдүүлүк жактан бөлүштүрүүдө жогоруда аталган И.Н.Формановскаянын классификациясына негизденип төмөнкүдөй түрдө бөлүштүрөбүз.

Сүйлөшүү кебине тиешелүү татаал сүйлөмдөр (стилистикалык жактан төмөндөтүлгөн) нейтралдууларга салыштырмалуу алардын түзүлүшү жалпы көз караштан алып караганда төмөнкүдөй белгилерден турат: а) алар стилистикалык жактан өзгөчөлөнгөн сүйлөшүү байланыш каражаттарына ж.б. көрсөткүчтөргө ээ болушу да мүмкүн;

б) грамматикалык маанидеги минималдуу формалдык каражаттарга ээ болот (бул мааниде байламтасыз байланыш байламталуу байланышка салыштырганда көбүрөөк сүйлөшүү кебинин сүйлөмдөрүнүн белгиси катарында келет);

в) айтымдардын түзүлүшүндө толук каражаттарга ээ болбошу мүмкүн (эллипсис, кемтик сүйлөм, кыскартылган форма);

г) структурада ашыкча болгон айтымдардын бай каражаттарына да ээ болушу мүмкүн;

д) элементтердин туура эмес, баш аламан жайгашуу тартибине да ээ болушу ыктымал.

Китептик татаал сүйлөмдөр (стилистикалык жактан жогорулатылган) орток маанилүүлөргө (нейтралдууларга) караганда жалпы түзүлүштөн төмөнкүдөй белгилери менен айырмаланат: а) алар стилистикалык жактан өзгөчөлөнгөн, китептик байланыш каражаттарына же башка көрсөткүчтөргө ээ болушат;

б) грамматикалык маанидеги максималдуу формалдык каражаттарга ээ болот. (бул мааниде алганда кээ бир байламталуу сүйлөмдөр байламтасыздарга караганда бир топ китептик кепке жакыныраак болот;

в) структуранын толукталган түрдө болушуна шарт түзүлөт. (мында эллипстин жоктугу, тутумдаш байламталардын ж.б. болушу менен айырмаланат);

г) элементтердин башкача түзүлүшүнө, параллелизмди, кайталоолорду колдонгон, өзгөчө гармониялуу түзүлүшкө ээ болушу мүмкүн [7:141].

Жыйынтыктап айтканда, жогоруда белгиленгендей, стилистикалык мүнөздөмө татаал сүйлөмдөрдүн көркөмдүгү, экспрессия түзүлүштөрү менен тыгыз байланышкан.

Пайдаланылган адабияттар:

1. Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы. 3 – китеп. – Б.,2001.
2. Винокур Т.Г. О содержании некоторых стилистических понятий. – В кн.:Стилистические исследование. На материале современного русского языка. – М., 1972, 25 – бет.
3. Жапаров А. Кыргыз тилинин синтаксиси. – Ф.: Мектеп, 1979.
4. Звегинцев В.А. Предложение и его отношение к языку и речи. – М., 1976, 170 – бет.
5. Иванова Г.Н. Ритмика русской прозы. Автореф. канд.дисс. – М.,1969, 114,141,142 – беттер.
6. Скребнев Ю.М. Очерк теории стилистики. Учебное пособие для студентов и аспирантов филологических специальностей. – Горький, 1975, 28 – бет.
7. Формановская Н.И. Стилистика сложного предложения - Москва, 1978, 134 – бет.

Шайназаров Т.Ш., Нуруева З.А., Анарбаев А.А., Ташиева Г.С.

ОшГУ, Ошская межобластная детская клиническая больница

О состоянии младенческой смертности в Кыргызской Республике в разрезе областей за 2007 – 2008 – 2009 годы и в Ошской области в разрезе районов за 2007 – 2008 – 2009 – 2010 годы.

Statistical information of infant lethality in regions of Kyrgyz Republic in years 2007 – 2008 – 2009 and in regions of Osh states in years 2007 – 2008 – 2009 – 2010.

Shaynazarov T. Sh., Nurueva Z. A., Anarbaev A.A., Tasieva G.S.

Резюме: Нами обобщены и представлены уточненные статистические данные младенческой смертности в разрезе областей Кыргызской Республики за 2007 – 2008 – 2009 годы и в Ошской области в разрезе районов 2007 – 2008 – 2009 – 2010 годы. При оценке и разборе младенческой смертности строго анализировали реализации исполнения постановления Правительство КР от 03.12.2003г. №748 и приказ МЗ КР № 562 от 19.12.2003г “О внедрении в Кыргызской Республике критериев живорождения и мертворождения рекомендованные Всемирной Организации Здравоохранения”.

Resume: There are generalized and presented statistical information of infant lethality in regions of Kyrgyz Republic in years 2007 – 2008 – 2009 and in regions of Osh states in years 2007 – 2008 – 2009 – 2010 according to order №748 of Kyrgyz Republic from 03.12.2003y. and order № 562 from 19.12.2003y.

Показатель младенческой смертности является одним из важнейших критериев здоровья населения. По данным ВОЗ ежегодно в мире умирают примерно 12 млн. детей до 5 лет. Из них 8 млн. - дети до 1 года – младенцы. Из 8 млн. умерших младенцев умирают 43% на первой неделе. Важнейшей характеристикой здоровья населения является младенческая смертность. В республике ежегодно на первом году жизни от различных заболеваний, отравлений и травм умирают более трех тысячи детей или 25-27 умерших детей в возрасте до 1 года на 1000 родившихся. Потеря общества вследствие младенческой смертности в мире превышают потери от сердечнососудистых и онкологических заболеваний вместе взятых.

До 2004 года национальные критерии живорождения и мертворождения и соответственно, младенческой смертности имели отличие от рекомендованных Всемирной организации здравоохранения (ВОЗ), что значительно занижало показатели республики. В 2004 году осуществлен переход Кыргызстана на международные критерии живорождения, мертворождения и младенческой смертности, когда в органах ЗАГС началась регистрация смерти новорожденных с низкой массой тела (от 500 до 1000 грам.).

В целях снижения уровня неонатальной смертности (УНС) в Ошской области реализуется проект Японского Фонда Сокращения Бедности по снижению уровня неонатальной смертности. Правительство Кыргызской Республики обратилось с просьбой в АБР (Азиатский Банк Развития) о представления Гранта Японского Фонда Сокращения Бедности (JFPR). Предлагаемый Грант предусмотрел около 1 миллиона долларов и определил реализацию в Алайском, Чон-Алайском, Кара-Кульджинском, Наукатском районах Ошской области. Целью предлагаемого Гранта являлось снижения уровня неонатальной смертности (УНС) в перечисленных четырех районах

Ошской области на 20% от уровня 2004 года.

12 октября 2005 года в Ошской Облгосадминистрации проведен семинар ОРП(отдел реализации проекта) АБР (Азиатский Банк Развития) по запуску проекта АБР ЯФСБ (Японский Фонд Сокращения Бедности) № 9056. Из областных медицинских специалистов созданы группы специалистов для реализации проекта. Специалисты работают эффективно по 21 индикаторам.

Забота о детях является первоочередной задачей государственного значения. Только у здоровой женщины может родиться здоровый ребенок, а многие заболевания и патологические состояния детей возникают в утробе матери. Всего по области детей от 0 до 14 лет – 376241, что составляет более 30 % от общего количества населения, в том числе детей первого года жизни – 53296 (14,4%), от 0 до 5 лет детей – 147218(39,8%) от количества всего детского населения. Динамика показателей младенческой смертности в целом по Ошской области за последние годы имеет стабильную тенденцию к снижению составив 23‰ в 2008 году и 19,3‰ в 2010 году.

Снижение младенческой смертности является одним из критериев эффективности проводимых профилактических мероприятий, в результате реализации национальных программ “Здоровая нация” повсеместного введения в области программы ВОЗ по борьбе с острыми респираторными и диарейными заболеваниями и внедрения исключительно грудного вскармливания в родовспомогательных и детских учреждениях.

Останавливаясь к проблеме младенческой смертности(МС), мы старались в настоящей работе рассмотреть некоторые ее организационные и научные аспекты, вопросы её снижения и профилактики с новых позиций. Первый раздел ее включает анализ уровне, возрастной и причинной структуры МС, а также определение ее тенденций в период с 2007 – 2008 – 2009 годы по Республике и с 2007 – 2008 – 2009 – 2010 годы в Ошской области. В целом нами выявлены тенденция к снижению МС за анализируемый период, в целом по Республике в таблице №1 и в разрезе районов Ошской области и в таблице №2.

Показатели младенческой смертности в Кыргызской Республике за 2007 – 2008 – 2009 гг.
(на 1000 родившихся живыми)

Таблица№1

Регионы			
	2007г.	2008г.	2009г.
Кыргызская Республика	30,6	27,1	25,0
Баткенская область	33,6	31,4	27,8
Джалал –Абадская область	26,0	22,3	19,8
Иссык – Кульская область	25,8	25,2	21,4
Нарынская область	27,4	24,5	23,2
Ошская область	27,0	23,0	20,2
Таласская область	39,9	33,1	34,2
Чуйская область	28,8	25,2	22,9

Из таблицы №1 явствуют, что в целом по Республике показатели младенческой смертности снизился с 30‰ в 2007 году до 25‰ 2009 году или на 18,1%.

Показатели младенческой смертности в Ошской области в разрезе районов за 2007 – 2008 – 2009 – 2010 гг.
(на 1000 родившихся живыми)

Таблица№2

Регионы				
	2007г.	2008г.	2009г.	2010г.
Алайский район	19,0	23,8	18,5	19,1
Араванский район	24,0	22,3	17,6	16,2
Кара-Суйский район	28,7	22,1	18,1	18,4

Кара-Кульжинский район	19,7	19,1	19,2	17,0
Чон-Алайский район	26,4	25,2	24,7	39,7
Ноокатский район	32,1	25,4	24,7	23,8
Узгенский район	26,4	22,5	19,8	15,9
Ошская область	22,48	23,0	20,2	19,3

Из таблицы №2 явствуют, что в целом по области показатели младенческой смертности снизились с 22,4‰ в 2007 году до 19,3‰ в 2010 году или на 14%.

Параллельный анализ мертворождаемости (МР) показал иную картину. В Ошской области наблюдался рост показателя мертворождаемости составив в 2010 году 214 случаев или 6,7:1000, 2009году 218 случаев или 7,4:1000, 2008 году 194 случаев или 6,9:1000

Показатели перинатальной, неонатальной и постнеонатальной смертности и их компонентов по Кыргызской Республике и Ошской области за 2008-2009 годы.

Таблица№3

	Коэффициент мертворождае- мости		**Коэффициент ранней неонатальной смертности**		**Показатель перинатальной смертности**		**Показатель поздней неонатальной смертности**		**Показатель неонатальной смертности**		**Показатель постнеонатальной смертности**	
	2008	**2009**	**2008**	**2009**	**2008**	**2009**	**2008**	**2009**	**2008**	**2009**	**2008**	**2009**
Кыргызская Республика	12,9	12,5	17,4	16,3	30,1	28,6	2,5	2,0	19,9	18,3	8,1	7,8
Ошская область	11,1	11,1	16,0	14,1	26,9	25,0	1,7	1,4	17,8	15,5	10,3	9,2

Из таблицы №3 явствует, что перинатальная заболеваемость и смертность и их компонентов являются интегрированными медико-социальными показателями, характеризующими уровень и качество медицинской помощи беременным, роженицам и новорожденным, социальную поддержку и защиту материнства и детства.

Для более детальной характеристики показателей МС и МР нами проведено помесячный анализ в течение 3 лет. Визуальный анализ помесячных графиков позволил нам выделить уровня изменения показателей МС и МР январь, июль, август, декабрь месяцы года повышением их. К сожалению, случайный характер распределения показателей МС и МР не позволяет достаточно строго и объективно строит прогнозы на будущее.

Нами проведен также статический анализ сезонных колебаний показателей МС и МР. В целом он не выявил сезонной волны оказывающие влияния на показатели МС. Максимальный пик приходится на зимние месяцы. Минимальный индекс сезонности приходится на летние месяцы.

Рисунок№1



Азыркы убакта балдарды ар түрдүү багытта окутуп-үйрөтүүнү максат койгон жеке менчик мекемелердин саны көбөйүүдө. Айрыкча менчик түрү басымдуу болуп жатат. Бирок бүгүнкү күндө элет жеринде менчик мекемелер жок, ал эми өкмөттүк мекемелер тартыш экендиги белгилүү. Мындай мекемелерде баланын таанып-билүүгө ынтызар чакан дүйнөсүн кеңири ачып, дидактикалык шарттары аркылуу ага эстетикалык бай тарбия берүү керек. Бирок, биринчиден көпчүлүк региондордо методикалык каражаттар жетишпегендиктен жаңы методикаларды пайдалануу мүмкүнчүлүктөрү баардыгында эле боло бербейт. Экинчиден, аларда материалдык база жок. Борбордон алыс жайгашкан окуу мекемелеринин дагы бир көйгөйү - атайын билими бар кадрлардын жетишсиздиги. Балдарга билим берүү жана тарбиялоо мекемелеринде иштеген адистердин көпчүлүгү педагогикалык адистикке ээ эмес болгондуктан, балдарды окутууда тажрыйбасыздыгы таасир этпей койбойт. Тажрыйбалуу педагогдорду жайылтууда кесиптештерге атайын семинарларды уюштуруп, педагогикалык методикаларды оозеки айтып гана бербестен, иш жүзүндө көрсөтүп, методикалык рекомендацияларды башкача айтканда ачык сабактарды өтүп, алардын сценарийлерин таратып, мындан сырткары дидактикалык материалдарды дискке көчүрүп, электрондук варианттарын таркатуу зарыл. Ушунун баарын балдарды окутууда көрсөтмө курал катары аларга жардамын тийгизсе, уюштурулган семинарлар максатына жетээр эле. Анткени, кийинки учурларда ата-энелер да балдарын эрте жашынан мектепке чейинки билим берүүчү мекемелерге эмес, ар кандай ийримдерге катыштырууга активдүү тартылып жатышат. Ар түрдүү ийримдерге катышкан балдар менен ийримдерге тартылбаган балдардын психологиясы ар башка болот. Ийримдерге катышкан балдар, ийримдерге тартылбаган балдардан айырмаланып өздөрүн ээн-эркин алып жүрүүсү, көп нерселерди билүүлөрү менен өзгөчөлөнүп турат. Айтылган пикирди улуу гуманист-педагог Ж.Ж.Руссонун «Билим берүү деген балага тыштан таңууланган бир нерселер эмес, тескерисинче, билим берүү - бул баланын табияты, жаратылыш берген жөндөмдүүлүктөрү менен касиетттеринин табигый өсүшү жана өнүгүшү» деген сөздөрү менен же болбосо: «Жерде жаткан жумуртка асмандап учкан куш болот»,- деген элдик макал менен тастыктагыбыз келет [3;8-б.] .

Ар тараптуу билим-шыкка үйрөнгөн балдар – эртеңки мыкты адистер, ал эми мыкты адистер – мамлекетти жогорку деңгээлге көтөрүүчү мыкты кесиптеги инсандардан болоору анык. Ал үчүн «Ааламга кеткен жол айылдан башталат»,- деген сөздүн маңызындай ата-энелердин, айыл округунун, жалпы эле коомчулуктун колдоосу керек.

Адистердин айтымында балага таалим-тарбия берүүнү, аны туш тараптан өнүктүрүүнү мектепке чейинки курактан баштоо зарыл. Анткени ушул куракта келечекте ийгиликтерге жеткирүүчү баланын шык жөндөмүнүн пайдубалы түптөлөт. Адамдын турмушунда мектепке чейинки бал балалык доору эң маанилүү жана жооптуу учур болгондуктан, ага өзгөчө маани беришибиз шарт.

Ал эми билим берүү системасынын экинчи баскычы же башкача айтканда адам өмүрүндөгү экинчи доор бул - мектеп. Бүгүнкү күндө замандын талабына ылайык мектеп тармагында тесттик система менен окутуу кеңири инновациялык багытка ээ. Анын негизинде билим берүүнүн мазмунун жаңылоо процесси жүрүп жатат. Мектепте билим берүүнүн натыйжалуу иштөө режиминде тест мааниси зор документ болуп саналат. Тест билим берүү системасында окуучулардын билимдерин текшерүү, окуу жайларынын абалын иликтөө, окутуу методдорунун эффективдүүлүгүн баалоо максатында пайдаланылат. Ошону менен бирге эле кеңири алкакты камтыган түшүнүк. Ушул кеңири алкакты камтыган тест түшүнүгүнүн ичинен билим берүү системасында уюштурулуучу тесттин дидактикалык жана методикалык маселелерин изилдөө айрыкча актуалдуу жана проблемалуу болуп эсептелет. Бүгүнкү күндө тестти билим берүү системасына жайылтуу маселесинин мамлекеттик деңгээлде колго алынышы мүнөздүү өзгөчөлүккө айланды.

Окуучулардын ички татаал өзгөчөлүктөрүн изилдөөчү каражат катары ал дифференциалдык психология, психотерапия, психодиагностика, психометрия жана башка ушул сыяктуу психологиянын тармактарында колдонулат. Сабак учурунда ар бир окуучунун билимин баалоого, кемчиликтерин өз учурунда жоюуга, окуучуга жекече жардам көрсөтүүгө мугалим жетише албайт. Ошол эле учурда, мугалимдин билим баалоосу субъективдүү экендиги дагы чындык. Окуу процессинен массалык сыноолорго карай багытында колдонулушу жалпы эле билим берүү системасы үчүн натыйжалуу болоору талашсыз. Мектептердин окуу процессинде ийгиликтүү пайдаланылып, анын негизинде окуучулардын окуу жетишкендиктерин жана кемчиликтерин аныктоо, билим деңгээлдерин обьективдүү баалоо – мектеп мугалимдеринин түздөн-түз иш аракеттери болуп эсептелмекчи. Андан топтолгон тажрыйбалар массалык сыноолордун негизинде айланышы абзел. Демек, мектеп турмушунда тезинен жайылтылып, колго алынуучу иш. «Окутууну адеттеги практикасында болсо, - деп белгилейт атактуу педагог И.Б.Бекбоев, - мугалим сабактын каалаган убагында ар бир окуучунун материалды өздөштүрүү процессин, анын акылынын өнүгүү жолун контролдукка ала албайт. Мына ушунун азыркы окутуунун кемчилдиги болуп эсептелет. Материалдар окуучулар канчалык даражада түшүнүп кабыл алып жаткандыгы жөнүндө мугалим жалпы гана болжолдуу маалыматтарды окуучулардын оозеки же жазуу түрүндөгү жоопторунан ала алат». [1; 304-б.] .

Билим системасы тууралуу кеп кылганда кааласак да, каалабасак да, өткөн менен бүгүнкүнү салыштыруу өзүнөн-өзү түрүлүп чыга келет. Убагында көнүмүштөй көрүнгөн нерселердин көбү өзгөрүп,ушу азыр бидим берүү системасы кыйын абалга кептелип турганы элдин баарына дайын.

Ошондой эле мектеп окуутучуларына төлөнгөн айлык маянасын жогорулатуу туура деп эсептейм. Себеби бул учурда аларга болгон талап да күчөйт,берилип жаткан билимдин сапатын да жогорулатууга жетишебиз.

Жыйынтактап айтып келгенде сандан сапатка өтүү маселеси бүгүнкү күндө бир аз демилгелүү иш-чараларды көрүү мезгил талабына ылайык.

Колдонулган адабияттар:

1. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. Б.: Педагогика, 2003.
2. Кутбилим №45 18.12.2009-ж.
3. Кутбилим №2 22.01.2010-ж.
4.Калдыбаев С.К. Тестти окуу процессинде колдонуунун теориялык жана практикалык маселелери. –Б, 2003.
5.Калдыбаев С.К. Тесттик тапшырмаларды түзүүнүн методикасы.

Мугалимдер үчүн колдонмо. Б,1996.
6.Коменский А.Я. Избранные педагогические сочинения.-М., 1955.

УДК:371.3:741/744

Мамазаиров М., ОшМУ

Учурда мектептердеги көркөм сүрөт өнөрүнө болгон көз караш

Жаш искусство сүйүүчүлөрүн көмүскөдө калтырбай туура багыт берүү менен чыгармачыл инсандарды тарбиялап өстүрүү.

Начинающие любители искусства не должны оставаться в стороне, им нужно дать правильное направление для развития их творчества.

Beginning amateurs art must not remain in side, him it is necessary tj give right direction for development their creative activity.

Азыркы учурда жаштарды тарбиялоо жана коомчулукта өз кесибин туура тандоого багыт берүүбүз зарыл. Туура багыт берүүнүн эң биринчи тепкичи- бул баланы мектептен баштап искусствого тарбиялоо. Учурда мектепте искусствону, көркөм өнөрдү аркалап окуткан кесиптештерибиз аз. Бул предмет мектепте балдар үчүн эң бир кызыктуу, алардын жүрөгүнөн орун тапкан сабактардын бири болуп эсептелет. Ал эми башка предметтерди окутуу жаттоо аркылуу, кандайдыр бир мажбурлоо негизинде ишке ашырууга болот. Ал ишке ашыруунун максаты, биз аларды ар бир предмет боюнча тарбиялообуз, алардын келечегине пайдубалын түптөп берүү. Ошол түпкү пайдубалы көтөрүлбөй, учурда сүрөт, көркөм өнөргө болгон көз караш солгундап баратышы байкалууда. Адамдын жан-дүйнөсүнөн чыгармачыл инсан, жүрөгүнөн жаралган чыгармаларды жаратуу үчүн, биз табият менен адамдын ички сулуулугун көрсөтө билген, жан дүйнөсүндө көркөм өнөрдү сактап жүргөн жаш өспүрүмдөргө туура жол көргөзүү биздин колубузда. Ошондуктан келечектеги кесибин туура тандоо, мектепте багыт берүүдөн башталат. Ал эми учурда, жаш сүрөткер-адистердин мектептерде иштебегендигинин себеби сүрөт, чийүү сабагынын жана айлык маянасынын аздыгынан болуп, мкетепке баруудан баш тартышат. Баш тартуу менен эле чектелбей, учурда искусствону бүткөн адистерибиз шаардык «дизайнердик көркөм жасалгалоо» ишканаларында архитектурада жана эстелик жасоо өнөрканаларында, ошондой эле мебелдик цехтеринде иштеп келишет. Мектептин маянасына салыштырмалуу бул жерлерде 3-4 эсе киреше табышат. Туура, сүрөт өнөрү жаш чыгармачыл өспүрүмдөр үчүн эң бир сүйүктүү сабактарынын бири. Себеби, сүрөт тарткан инсан өзүнүн оюндагы фантазиясын же болуп өткөн окуяны, же көзү көргөн натурадагы көрүнүштү түшүрүү аркылуу эс ала алат. Алсак, мектеп окуучулары сабак учурунда бир тема үстүндө сүрөт тартууда; мисалы: «Күзгү көрүнүш», «Жомоктор дүйнөсүндө», «Апакем», «Менин Кыргызстаным» жана башка ушул сыяктуу кызыктуу, ары татаал көрүнгөн темалар үстүндө, бир класстагы окуучулардан бир канчасы өзүнүн оюн кагаз бетине түшүрө алат. Сүрөт өнөрү көпчүлүгүнө татаал көрүнсө, ал эми таланттуулар жана шыгы бар жаштар үчүн бул өнөрдү аркалап кетүү оңой сезилет. Чындыгында, тегиз актай кагаз бетине кызыктуу бир көрүнүштөрдү же пейзаж портреттерди түшүрүү таң калыштуу, ары табышмактуу сезилет. Ошол тегиздик бетине же таза барак бетин көргөндө, искусствого сүрөт өнөрүнө кызыккан инсан эч качан жөн тура албайт. Тескерисинче, (ак кагаз бетин көргөндө) ушунчалык эргүүлөр келип, ошол актай баракка жүрөгүндөгү сүйүктүү чыгармасын же кызыктуу бир сүрөттү түшүрүүнү эңсейт.Бул чыгармачыл инсандын ары жагында таланты бар экендигинен кабар берет. Алсак, кыргыз элине эле эмес бүткүл дүйнөгө белгилүү жазуучу Чыңгыз Айтматовдун «Жамийла» (повести) кино тасмасындагы (Жамийланын кайниси) Сейиттин тарткан сүрөттөрү, Данияр менен Жамийланын бирге жүргөн күндөрүн, ар бир чыгармасындагы көрүнүштөрдү, өзүнчө картина катарында жараткандыгы, чыныгы искусствону сүйө билген таланттуу сүрөтчүнүн образын жана жан дүйнөсүн Чыңгыз Айтматов өтө таамай жана так көрсөтө алган. «Өнөрүң болсо өргө чап», - деп эл арасында бекеринен айтылып келбесе керек, кантсе да таланттуулардын талантын баалай билгендиги таамай айтылган макалынан байкалып турат, же көркөм өнөргө жакын экендигинен кабар берет. Өнөрлүү адамдын өзөктөн жаралган чыгармасын экинчи бир адам жарата албайт. Себеби ар бир чыгармачыл инсан, өзү жараткан чыгарманы

башкалардыкынан өзгөчөрөөк жасоого далаалаттанат. Ошол аракеттер аркылуу искусство өнүгүп - өсүп, ар кандай жанрларда жаңыча агымдарды жаратып ийгиликтин туу чокусуна жетишүүдө. Ошол себептен жаш өспүрүмдөрдү тарбиялоодо жана окутууда ар бир сабакты өз адистигин билген инсан гана өтсө, ошондо гана келечек муундардын коомчулукка кошкон салымы зор ийгиликтерди жаратаар эле деп ишенем.[1] Жаш муундарга сүрөт сабагын окутууда алгач калемди иштетүүнү туура кармоо жана учтоону үйрөтүү абзел. Калемдердеги Т1, Т2, Т3, М1, М2, М3, М4, М5 – деген сыяктуу белгилер болот. Мында Т1- твердый (катуу), М1-мягкий (жумшак) дегенди, ал эми сандар карандаштын канчалык катуу же жумшак экендигин билдирээрин түшүндүрүп берүү, алар үчүн кызыктуу сезилип, калемди иштетип көрүүгө умтулушат. Ал эми сүрөт тартуунун негизги каражаттары «акварель» жана «гуашь» жөнүндө балдарга төмөнкү маалыматтарды берүү зарыл. «Акварель» латындын «aqua» - деген сөзүнөн, ал эми кыргызча «суу» - деген маанини билдирген сөздөн келип чыккан. Аты айтып тургандай, сууга эзме назик, тунук боек болуп саналат. Байыркы египеттиктердин, гректердин, римдиктердин көркөм дүйнөсүндө акварель боегуна кошумча ак түс кошулгандыктан, аткарылган жумуштар киргилт (бозомук) болуп тартылган. XV кылымдан баштап ак түс кошулбаган акварель боегу менен иштеп келе жатышат. Живописти чыгармада өтө жарык жерлерди чагылдырууда, аларды боебостон кагазды актай калтырып, ак боектун ордуна колдонушат. Акварель боегу менен кагаз бетине жука билинер-билинбес кылып, кыл калемдин жардамы менен бир эле жерге бир түстүн үстүнө бир нече түстү кошуп иштөөгө болот. Алардын кошулмасынан керектүү түстү боек эзүүчү тактада (палитрада) издеп табышат. Айрым сүрөтчүлөр, ар бир түстү бири-бири менен өз өзүнчө айкалыштырат. Кээ бирлери, алгач сууланган кагаздын бетине боекторду агызып иштегенди жакшы көрүшөт. Акварель боегунун кереметтүү тунук, ачык, үлпүлдөгөн жеңил касиеттеринен улам, аны менен аткарылган чыгармалар көз жоосун алган, ажайып кооздукту көрүүчүлөргө тартуулайт. Акварель боегу өтө назик болгондуктан көпчүлүк сүрөтчүлөр аны кыз кыялына салыштырышат. Гуашь же май боектору менен аткарылган иштерди үстү-үстүнөн боеп оңдоого болот. Ал эми акварель боегу менен тартылган иштерди өчүрүп оңдоо өтө опурталдуу болгондуктан, көпчүлүк сүрөтчүлөр акварель боегу менен иштешпейт. Ошондон улам, акварель боегу менен аткарылган иштер башка боектор менен аткарылгандарга салыштырмалуу өтө аз. (2) Жаратылышка түздөн-түз байкоо жүргүзүү живописти таанып-билүүнүн алиппеси болуп саналат. Живописти түшүнүү, кабылдоо жана сүйүү үчүн адам жаратылыш дүйнөсүнүн дал өзүндө болгон сезимдердин узак мектебинен өтүүгө тийиш. Бала түшүнө албаган сүрөттөр бар жана аларды өспүрүм улан кураста көрүү керек, бирок бала чакта «туш болууга» жана аларга өмүр бою кайрылбоого боло турган сүрөттөр бар. Чыныгы искусстводо жөнөкөй эч нерсе жок. И.Шишкиндин «Кара буудай», А.Саврасовдун «Чар каргалар учуп келишти», И.Левитандын «Алтын күз» жана «Кайың токою», К. Юондун «Кыш аягы», «Чак түш», А.Пластовдун «Биринчи кар» сыяктуу жөнөкөй сүрөттөрүн бала чакта да, өспүрүм кезде да, уландыктын алгачкы жылдарында да көрүү керек. Адам ар бир жолу алардан кандайдыр бир жаңы нерсени көрөт. Сүрөттөрдү кайталап көрүү эмоциялык эсте тутууну байытат, өнүктүрөт, кооздукту кабылдоонун курчтугу деп аталган сапатты тарбиялайт. Көркөм сүрөт искусствосу өспүрүмдөрдүн рухий турмушуна дал ошол кайталап кабылдоонун аркасында кирет. Ошондуктан интеллектуалдык, эмоциялык жана эстетикалык өөрчүп өнүгүүнүн ар бир жаңы мезгили менен бирге тарбиялоого живописти улам жаңы чыгармалары кошулат ошол эле мезгилде мурда көрүлгөн сүрөттөргө көңүл бурбай калышат. [2]

Мына ушул сыяктуу ар бир боектордун тарых таржымалы жана аны иштетүүнүн жолдорун көрсөтүп же айтып берсек, чыгармачыл балдар үчүн ачылбаган кулпуну ачкан менен барабар деп айтаар элем. Көз жоосун алган мончоктой тизилген түркүн түстөр аркылуу, укмуштай ажайып чыгармаларды жаратуу же белгилүү атактуу сүрөтчү болуу, ар бир эле адамдын колунан келе бербейт. Ошондуктан «Келечек жаштардын колунда», - дегендей жаш өспүрүмдөр үчүн жаңыча методдорду колдонуу менен сабак өтүп алардын ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүн жогорулатсак, сүрөт өнөрү менен сугарылган жаш өспүрүмдөр арасынан «Жетинин бири кызыр» деген сыңары, келечекте Кыргызстанды дүйнөгө тааныткан чыгармачыл инсандар жаралар эле деп ишенем. Чындыгында, өнөр деген улуу, ушунчалык өзгөчө касиетин айтып түгөтө албачуудай сыртынан анча байкалбаса да ичи алтын жалатылган сарай өңдүү. Өнөр чапса сынгыс, сууга чөккүс, отко күйбөс, аздектеп баксаң сени даңктап да мураска жеткирип көкөлөтө не бир бийиктиктерге чыгаруучу касиетке ээ. Бирок мындай өнөрлүү болуу бактысы, ар бир эле пендеге бериле бербейт. Бул өнөр Алла Тааладан, жараткандан жиберилген ырыскы деп эсептейм. Миң адам төрөлсө анын

бирөөсүнө гана ыйгарылат. Дагы бир өзгөчөлүк, ал адам мен таланттуумун деп чалкалап жата берсе, андан эч кандай тыянак чыкпайт. Эң оболу, өнөрдү эмгектин суусуна сугарып, аракеттин алтын даны менен багыш керек. Ошондо гана эмгек, талант, аракет жуурулушуп не бир керемет чыгармалар жаралат жана таланттуу адам ошондо гана бакыттын көлүндө чабак урат. Адам талантты бакса, талант адамды багып, эриш-аркак чоң бир бийиктиктерге жеткирет. Ар бир эле инсан, бул жашоодо из калтыргысы келет, бирок из калтыруу тарых баракгарында калуу ар биринин эле колунан келе бербейт. Ал эми өнөрлүү адам үчүн из калтыруу эмгектенүүнү гана талап кылат.

Колдонулган адабияттар:

1.Көркөм өнөр булагы.Акматов Д.А, Бердибаева С, Маркова Р.А. Б «Педагогика»2002-ж.
2.В.А. Сухомлинский. «Тарбия жөнүндө» Ф 1985

Мусаканова М. (ОГПИ)

Улуттук маданияттын башталгыч класс окуучуларын адеп-ахлакка тарбиялоодогу таасири

Макалада элдик маданияттын (оозеки чыгарма, фольклор, традиция ж.у.с.) жардамы менен башталгыч класстардын окуучуларын адеп-ахлакка тарбиялоодогу тийгизген таасири жөнүндө көрсөтүлгөн.

В статье рассматриваются вопросы влияния национальной культуры в сфере устного народного творчества, традиции, обычаев как общечеловеческие ценности на нравственное воспитание учащихся начальных классов..

The infuluene of national culture to morality of brining up primary school learners with the help of (oral folklore, tradition) is shown in this article.

Баарыбызга белгилүү болгондой кыргыз элинин маданиятынын башталгыч класстардын окуучуларын адеп-ахлакка тарбиялоодо тийгизген таасири эбегейсиз зор. Аны менен биргеликте бөтөн, боордош элдеринин да маданиятынын, жалпы адамдык баалуулуктарынын (жерине, өз элине, мамлекетине болгон сүйүүсү, эмгекке болгон мамилеси, үй-бүлөгө, билим-илимге болгон мамилеси ж.у.с.) окшоштугу болгону менен кыргыз элинин фольклорунун, заманбап искусствосунун, элдик адабиятынын, музыканын, элдик оюндардын, бийдин тийгизген таасири өзгөчө.

Кыргыз фольклорунун бири болгон элдик оозеки чыгарма башталгыч класс окуучуларынын ойлоо сезиминин өсүшүнө көмөкчү болот.

Жалпы адамдык баалуулук (туулган жерине, ата мекенине, эмгекке, маданиятка, үй-бүлөгө, билимге болгон сүйүүсү жана тынчтыкты көзүнүн карегиндей сактоосуна болгон баалуулуктар) башталгыч класстагы окуучуларга фольклор аркылуу жеткирилип калыптанат. Бала эрте жашта эле жомок, табышмак, макал-лакаптар ж.у.с. фольклор жана үрп, адаттар менен таанышышат.

Элдик жомоктордо жана макалдарда жүрүм-турум эрежелери жана аларга коюлуучу талаптар көрсөтүлүп адеп-ахлакка тарбиялоодо жемишин берет. Мисалы:“Өз агасын агалай албаган киши агасын сагалайт”, “Билимдүү миңди жыгат, күчтүү бирди жыгат” деген макалдар балдарды эмгекке, улууну урматтоого, билимдүүлүктүн баркына жетүүгө тарбиялайт. Ошондой биримдикке тарбиялаган макалдар аз эмес: “Көп түкүрсө, көл болот”, “Жалгыз таруу ботко болбойт” ж.у.с.

Азыркы учурдагы кыргыз адабияты башталгыч класс окуучуларын адеп-ахлакка тарбиялоодо зор мүмкүнчүлүккө ээ. Окуучулар белгилүү жазуучулардын, акындардын: Тоголок Молдо, Т.Сатылганов, А.Осмонов, Ж.Бөкөнбаев, Ч.Айтматов ж.б. ырларын, чыгармаларын окушуп каармандарды туурап аткарышат. Адеп-ахлакка тарбиялоодогу эң негизги каражат катары окуу китептериндеги белгилүү жазуучулардын, акындардын чыгармасы да пайдаланылат. Ал эми I-IV класстын окуу китептериндеги тексттер, көнүгүүлөр да балдардын адептүүлүк элестөөлөрүн калыптандырат: республикага, эмгекке болгон сүйүүсүн арттыруу менен башканын эмгегин баалоого, “жакшы”, “жаман” деген түшүнүктөрдү айырмалап билүүгө үйрөнүшөт.

Элдик музыка бий аркылуу тарбиялоо атам замандан эле баалагандыгы бизге жаңылык эмес. Комуз, ооз комуз аркылуу кыргыз элибизди даңктап, прогрессивдүү жактарыбызды ачып көрсөткөн.

Элдик оюндары, спорт баланы ыкчамдыкка, сезимталдыкка, денесин чыңдоого, эстетикалык, нравалык ж.у.с. тарбиялоо менен бирге алардын чыдамкайлуулугун, чечкиндүүлүгүн, табышкерлигин ж.у.с. адептүүлүктүн сапаттарынын өнүгүшүн камсыздайт.

Элдик традиция жаш муундардын социалдык-психологиялык факторлорунун калыптанышына өбөлгө түзөт.

Адептүүлүккө тарбиялоонун баардык факторлору: сөз, жумуш, мамиле ж.у.с. бириктирилип, күчөтүлүп жана айкалаштырылат.

Тарбиянын башаты үй-бүлөдөн башталат. Тарбиялоодо адеп-ахлактын ар бир касиетине көңүл бөлүп баланын ниетине, көңүлүнө карабайбыз. Ошондуктан катаал мүнөздөгү, кайрымсыз, бейбаш жана жеке кызыкчылыгын көздөгөн балдар тарбияланып калышы мүмкүн. “Эгерде балдарыңардын бактысыз болушун кааласаңар, – деп жазган К.Д.Ушинский, алар эмнени жасаганды каалашса мүмкүндүк түзө бергиле”, – деп бекеринен айтпаган. Мектеп менен үй бүлөнүн тыгыз мамилеси эффективдүү жыйынтыкты бериши баарыбызга белгилүү.

Элдик традиция, үрп-адат, маданият ж.у.с. маданияттын түрлөрү үй-бүлөдөн берилет. “Баланы бала тарбиялайт”, – деп ата-бабаларыбыз көп балалуу үй-бүлөнү сыйлашкан.

Үйбүлөнүн көп балалуу болгон тардиция өтө маанилүү болуп анын зарыл экендигин билдирүүчү макалдар да аз эмес. Мисалы, “балалуу үй – базар, баласыз үй – мазар”. Чоңунан кичинесине карата сый-урматта болушу, бири-бири үчүн камкордук көрүүсү адеп-ахлактын эң негизги касиети деп атоого болот.

Азыркы учурда кескин түрдө аз балалуу үй-бүлөлөрүн болушу коомго да терс таасирин тийгизип жатат.

Ата-бабаларыбыздын “жети атасын билбеген бала өз атасын да билбейт” жана “Эр жигитти намыс, коңонду камыш өлтүрөт” деген макал-лакаптарды айтуу жигиттердин намысына келтирүү менен патриоттуулукка тарбиялап алардын нравалык жана эстетикалык көз караштарын калыптандырган ошону менен бирге эсте тутуусун, ой жүгүртүүсүн, эркин ж.у.с. өнүктүргөн.

Башталгыч класс окуучуларын адеп-ахлакка тарбиялоо менен биргеликте, эстетикалык табитин өстүрүүгө, экологиялык билимдерин калыптандырууга, дене тарабынан чыңдоого карата тарбиялоодо айрыкча сейрек жашоого үйрөтүүдө жүрүм-турумду, эрежени, ар түрдүү нормаларды үйрөтүүдө элдик салт жеке адамдагы, үй бүлөдөгү, мектептеги жана улуттардагы проблемалуу жагдайларды чечүүдөгү бирден-бир зарыл каражат болуп саналат.

Азыркы учурда жашоо тиричилик көп нерселерге таң калтыруу жана түшүнбөөчүлүктү алып келип жатат. Кээ бир түшүнүккө баа берүүдө же жеткире айталбай, же ашыкча айтылып калган учурлар көп болуп жатат. Биздин ата-бабаларыбызды эмне тынчсыздырган, кантип эмгектенишкен, эмне жөнүндө ойлонушкан, эмне жөнүндө ырдашкан, айтып беришкен, өздөрүнүн урпактарына (балдарына, неберелерине, чеберелерине) эмнени мурас кылып калтырышкан жөнүндө үстүрттөн айтып гана тим болуп жатабыз.

Ошондуктан элдик маданиятты үстүртөн гана окуп үйрөнбөстөн үрп адаттар, салттар, ата-бабаларыбыздын айтып кеткендери терең өздөштүрүлсө көп катачылыктарга жол берилмек эмес.

Жашап жаткан жердин тарыхы (улутуна карабастан) терең окуп үйрөнүлсө, анда ал жердин калкына сый урмат менен мамиле жасоо менен бирге ар бир инсан тарыхтагы ордун бекемдеп алуусуна шек жок. Ошондуктан азыркы учурда элдик салттардын, үрп адаттардын, майрамдардын (Нооруз майрамы ж.у.с.) өткөрүлүшүнө кайрадан көңүл бөлүү учурдун талабы болуп жатат.

Тарбиялоо процессин жандандыруу үчүн башталгыч класстардын методикалык бирикмелеринде, класстан тышкаркы жумуштарында элдик маданиятынын бардык аспектилери кеңири пайдаланышы зарыл.

Жогоруда айтылгандардан төмөндөгү жыйынтыктарды алууга болот:

- Элдик маданият – улуттук маданияттын негизи. Ошондуктан жалпы адамдык баалуулуктар болгон элдик маданияттын жетишкендиктери менен балдарды тааныштырууга болот.
- Элдик маданият балдарды адеп-ахлакка тарбиялоодо төмөндөгүдөй баалуулукту ачып көрсөтүп берет. Алар: эмгекти сүйүүгө, боорукердикке, жаратылышка жана өзүнүн элине, жерине этият мамиле кылуусуна.

- Башталгыч класс окуучуларына элдик маданият оюн, ыр, жомок, табышмак, улуттук кийим-кечелер, үйдөгү буюмдар аркылуу терең түшүндүрүлөт жана балдарга кызыгууну алып келет.
- Окуучулардын өзүнүн катышуусу менен элдик үрп-адаттарды, салттарды да ырдатуу, бийлетүү, ролдошкон оюндарды ойнотуу менен жеткирүүгө болот.
- Улуттун-улут болуп калыптанышында мамлекеттик тил зор роль ойнойт. Тилдин калыптанышына эң негизги каражат болуп фольклор эсептелинилет. Ал башталгыч класс окуучуларынын тил байлыгын өстүрөт.
- Иш-аракеттерди уюштуруудагы учурларда (айрыкча театрлаштырылган майрамдык кечелерди даярдоодо жана катыштырууда) бир гана баланын өсүшүнө, өнүгүшүнө шарт түзүлбөстөн, өздөрүнүн достору менен да мамиле түзүүгө үйрөнүшөт, ал эми класс жетекчиге коллективди бириктирүүгө, ата-энелерди тарбиялоо жараянына тартууга мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Элдик маданияттын баардык аспектилери башталгыч класс окуучуларына ыктуу пайдаланылса коомго даяр жана аны сый урмат менен караган жарандар менен толукталышы талашсыз.

Пайдаланылган адабияттар:

1.Макаренко А.С. Книга для родителей. – Соч. –М., АПН РСФСР, 1957-1958. – IV. – С.20.
2.Макаренко А.С. Проблемы школьного воспитания. Соч. – Т.У. – С.105.
3.Краткий словарь по этике. – М., 1965. – 226-233 с.
4.Караковский В.А. Система воспитательной работы с ученическим коллективом средней школы. – М., 1978. – С.91.

Мамышева Д.З., ОшГУ

Музыкально-просветительская деятельность педагога-хормейстера

Музыкальное воспитание – это не воспитание
музыканта, а, прежде всего воспитание человека.
В.А. Сухомлинский

В статье обсуждается проблема, потребности в формировании специалистов нового типа, способных динамично реагировать на изменение социальной культурной ситуации в профессиональной деятельности.

The topic studies the problem and need in formation of new type specialists who are able to dynamically react the alterations in social and cultural situation in their professional activity.

Сложный, во многом противоречивый процесс современных реформ привёл к эволюции духовных ценностей, составляющих основу общенациональной культуры.

Возникли острая проблема и потребность в формировании специалистов нового типа с высокой степенью творческого и профессионального потенциала, способных динамично реагировать на изменение социальной культурной ситуации в профессиональной деятельности.

Характерно, что чаще других музыкальных профессий профессия просветителя привлекает именно дирижёров-хормейстеров, т.к. в музыкально-просветительной деятельности хоровой самодеятельности принадлежит одно из первых мест.

Мотивами участия в хоровой самодеятельности являются:

обучение хоровому пению и развитию певческих навыков и умений, полученных в хоровом коллективе общих знаний мировой художественной культуры и искусства, получение навыков и умений общения, приобретение дара обмена этими знаниями, взаимопросвещение, передаче знаний по культуре и искусству другим.

В настоящее время наметились позитивные тенденции в социально-культурной сфере. Разрабатываются перспективные проекты возрождения народной художественной культуры в регионах, внедряются художественно-образовательные программы на основе национально-культурных традиций в Кыргызстане, открываются новые специализации в народной художественной культуре в учебных заведениях.

Подготовка в вузах культуры сегодня ориентирована на введение в содержание учебного процесса народного музыкального творчества предмет «Манас и музыка» рассматривает народную музыкальную культуру, понимаемой как единство музыкальной культуры, понимаемой как единство музыкально-исполнительской, авторской, слушательской, собирательской, народно-педагогической, обрядовой, праздничной деятельности различных народов, населяющих нашу Родину.

Эта подготовка осуществляется, например, на основе базовой специальности «народная художественная культура» с широким спектром специализаций, таких как история и теория народного художественного творчества, этно-художественная педагогика, художественные коммуникации, художественно эстетическое воспитание.

Существует целая система, в которой приобщение школьной молодежи к искусству и осуществляется на фоне широкого культурно-эстетического развития. Центр этой системы – школа. Помощники – разные внешкольные учреждения.

Организационная методическая основа – координация классных, обязательных для всех и внеклассных, внешкольных, свободно выбираемых форм занятий искусством.

Это программа системы общественного воспитания детей по месту жительства.

Одна из главных целей программы – полноценное развитие художественного восприятия и активное творчество школьников в разных видах и формах занятий.

Во времена кризисных процессов хоровые школьные и самодеятельные коллективы нуждаются в руководителях-хормейстерах, способных гибко и оперативно реагировать на изменения потребностей и интересов молодёжи; в дирижёрах нового типа, хорошо знающих специфику хормейстерской работы и способных вести активную организаторскую, музыкально-просветительскую деятельность в новых социально-экономических условиях.

Однако, в современной практике руководства музыкальными коллективами выявляются недостатки: отсутствие педагогической целенаправленности в работе, отрыв педагогических задач от музыкальных, опора на авторитарную педагогику в учебно-воспитательной работе, ограничивающую творчество.

Следовательно, просматривается несоответствие устаревших подходов к подготовке кадров для музыкальных коллективов современным социально-экономическим и педагогическим особенностям социально-культурной сферы. Музыкальный руководитель должен быть обучен тому, как формировать правильную самооценку создаваемой и исполняемой непрофессионалами музыки.

Важное значение здесь имеют оценочные суждения и сформированность ценностных ориентаций на высокохудожественные музыкальные произведения.

Сердцевину эстетической деятельности в хоровом коллективе составляют методика, которой владеют специалисты и которая обеспечивает конкретный смысл и форму программы, раскрывающей проблемы обучения, касающиеся конкретной аудитории.

Наряду с функцией педагога-воспитателя учитель выполняет функцию просветителя, причём просветительская деятельность становится фундаментом для реализации воспитательных и образовательных задач. Такая подготовка осуществляется на факультетах начальных классов по специализации «Музыка» в педагогических ВУЗах. Процесс обучения специализации проходит более эффективно, потому, что в нем реализуется просветительская задача. В итоге наблюдается расширение содержания музыкально-просветительской работы, направленной на увеличение объёма общения и взаимопросвещения школьной молодежи.

Условием этой деятельности является потребность в музыкальном самообразовании и самовоспитании, стремление к самостоятельному продвижению в музыкальном познании, ориентация молодежи на самосовершенствование, на подготовку самосовершенствования молодежи.

Особую значимость приобретает направленность воспитательного процесса на подготовку школьной молодежи к самостоятельным развивающим контактам с музыкальны искусством. Специфика профессиональной деятельности учителя-хормейстера и связанные с ней трудности требуют от него не только определенной системы знаний, но и умения гибко применять эти знания на практике в школе, решать множество стихийно возникающих проблем, обусловленных особенностями хорового музыкального материала. Формами и методами проведения хоровых репетиций, организацией хорового коллектива в школе.

Поэтому, специалисту этого профиля нужна не только система знаний, навыков и умений, но и сформированность способности трансформировать знания в новых условиях.

Требования к деятельности учителя-хормейстера:

1).интеграция музыкального развития школьников певцов и просветительской деятельности в хоре.

2).ориентация на активную динамику результатов воспитательной работы

3). организация работы с учетом музыкальных интересов воспитанников

Если деятельность направлена на овладение содержанием музыкальной культуры, то школьники должны получить необходимые знания. Они нужны для воссоздания образно-эмоционального содержания музыкального произведения.

Поэтому, недооценка в подготовке специалистов может привести к тому, что хормейстеры окажутся, не готовы к руководству музыкальным коллективом.

Пропаганда музыки во все времена была важным и нужным делом в воспитании людей. Замечательные традиции в музыкально-эстетическом воспитании детей и юношества стали основой педагогической деятельности О.А. Апраксиной, Н.Л. Гродзенской, Д.Б. Кабалевского, В.Н. Шацкой, определили просветительскую направленность исполнительского творчества К. Кондрашина, Г. Рождественского, С Рихтера, Е. Светланова.

Музыкально-просветительскую деятельность учителя-хормейстера мы понимаем как педагогически ориентированную в условиях свободного времени, интеллектуальное и эмоциальное воздействие на личность школьников и молодежи средствами хорового искусства. Она заключается в целенаправленном общении школьников и молодежи к современной музыкальной культуре. Это могут быть хор, ВИА, дискотека, кружок обучения игре на музыкальном инструменте, а т.ж. знания смежных областей искусства и мировой художественной культуры.

От того, как музыка передается, зависит воздействие произведения на слушательскую аудиторию. Оценочная ориентация в творчестве хормейстера очень важна. Она опирается на прежний, прошлый и настоящий опыт художественного творчества, на ощущения музыканта, слуховые восприятия.

Эмоционально-образная интерпретация музыкального текста сочинения предполагает творческое перевоплощение всей драматургии музыкальной формы, наполнение её эмоционально-личностным опытом. Это позволяет хормейстеру стать создателем интересной, неповторимой трактовки исполняемой музыки, и в этом смысле, дирижёр выступает как соавтор композитора.

Музыкально-просветительские элементы, заложенные в музыкальных произведениях хорового искусства и в предметах дирижёрско-хорового цикла, умения распространять знания, их просветительскую направленность (в хоре, вокальном ансамбле), исполняя конкретные функции.

Музыкально-просветительская деятельность учителя-хормейстера повышает её социальную значимость и является базой для решения целого комплекса задач: специальных, образовательных и воспитательных. Готовность учителя определяется наличием соответствующего мастерства, в основе которого должна быть:

1).соединение музыкально-педагогических и просветительских способностей

2).стремление к самообразованию и самосовершенствованию

3).музыкальность, дар педагогического общения, вера в успех

4)музыкальное просвещение через пропаганду хоровой музыки

5)интеллектуальная готовность

6)владение знаниями, навыками и умением для решения художественно-педагогических и просветительских задач.

Дирижирование прошло несколько стадий развития, не сложилась его современная форма – язык жестов и мимики.

Современный язык дирижёрского искусства – это способ человеческого общения, вызывающий эмоциональный отклик.

Прообразом дирижирования были ритмичные телодвижения человека в танце. Затем выделился ведущий – исполнитель запева, который отсчитывает такт хлопками или ударом ноги.

Вот дирижёрские качества, необходимые для выступления: предконцертная самонастройка, регуляция исполнения с учётом акустических особенностей заполненного зала и реакция слушателей на исполнение: психологическая, зрелищная, эмоциональная, физическая, интеллектуальная отдача от дирижёра и надёжность.

Используемая литература:

1. Л.А. Безбородова Дирижирование. – М., 1990.
2. А.У. Ушкарёв Основы хорового письма – М., 1986.
3. К.К. Пигров Руководство хором. – М., 1964.
4. Ш.Я. Мюнш Дирижер. – М., 1965.

Нурбаева А.К., ОшГУ

Воспитательная функция музыки в нравственно – эстетическом формировании учащихся

Art education with it's special means solves the problems of all rounded development of future generations of sovereign republic.

Начало обучения в школе – важный и ответственный период в жизни ребенка, он накладывает глубокий отпечаток на все его дальнейшее развитие и воспитание. Нынешний этап образования характеризуется тем, что школа должна растить, обучать и воспитывать молодые поколения с максимальным учетом, тех общественных умений, в которых они будут жить и работать.

Педагогическая деятельность школы, с одной направлена на то, чтобы обучить учащихся навыкам предметной деятельности – практической и познавательной, с другой стороны, она направлена на формирование и развитие у них правильных сточки зрения общечеловеческой морали, взаимоотношений с другими людьми, с коллективом и обществом. В предметно-практической деятельности, как указывает Д.И. Фальнштейн «ребенок усиливает знания, умения, навыки, а в деятельности по установлению норм человеческих взаимоотношений пытается включиться в системе этих отношений, как бы «применяя» себя к обществу [1].

Музыкальное воспитание школьников, выполняя социальный заказ формирования личности нового человека призвано решать эту задачу совместно с другими видами воспитания – идейно - патриотическим, трудовым и нравственным. Своими специфическими средствами возможностями они формируют у школьников отношения к своей родной Родине, другим людям, к труду, к природе. Присваивая к себе опыт общественных отношений, школьник формируется как личность к присущей ей социальными качествами.

Методика музыкального воспитания в школе принадлежит к одной и частных отношений школьной методике художественного воспитания, изучающая специфику отражения окружающей действительности в художественных образах искусства. Поскольку психологией и педагогикой установлено, что школьники разных возрастов обладают различными способностями в условии знаний нравственных представлений, то музыкальная педагогика непосредственно связана с возрастной и педагогической психологией, исходя из данных, которых она выводит соответствующие методы музыкального обучения и воспитания.

Воспитание любви и интереса к высокохудожественной музыке было и остается одной из важнейших задач музыкального воспитания. Однако, если ранее в программах по музыке цель музыкального воспитания этим и ограничивалось, то в нынешних условиях от музыкального обучения и воспитания требуется решение проблем, связанных с формированием всесторонне развитой личности, обладающей эстетическим отношением не только к музыке но и ко всем другим сферам окружающей среды действительности, связанные с активацией в процессе музыкального воспитания идейно – нравственных влияний, умственной и физической деятельности. Эмоционально отзываясь на настроение музыкального произведения,

сопереживания его нравственное содержание через красоту мелодии, ритма, гармонии и других средств музыкальной выразительности, ребенок приобщается к эмоциональному и социальному опыту других людей и развивается в идейно – политическом отношении.

Являясь своего рода универсальным средством общения людей разных наций, музыка выполняет важную роль в воспитании интернациональных чувств школьника. Музыкальные интересы детей, как правило, начинают формироваться под влиянием музыки своего родного народа. Слушание и пение народных песен прививает любовь к родной музыкальной культуре, которая становится близкой и понятной им. При знакомстве детей с музыкой других народов возникает возможность воспитания средствами музыки интернациональных чувств и мыслей, что особенно важно в условиях нашей многонациональной республики. Национальное и интернациональное в музыке всегда становятся ценностями других народов, т.е. приобретают интернациональное значение. Как правильно указал Н.А.Римский – Корсаков, «музыка вне национальности не существует, и в сущности, всякая музыка, которую принято, считать за общечеловеческую, все таки национально» [2].

Ярким примером перерастания национального в интернациональное служит история становления и развития кыргызской музыки, достижением которой является такие ее выдающиеся представители, как и А.Малдыбаева, К. Молдобасанов, Н. Давлесов они получили признание не только в Республике, но и во всех странах СНГ. Если говорить о детской музыке, то она также вышла далеко за пределы Республики. Сегодня дети разных национальностей знают песню М. Абдраева «Моя школа», а в свою очередь кыргызские школьники знают русские, казахские, украинские, белорусские, а так же песни других народов СНГ.

Музыкальное воспитание тесно связанно с воспитанием чувства коллективизма, которое является одним из определяющей в современной педагогике. Воспитание коллективиста, которое может соотносить свои действия с действиями своих товарищей и своего коллектива в целом, пронизывает все известные виды музыкальной деятельности, с которыми учащимся приходиться сталкиватся в процессе обучения с музыкой. Наибольшими возможностями для этого обладает хоровой коллектив, в котором навыки коллективного поведения формируются в активной певческой деятельности.

Имея, как и всякий вид обучения, познавательное значение, музыка развивает умственные способности ребенка.

Наблюдая за музыкальными явлениями сравнивая между собой различные мелодии, ритм, понятие учащиеся развивает у себя не только музыкальные, но и общие способности.

В современной психологии установлено, что мышление в младшем школьном возрасте носит преимущественно конкретно – образный характер, тесно связанный с наглядными представлениями. Поэтому школьникам младшего возраста близка ярко программная музыка, в которой отражается содержание, доступное например, о Родине, праздничные дни календаря.

Ответы ребенка на вопросы учителя активизируют речь ребенка, на вопросы учителя активизируют речь ребенка, что является одним из важнейших факторов умственного развития. В течении долгого времени считалось, что школьникам младшего возраста доступного овладение лишь теми знаниями, которые связаны с конкретно наглядным мышлением. Однако исследование, проведенное В.В. Давыдовым и сотрудниками [8]. его лаборатории показало, что уже с первого класса возможно освоение различных учебных дисциплин на теоретическом уровне. Основы теоретического мышления, связанные с абстрактными понятиями, доступны младшим школьникам, если будут найдены методы обучения, адекватны данному возрасту.

Тарыхчы-изилдөөчү учурда аракеттенип жаткан мыйзамдар эле эмес, тарыхта өз миссиясын өтөп бүткөн закондор менен да иш тутат. Өткөн мезгилге тиешелүү учурда аракеттеги закондор деле өзгөрбөстөн калбайт, алардын көрүнүү формалары өзгөрөт. Анткени тарыхый окуялар кайталангыс. Закондор болсо ошол окуялар аркылуу ишке ашат, тарыхый окуяларда негизги тенденциялар кайталанат. Ошентип, социалдык закондор аркылуу көрүнүүчү тарыхый өтүүчүлүк байланыш тарыхты реконструкциялоодогу негизги методологиялык принциптердин бирине айланат. Алсак, азыркы учурда коомдук бытиенин социалдык өнүгүүдөгү аныктоочу ролу жөнүндөгү закон башкачараак аракеттенет, анткени учурдун коомдук бытиеси мурункудан башка, ал коомдук өнүгүүдө социалдык фактордун ролунун өсүшүн шарттоодо. Коомдун материалдык бытиесинин алгачкылыгы жөнүндөгү жалпы жобо четке кагылбайт, бирок анын функциясы субьектинин аң-сезими, чыгармачыл активдүүлүгү тынымсыз өсүп барган шарттарда ишке ашууда. Тарыхый окуялардын маңызын социлогиялык закондордун эле жардамы менен реконструкциялоо мүмкүн эмес. Социологиядан айырмаланып, тарых илими коомду конкреттүү формаларда үйрөнөт.

Тарыхты реконструкциялоонун дагы бир тарыхый өтүүчүлүккө негизделген жолу катары материалдык жана рухий байлыктар аркылуу байланышты кароого болот. Коомдун, адамдын тынымсыз жүрүп турган ишмердүүлүгү бүгүнкү күндөн мурунку доорго өтүүгө мүмкүндүк берүүчү негизги жана чечүүчү фактор болуп саналат. Рухий жана материалдык социалдык баалуулуктар өзүнө өткөндү камтып турат, өткөн тарых аларда бир бөлүк катары жашайт. Бул тууралуу Маркс мындай дейт: «Тарых муундардын ырааттуу алмашуусу, ар бир муун өткөн муундар калтырган материалдарды, капиталды, өндүргүч күчтөрдү колдонот. Муну менен ар бир муун бир жагынан мурасталган ишмердүүлүктү өзгөргөн шарттарда улантат, экинчи жагынан өзгөрүлгөн ишмердүүлүк аркылуу эски шарттардын түрүн өзгөртөт».[25] Маркстын бул ою бүгүнкү күндө да өз актулдуулугун жоготкон жок. Өткөн тарыхты изилдөөдө бүгүнкү учур таянып турган эски шарттардын түрүнүн өзгөрүшү анын ар кайсы компонентине жараша айырмаланып турат. Ошол эски шарттардын өзгөрүлүп түзүлүүсүнүн негизин тарыхый өтүүчүлүк камсыз кылат. Жаңы доорго эски доордон белгилүү бир материалдык баалуулуктар өткөрүлүп алынат: эмгек куралдарын, турак-жайларды ж.б. Алар аркылуу тарыхчы өткөн доорду реконструкциялоого мүмкүнчүлүк алат. XIX, XX кылымга салыштырганда азыркы доордун материалдык-техникалык базасы бир кыйла эле айырмаланып тураары белгилүү. Ошентсе да азыркы доордо мурунку дооролордон калган материалдык байлыктардын көптөгөн элементтери сакталып, колдонулуп келүүдө.

Ал эми мурунку муундар жараткан рухий баалуулуктар кийинки мууна анчейин өзгөрбөгөн, же кээде ошол бойдон эле өткөрүлүп берилиши мүмкүн. Алардын мазмуну өзгөрүлбөшү мүмкүн, бирок жаңы муундун керектөөлөрүнө жараша аткарган кызматы өзгөрөт. Мисалы, кыргыз элинин кылымдар бою муундан-мууна өтүп келген рухий мурасы - «Манас» эпосу ар бир тарыхый доордун өзгөчөлүгүнө жараша ар кандай функцияны аткарып келген. Алсак, байыркы доордогу кыргыздар үчүн алардын башын бириктирип, согуштарда баатырдык сезимди ойготсо, азыркы кезде мекенчил, сабырдуулук ж.б. сезимдердин үлгүсү боло алат. «Манас» эпосундагы идеяларды азыркы кыргыз мамлекетинин идеологиясынын негизи катары кароо аракеттери да бекеринен эмес. «Манас» эпосунан байыркы мезгилдеги кыргыз элинин жашоосу тууралуу көп маалыматтарды алууга болот. Муну менен кыргыз элинин тарыхын бир топ деңгээлде реконструкциялоо мүмкүнчүлүгү бар.

[25] Маркс К., Энгельс Ф. Сочинения. 2-е изд., т. 3, стр. 44 – 45.

Кийинки доордун маңызына кирген мурунку доордун материалдык жана рухий баалуулуктары өткөн тарыхтын түзүп туруучулары болуп саналат. Өткөн тарых жаңы доордон убакыттын азыраак же бир топ көп өлчөмү аркылуу бөлүнүп турат. Эгер тарых убакыттын аз өлчөмү менен бөлүнүп турса, анда тарыхый окуяларды, мезгилди реконструкциялоо бир кыйла жеңил. Аткени тарыхчы өткөн мезгилдин күбөсү болушу да мүмкүн. Бирок өткөн тарыхты реконструкциялоо аны сүрөттөп берүү менен эле чектелбестен, аны түшүндүрүп берүүнү да талап кылат. Бул жерде эске алчу бир жагдай бар: өткөн тарыхты түшүндүрүп берүү изилдөөчүнүн позициясынан, социалдык жана идеологиялык кырдаалдан көз каранды, субьективизмге жол берилген учурлар көп кездешет. Алсак, 1937-38–жылдардагы Совет мамлекетиндеги репрессия коммунисттик идеологиянын кызыкчылыгы үчүн ошол кезде оң бааланса, азыркы кезде «улуу акылдардын геноциди» катары бааланып жүрөт. Материалдык жана рухий баалуулуктарга таянып мурунку тарыхты бир топ өнүккөн кийинки доор аркылуу тарыхый иликтөө жүргүзүү тарыхчыдан обьективдүү мамилени талап кылат.

Мурунку муундар аркылуу жаралып, бүгүнкү доордун структурасына кирген материалдык жана рухий баалуулуктар аркылуу өтө алыс эмес мезгилде өткөн тарыхты реконструкциялоого болот. Бизден убакыттын бир топ чоң өлчөмүндө алыс турган тарыхты окуп-үйрөнүү үчүн болсо өткөн муундардын материалдык жана рухий ишмердүүлүгүнүн башка продуктылары булак боло алышат. Алар ар кандай эмгек куралдарынын, турак-жайлардын калдыктары, жашаган жерлери, буюм-тайымдар, документтер жана башкалар болушу мүмкүн. Аталган тарыхый булактар азыркы кездин жашоо-турмушунда колдонулбайт. Бирок алар өткөн, кээде таптакыр жок болуп кеткен цивилизациялар жөнүндө эле маалымат бербестен, бүгүнкү күндө тигил же бул кызматты аткарган баалуулукка айланышы мүмкүн. Алар бүгүнкү мууп үчүн жаңы мааниге ээ болуп, пайдаланылышы мүмкүн (мисалы, эстетикалык баалуулук катары). Өткөн доордун көрүнүшү катары жашап, азыркы күнгө кирген жана өткөн тарыхты реконструкциялоонун маанилүү булагы болгон дагы бир коомдук кубулуш - тилдик-белгилик каражаттар. Аларга табигый жана жасалма тил, ар кандай белгилер, символдор, монеталар, гербдер, ишеним ритуалдарынын предметтери жана башкалар киришет. Тилдик-белгилик каражаттар өздөрү колдонулган доордун жашоо турмушунан кабар беришет. Тил жана башка белгилик каражаттар адамдардын өз мезгилиндеги таанып-билүү ишмердүүлүктөрүнүн жыйынтыктарын фиксациялап, муундардын ортосундагы ойдун, билимдин алмашылышын, өткөрүлүп берилишин шарттаган манилүү курал. Муну менен тил ар кайсы дооролордун ортосундагы тарыхый өтүүчүлүктү камсыз кылат. Тилдин мындай функциясынын мааниси жөнүндө К.Д.Ушинский төмөндөгүдөй жазат: «Эне тилдин казынасына муундар бири-биринин артынан терең ойдун, тарыхый окуялардын, ишенимдердин, көз караштардын мөмөлөрүн, баштан өткөн кайгы-муң менен кубанычтын издерин калтырышат, бир сөз менен айтканда элдик сөздө эл өзүнүн рухий жана материалдык турмушунун изин сактайт. Тил жашап өткөн, жашап жаткан жана келечектеги муундарды бир улуу, тарыхый жандуу бүтүндүккө бириктирип турган эң жандуу, кеңири жана бекем байланыш».[26] Ушул ойду жеке эле тилге эмес, башка белгилик каражаттарга да колдонууга болот.

Тарыхый реалдуулукту таанып-билүүнүн тарыхый өтүүчүлүк катары көрүнгөн башка бир булагы болуп алдыңкы өлкөлөрдө жок болуп кеткен жашоонун уюшулуу формалары саналат. Бир катар жерлерде, мисалы, Африкада, Австралияда, Америкада коомдун уюшулушунун алгачкы формалары сакталып калган уруулар кечээки күндөргө чейин жашап келишкен, азыр да алардын калдыктары бар. Алардын жашоо образын окуп-үйрөнүү адамзат тарыхынын байыркы мезгилинин көп жактарын реконструкциялоого жардам берет. Тарыхты таанып-билүүнүн бул формасы тарыхчыга өткөн мезгилди «кыйыр» күбөлөр аркылуу эмес, түздөн-түз изилдөөгө мүмкүндүк берет. Албетте, бул жерде эске алчу нерсе сакталып калган уруулук түзүлүшкө бүгүнкү күндүн цивилизациясынын таасири тийбей койбойт. Ошентсе да социалдык-тарыхый таанып-билүүдө өткөн доор менен бул сыяктуу байланыш изилдөөчүгө көптөгөн маалыматтарды берери бышык.

Макалада тарыхты реконструкциялоонун тарыхый өтүүчүлүк шарттаган гана формалары жөнүндө сөз болду. Бул формалар социалдык-тарыхый таанып-билүүдө жекече түрдө эмес, комплекстүү түрдө колдонулушу максатка ылайык. Изидөөчүдөн аталган тарыхый өтүүчүлүктүн формаларынан аны кызыктырган тарыхый доордун, мезгилдин, окуянын, башкача айтканда обьектинин маңызынан бүгүнкү күнгө өткөн мазмунду көрө билүү талап кылынат. Бул татаал милдетти ишке ашырууда тарыхчы-изилдөөчү өткөндөн бүгүнкү күнгө карай эмес, бүгүнкүдөн

[26] Баллер Э.А. Социальный прогресс и культурное наследие. – Москва, 1987. стр. 25.

өткөндү караган багытта изилдөө ишмердүүлүгүн ишке ашырышы керек. Аталган татаал ишмердүүлүктө тарыхчынын талбаган акыл-ой эмгеги жана изилдөө обьектисине обьективдүү мамилеси зарыл шарт.

АДАБИЯТТАР:

1. Баллер Э.А. Социальный прогресс и культурное наследие.- Москва, 1987.
2. Иванов Г.М., Коршунов А.М., Петров Ю.В. Методологические проблемы исторического познания.- Москва, 1981.
3. Кемеров В.Е. Введение в социальную философию.- Москва, 1996.
4. Кохановский В.П. Философия и методология науки: Учебник для вузов. – Ростов на-Дону, 1999.
5. Маркс К., Энгельс Ф. Сочинения. 2-изд. Т.3.
6. Ракитов А.И. Историческое познание: Системно-гносеологический подход. – Москва, 1982.
7. Солонин Ю.Н. Наука как предмет философского анализа.- Ленинград, 1989.
8. Философия и методология науки. Под ред. В.И.Купцова. – Москва, 1996.

УДК:371.3:482 **Абдраманова С.К., Токурова Ч.М., ОшГУ**

Роль и место занимательности на уроках русского языка.

В статье предлагаются разработанные нами творческие задания, содержащие игровые моменты, которые создают условия для активного усвоения языкового материала, вызывают положительные эмоции, тем самым включают учащихся в интенсивную и результативную деятельность.

In the article are offered designed by us creative tasks, containing playing moments, which create the condition for active assimilation of the language material, cause the positive emotions, hereunder include pupils in intensive and effective activity.

Важным подспорьем учителя в совершенствовании речевой деятельности учащихся на русском языке является стимулирование и развитие у них навыков и умений самостоятельной работы по овладению русской речью и организация планомерной систематической учебной деятельности в названном направлении.

Формировать у учащихся навыки и умения самостоятельной работы на уроках русского языка необходимо путём использования элементов обучения проблемного характера и элементов занимательности.

Как показывает практика, знания, добытые самостоятельно, дольше помнятся, способствуют развитию у учащихся повышенного интереса к предмету.

Принцип занимательности является одним из основных условий пробуждения и поддержания интереса к русскому языку.

Занимательность – это то, что удовлетворяет интеллектуальные запросы учащихся, развивает у них любознательность, это увлечённость выполняемой работой.

Принцип занимательности проявляется в выборе конкретных приёмов, заданий, лингвистических игр и т. д., позволяющих с большей эффективностью добиться поставленной цели: привлечь внимание учащихся к определённой проблеме, настроить их на углубленное ознакомление с ней, обогатить их новыми знаниями.

Чтобы добиться надёжного эффекта использования занимательности, как справедливо замечает Г. И. Щукина, «необходимо, во – первых, правильное понимание занимательности как фактора, определённым образом влияющего на психические процессы, а во – вторых, предельно ясное осознание учителем цели её использования в каждый данный момент, потому что назначение занимательности в учебном процессе может быть очень многообразным». [1, 33].

Введение элементов занимательности в работу по русскому языку является одним из средств воспитания у учащихся мотивов учения. Ребёнок не может так же быстро, как взрослый, с такой же последовательностью и упорством включаться в учёбу, отдаваться ей. Его психика требует чего-то необычного, увлекательного, близкого к привычным для детей занятиям.

Максимальная активизация учебной работы позволяет преодолеть пассивное отношение учащихся к предмету, вызвать интерес. Занимательное, интересное, в свою очередь, способствует повышению активности в работе.

Интересное, увлекательное может быть заключено в самых обычных школьных занятиях, учитель порой создаёт его незаметно: раскрытием внутренних закономерностей языка, раскрытием противоречивости языковых фактов, умелым обращением к синонимии русского языка, к орфоэпическим нормам, к стилю речи. Интерес вызывается своеобразным подходом к учебному материалу, разнообразием упражнений, свежестью примеров.

Учащиеся любят всё новое, особенно если оно заставляет их думать, действовать, проявлять сообразительность.

«Есть три пути, создающих атмосферу занимательности без какого-либо ущерба образовательной и воспитательной значимости урока: а) умелое и уместное выявление занимательного в содержании изучаемого материала б) использование занимательных форм в учебной работе в) органическая связь классной работы по русскому языку с внеклассными занятиями и мероприятиями» [2,77].

Во всех указанных случаях главным принципом при отборе и использовании занимательных элементов должно быть следующее: из того, что нравится учащимся, что их увлекает, брать для уроков лишь то, что ценно по своему образовательному или воспитательному значению.

Интересное, увлекательное всегда окружает нас, его надо только выявить и особым образом подать детям, заставить их самих открывать интересное. Детям, например, покажется необычным сообщение учителя о том, что согласных звуков у нас в шесть раз больше, чем гласных, а согласных букв только в два раза больше; что самой «трудолюбивой» буквой нашего алфавита является *о* (в каждой тысяче букв текста она встречается 90 раз), а самой «ленивой» - *ф* (встречается два раза в тысяче букв).

Занимательность создаётся необычной для учащихся постановкой вопроса, необычной формулировкой задания. Например:

Как из банки получить животное? (банка – кабан)

Могут ли быть словами отдельные звуки? (Их много: *о,а,и,у,с,в,к.)*

Какое слово будет стоять раньше в словаре: *октябрь* или *декабрь, март* или апрель?

Сколько раз встречается в следующем предложении звук *ш*: *Подружки взяли пышные подушки и пошли спать?*

Сосчитать, сколько раз встречается твёрдый звук *д*: Медведь доедает сладкий мёд*?*

Есть ли слова- существительные без окончаний? (*Метро, пальто, кафе.)*

В каких словах окончание стоит не в конце? (*Купается, улыбающийся.)*

В каких словах по два окончания? (*Семьюдесятью)*

На первый взгляд кажущиеся весьма простыми, такие вопросы развивают у учащихся сообразительность, наблюдательность, языковое чутье.

Интересными и даже занимательными элементами урока могут быть те языковые примеры, на которых проводится практическая или теоретическая работа. Это могут быть крылатые слова и выражения, пословицы и поговорки, загадки. Столь же интересны, могут быть и примеры, используемые для лексического анализа (подбора и сопоставления антонимов, синонимов, омонимов).

Весьма ценными с точки зрения занимательности являются экскурсы в историю письменности и языка. При изучении, например, темы «Фонетика и графика» учащимся VI класса интересно будет услышать краткие сведения о происхождении письменности, азбуки: узелковое письмо в Китае (цветные узелки: чёрный - сообщение о смерти, зелёный – об урожае, красный – о войне, белый – о мире); рисуночное письмо (пчела – трудолюбие, человек и дерево – отдых и т. д.).

А какая буква слишком дорого обходилась до революции? Оказывается, самой дорогой буквой в России была буква «ер» (ъ). В романе Л. Н. Толстого «Война и мир» на каждой странице эта буква встречалась не менее 54 раз. На 2000 страниц романа она повторялась более ста тысяч раз. За один год во всех печатных изданиях на букву можно было бы напечатать десятки тысяч хороших книг.

Дети с живым интересом воспринимают такие сведения: восклицательный знак при Ломоносове называли знаком удивительным; в испанском языке вопросительный и

восклицательный знаки ставятся в начале и в конце предложения; скобки называли раньше знаком вместительным, а само слово «скобки» произошло от слова «скобль» (скребница, инструмент для скобления, имевший форму полукруга).

Но занимательным в уроках русского языка чаще бывает не содержание, а формы работы, виды заданий по материалу. Так, учащихся всегда привлекают те виды заданий, которые связаны с активной деятельностью.

Занимательность может создаваться и необычайной для учащихся формой проведения тех или иных видов работы. Одно дело - привычный детям диктант, быстро надоедающий, если его часто проводить, и совсем иное – немой диктант. Учитель показывает картинки на определённую тему, с изображением, например, одежды: сарафан, костюм, пиджак, плащ, полупальто, - а учащиеся записывают соответствующие слова. Необходимо, конечно, чтобы орфографическая трудность записываемых слов была достаточно высокой и отвечала целям урока. Показ картинок с изображением таких предметов, как стол, стул, дом; лев, слон, тигр, кот, в VI-VIII классах не имеет смысла. Упрощённые по своему содержанию диктанты, несмотря на их занимательную форму, быстро надоедают учащимся, не дают им настоящего удовлетворения.

Хорошо, если немые диктанты проводятся по каким-то предметным темам, тогда учащиеся быстрее находят нужные слова, меньше допускают фактических ошибок. Так, при изучении правописания сложных существительных можно использовать рисунки по темам: «Профессия» (пчеловод, фотограф, сталевар и т. д.), «Птицы и животные» (носорог, утконос), «Предметы» (пулемёт, вездеход, вертолёт, ледокол).

Занимательность создаётся иногда попутным замечанием учителя, намёком, оттенком, который привносится в работу: как будут «вести себя» существительные 1-го склонения на -ия ?,не потерять *л* в «артиллерии».

На уроках русского языка, особенно в средних классах, должны иметь место и самые настоящие грамматические игры. Необходимость применения игр на уроках диктуется учётом таких черт подростков, как эмоциональность,
быстрая утомляемость, неустойчивость интересов. Важна в игре и воспитательная сторона.

«Роль игр в учебном процессе определяется следующим: игры повышают интерес к предмету, позволяют сосредоточить внимание учащихся на языковых фактах, развивают сообразительность, внимание, выдержку, настойчивость, в играх лучше запоминаются правила». [3,82]

Но на уроке игры не всегда бывают уместны. «Применение их оправдано лишь в тех случаях, когда они способствуют лучшему усвоению материала или же помогают устранить наступившее утомление учащихся». [4, 67]. Наиболее удобными моментами использования игр на уроке являются проверка знаний и закрепление.

Широко распространена в школьной практике игра «Четвёртый лишний».

Среди названных слов найдите «лишнее» и объясните, чем оно отличается от остальных. Например:

плащ	мышь	красный	летний
нож	тишь	добрый	стеклянный
рожь	сушь	сахарный	сельский
плющ	камыш	светлый	синий

В первой и второй колонках одно из слов неоднородно с остальными по грамматическому и орфографическому признакам, в третьей и четвёртой – по грамматическому.

Материал может быть подобран и на несколько правил: *назначь, задач, разрежь, съешь; сжечь, жгуч, сберечь, увлечь.*

Ярко выраженные игровые формы носит использование скороговорок при изучении фонетики. Осваивая скороговорки, тренируясь в их произнесении в классе, а затем и дома, ученик не только развлекается, он преодолевает свои речевые недостатки. Важно, чтобы скороговорки соответствовали цели занятия, конкретным произносительным ошибкам учащихся, а не были бы случайными. Так, для преодоления недостатков в произношении глухих согласных учащиеся вслед за учителем, а потом и самостоятельно (как правило, в конце урока) произносят такие скороговорки: *Течёт речка, печёт печка; От топота копыт пыль по полю летит.* Для преодоления недостатков в произношении звука *р* и сочетаний с ним используются скороговорка: *На дворе дрова, у дров детвора.*

Уместными бывают на уроках русского языка и обычные загадки. При изучении, например,

значения и грамматических признаков имени прилагательного используются загадки: « Берега зелёные, вода красная, рыбки чёрные. (Арбуз)»; «Быстрый прыжок, тёплый пушок, красный глазок (Кролик)»; «Маленький рост, длинный хвост, серая шубка, острые зубки. (Мышь)»; Лёгкий, а не пух, мягкий, а не мех, белый, а не снег, но оденет всех. (Хлопок)» [5,296]. Такие загадки помогают понять роль прилагательных в нашей речи.

При изучении синтаксиса и пунктуации игры используются реже, но и здесь возможны игровые моменты: « Найди схему предложения»,

«Грамматическая эстафета».

Эффективным средством повышения интереса к занятиям служит умелое использование элементов соревнования на уроке. Дети очень любят борьбу, состязания, в каких бы формах они не проводились— коллективных или индивидуальных. Неверным было бы думать, что принцип соревнования уместен лишь во внеклассной работе. Его можно с успехом использовать и на обычных уроках. Формы могут быть самыми разнообразными. Вот некоторые из них.

«Кто грамотнее?» Для написания даются трудные слова. Запись производится на доске и в тетрадях. На доске ученик пишет до тех пор, пока не сделает ошибку. Побеждает тот, кто больше запишет слов, не допустив ошибки. Такие состязания хорошо мобилизуют внимание учащихся, пробуждают у них желание запомнить слова, правила, узнать, почему так, а не иначе пишется то или иное слово. Затем эта форма работы переносится на пунктуацию.

Указанная работа может приобретать форму игры на внимание: класс приводит наибольшее количество слов на данное правило, а потом предлагается задание: кто больше запишет по памяти слов из данного перечня?

Учащиеся любят игру «Кто больше?» Дается задание мысленно побывать на стройке и записать как можно больше существительных с суффиксами *-чик -, -щик -,* обозначающих специальности строителей *(каменщик, грузчик, стекольщик, бетонщик, сварщик, пильщик, водопроводчик),* или существительных с суффиксом *–ость, -от-,* обозначающих хорошие качества человека *(доброта, верность, честность, дисциплинированность, вежливость, чуткость, простота, мудрость, храбрость…)*.

В связи с изучением правописания прилагательных с суффиксами *- к- -ск* - проводится упражнение-игра « Кто лучше знает города нашего государства?», предлагается записать прилагательные, образованные от названий городов и поселков государства: *Узген— узгенский, Бишкек— бишкекский* и т. д. Аналогична игра « Кто лучше знает карту?» *(Венгрия- венгерский, Польша- польский)*

« Кто наблюдательнее?» Записать названия предметов, находящихся в классе: в один столбик с качественными прилагательными, в другой- с относительными. Задания могут быть и другого характера: дать описание куклы, медвежонка, Буратино и т. д. (с помощью прилагательных) после разового показа предмета. При подведении итогов учитывается точность и полнота описания.

Такие игры-соревнования могут быть связаны со словарной работой, с практической стилистикой, с развитием речи. Например: кто запишет наибольшее количество слов-синонимов? Задание можно осложнить предложением раскрыть смысловые оттенки каждого из синонимов. Большой эффект дают соревнования на составление лучшего текста для диктанта, на подбор текстов для иллюстрации того или иного правила.

Особенно увлекают учащихся групповые соревнования, когда решается, не кто из класса сильнее (это обычно и без того бывает ясно), а какая из двух или трёх групп выиграет сражение. Одна из таких форм соревнования - игра «Грамматический бой». Организуется она обычно при повторении. Класс делится на части. Сначала одна половина класса задаёт вопросы, а вторая отвечает на них, потом - наоборот.

Можно организовать соревнование по рядам. Удобно это делать при проверке домашнего задания (обычно с дополнительными заданиями, например: кто больше подберёт примеров и правильно запишет их?) В этих случаях важным бывает правильно организовать соревнование, с тем, чтобы строго соблюдались выдвинутые условия и критерии выявления победителя.

Надо иметь в виду, что состояние заинтересованности в классе часто бывает временным. Важно поддержать его, превратить в интерес активный и устойчивый.

Может случиться и так, что один и тот же приём, материал в одной ученической среде будет вызывать несомненный интерес, в другой среде никакого интереса не вызовет. Учителю не следует разочаровываться. Надо испытать различные приёмы, создающие атмосферу

занимательности, пока не будет найден тот, который соответствует особенностям данного класса.

«Хорошо подобранные языковые игры становятся мощным источником вдохновения для учащихся. Они делают серьёзное обучение более привлекательным и помогают учащимся преодолеть языковой барьер». [6,29]

Пусть учитель на том или ином уроке потеряет 2-3 минуты, переключаясь на игры, но если он заставит учащихся думать, интересоваться, переживать, время не пропало даром, цель достигнута: ученики вооружаются самым главным для учёбы – желанием учиться.

Литература:

1. Щукина Г.И. «Проблема познавательного интереса в педагогике»/– М., 1971.С.33.
2. Власенков А. И. Общие вопросы методики русского языка в средней школе. –Москва: Просвещение, 1973. С.77
3. Власенков А. И. Общие вопросы методики русского языка в средней школе. –Москва: Просвещение, 1973. С.82
4. Альбеткова Р.И. Игра на уроках словесности в 7 классе. –Русская Словесность, 2000, № 4, С.67-69.
5. Волина В.В. Занимательное азбуковедение. –М., 1991. С. 296.
6. Карапетян М. Пусть играют! – «Перемена»., 2004, № 4, С. 25-29.

Ош мамлекеттик университети 60 жылдык өнүгүү жолунда тиешелүү салым кошкон ардактуу агай-эжейлерибизди кутман куректары менен куттуктайбыз Мүчөлтой ээлерине чын ден соолук, чыгармачыл ийгиликтер үй бүлөлүк бакыт, бактылуу өмүр каалайбыз.

Арапов Байыш

1942-жылы 13-декабрда Баткен областындагы Баткен районунун Самаркандек айылында туулган.1959–жылы Баткен районундагы Ленин атындагы орто мектебин жана 1964- жылы Ош педагогикалык институтун артыкчылык диплом менен бүтүргөн.

Ал Ош педагогикалык институтунда окутуучу, улук окутуучу, доцент, кафедра башчысы, физика-математика факультетинин деканы, фундаменталдык жана прикладдык изилдөөлөр институтунун директору, ОшТУнун проректору, Ош мамлекеттик университетинде илимий иштер боюнча проректор болуп үзүрлүү эмгектенген (2004-2007).
Учурда эксперименталдык жана теориялык физика кафедрасынын башчысы.

1971-жылы кандидаттык, ал эми 1993-жылы доктордук диссертациясын жактап, физика-математика илиминин доктору деген илимий даражаны, 1995-жылы профессордук жана 2008-жылы Россия табият тануу академиясынын мүчө корреспондент наамдарын алган.

Профессор Б.Арапов Кыргызстанда катуу телолордун физикасын изилдеген илимий мектепти түздү жана илимий педагогикалык кадрларды даярдоодо чоң салым кошуп келет. Анын

жетекчилиги менен 3 илимдин доктору жана 6 илимдин кандидаттары илимий иштерин жакташты. Ал доктордук жана кандидаттык илимий даражаларды коргоочу эки илимий Кеңештин төрагасы жана мүчөсү.

Илимий иштеринин жыйынтыгы боюнча 5 автордук күбөлүккө, 3 патентке, 7 монографияга жана 230 дан ашык илимий макалаларга ээ.

Көп жылдык үзүрлүү эмгеги үчүн Ош МУнун ардактуу бүтүтрүүчүсү, профессор Б. Арапов медалдар, Кыргыз Республикасынын жана СССРдин билим берүү министрлигинин грамоталары, КРдин Ардак грамотасы (2000) менен сыйланган.

Илимге кошкон салымы үчүн Россия Табият таануу академиясынын, академик В.И.Вернадский атындагы күмүш медалын (2008) жана ойлоп табуучулугу үчүн Нобель атындагы медалын (2009) алган.

Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн мыктысы, Ош МУда билим берүүдө эмгек сиңирген кызматкер, Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер, Россия табият тануу академиясынын билим берүүсүнө жана илимине эмгек сиңирген ишмер (2008) наамдарын алган. Ошондой эле «Выдающиеся ученые России» (2009), «Основатель научной школы» (2010), «Золотая кафедра России» (2011) сертификаттарынын ээси.

Матикеев Курманалы

1941ж. Каракулжа районунун Кызылжар айыл өкмөтүнүн Килемташ кыштагында туулган.

1961-1965-ж.ж**.** Ош пединститутунун «Табият таануу-география» факультетин бүтүргөн.

1965-1967-ж.ж Баткен районунда мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген.

1968-1971-ж.ж Азербайжан илимдер академиясынын «География институтунда» аспирантураны илимий ишин коргоо менен аяктаган (1971ж).

1996-ж. Алматы шаарында «Борбордук жана Орто Азия аймактарында токой ландшафттарынын калыптаныш закон ченемдүүлүктөрү» деген темада доктордук ишин коргогон.

1978-ж. доцент, 1995-ж. профессор наамдары ыйгарылган.

Ош Мамлекеттик Университетинин эмгек сиңирген ишмери (1998-ж), Эмгектин ветераны, Кыргызстандын билим берүүсүнө эмгек сиңирген ишмер (2007-ж), Эл агартуунун мыктысы (2005-ж), Манас-1000 медалынын (199-5ж), Пржевальский атындагы коло медалдын (2003- ж) жана көптөгөн ардак грамоталардын ээси.

1972-1976-ж.ж Кыргыз Илимдер Академиясында илимий кызматкер, 1976-ж. дан азыркы күнгө чейин Ош Университетинде факультеттин деканы, кафедра башчысы болуп иштеп келе жатат.

1999-2003-ж.ж Ош Университетинин «Фундаменталдык жана колдонмо илимдерди изилдөө», «Биотехнология жана тоо проблемалары» институттарында директор болуп иштеген. КР Улуттук аттестациялык комиссиясында атайын кеңештердин мүчөсү.

«Түштүк Кыргызстандагы экзодинамикалык процесстерди изилдөө, прогноздоо жана контролдоо» (2000-2004-ж.ж), «Байыркы кыргыздардын жана түрк элдеринин таркалуу оордун аныктоо» (2004-ж. бери), «Ош-Эркечтам, Каракулжа-Алайку автомобиль жолдорундагы экзодинамикалык процесстерди изилдөө жана прогноздоо» (2005-ж. бери) илим изилдөө лабораторияларын жетектеп келет.

200 ашык илимий эмгектердин автору, анын ичинен **16** китеби (монография-2, окуу куралдары-8, илимий-популярдык китептери-5) жарык көргөн.

К. Матикеев «Кыргызстандын адрестик картасы» (1973 ж.), «Кыргыз Республикасынын атласы», «Кыргыз Совет энциклопедиясы» (**1-6т),** «Советтик энциклопедиялык сөздүк» **(1-4т),** «Дүйнөнүн географиялык атоолору», «Географиялык энциклопедиялык сөздүк», «Ош областынын энциклопедиясы», «Жалалабад областынын энциклопедиясы», «Кыргыз жергеси», «Кыргызстандын энциклопедиясы» деген фундаменталдык эмгектерди түзгөн авторлордун бири.

К. Матикеевдин жетекчилигинде 2 кандидаттык, **1** докторлук иш корголгон, бир нече кандидаттык иш даярдалып жатат. Көптөгөн эл аралык географиялык сьездерге,

конференцияларга, симпозиумдарга катышып, докладдарды жасаган. 1975 ж. Географттардын **V** (Казань) , 1980 ж. VI эл аралык конгресине (Киота, Япония) чакыруу алган жана доклады жарык көргөн. 2006 ж. Кыргыздардын тарыхый географиясы жөнүндөгү доклады Үрүмчү шаарында өткөн илимий конференцияда талкууланып Памир журналында (2004 ж.), **1** илимий доклады Бельгияда (2002 ж.), 1 илимий доклады Индияда жарык көргөн (2003 ж.).

Э С Т У Т У М

Ош мамлекеттик университети 60 жылдык тарыхында, мыкты эмгек менен курбалдаш-коллегаларынын, окуткан окучууларынын эсинде калган, университеттин өнүгүү жолунда тиешелүү орду болгон агай-эжейлерибизди эскерип, сиздердин жаркын элесинер ОшМУнун ардактуу ардагери катары түбөлүккө кала бермекчи демекчибиз

***Абдыкалыков Сулайман,* физ.-мат. илимдеринин кандидаты, доцент, КРнын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер.**

Абдыкалыков Сулайман 1937- жылы Ош облусундагы Алай районунун Тамбашат айылында туулган. 1944-жылдан 1951-жылга чейин Тамбашат жети жылдык мектебинде, 1951- жылдан 1954-жылга чейин Макаренко атындагы орто мектебинде окуган.

1954- жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун физика-математика факультетине кирип, аны 1958-жылы аяктаган.

1958-1960 –жылдары Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун Жогорку математика кафедрасында окутуучу, 1960-1961-жылдары жылдары Көк-Жаңгак шаарындагы жумушчу жаштар мектебинде мугалим болуп иштеген, 1961-жылы Ош пединститутуна Физика-математика факультетинин Жогорку математика кафедрасына кайрадан окутуучулук кызматка чакырылган.

1962 –жылы Кыргыз ССРинин илимдер академиясындагы аспирантурада окуп, 1965-

жылдан 1969-жылга чейин Кыргыз ССРинин илимдер академиясындагы Физика жана математика институтунда илимий кызматкер болуп эмгектенген. 1968 –жылы кандидаттык диссертациясын коргоп, 1969-жылы өзүнүн учкан уясы Ош мамлекеттик педагогикалык институтундагы Физика-математика факультетинин деканы кызматына дайындалып, 1978-жылга чейин иштеген. 1978-1988-жылдары институттун илимий иштери боюнча проректору кызматын аткарган. 1988-жылы Физика-математика факультетинин деканы кызматына кайтып келип, 1999-жылга чейин ушул кызматта үзүрлүү эмгектенген.

Декан жана проректор кызматтарында иштеген мезгилинде жогорку квалификацияланган илимий- педагогикалык кадрлардын даярдалышына көңүлүн буруп, окутуучулардын илимий иштерине шарттарды түзгөн. Проректор болуп иштеген10 жылда 70 окутуучу кандидаттык диссертацияларын коргогон. 20 жыл декан болуп иштеген мезгилде 37 окутуучу кандидаттык, 4 доцент доктордук диссертацияларын коргошкон.

1995-1997-жылдары анын жетекчилигинин астында «Экономикадагы информациялык системалар», «Колдонмо математика жана информатика», «Экономика» жаңы адистиктери ачылган.

Студенттердин билиминин сапатын жогорулатууга чоң көңүл бурган жана аларды түрдүү студенттик конкурстарга катышууга тарткан. Факультеттин студенттери университеттин факультеттер аралык конкурстарынын, республикалык олимпиадалардын жеңүүчүлөрү болушкан: «Манас -1000» конкурсунда факультет 1-орунду, «Ала-Тоо жазы- 96»- 1-орунду, «Перизат-97»- 1-орунду ээлеген.

Факультеттин материалдык- техникалык базасы жылдан жылга өскөн. 1996-1998-жылдарда факультетке 30дан ашык IBM PC тибиндеги персоналдык компьютерлер алынган.

1999-жылы университеттин 7- жылдык юбилейине карата факультет «ОшМУнун мыкты факультети» наамына ээ болуп, 2 персоналдык компьютер ыйгарылган.

Математикалык анализ кафедрасында окутулуучу дисциплиналарды жана атайын курстарды окуткан. С. Абдыкалыковдун өткөн лекциялары жогорку илимий- теоретикалык деңгээли менен айрымаланган. Ал көптөгөн илимий, илимий-усулдук китептердин, колдонмолордун, макалалардын автору.

Алган сыйлыктары.

С. Абдыкалыковдун илимий-педагогикалык, уюштуруучулук эмгектери жогору бааланып ал “Ардак белгиси” ордени (1976), “Күжүрмөн эмгеги учун” медалы (1988), “Кыргыз Республикасынын элге билим берүү отличниги” (1981), СССР Жогорку билим берүү министирлигинин “Иштеги эң мыкты жетишкендиктери үчүн” төш белгиси (1985), “Тогузунчу пятилетканын ударниги” төш белгиси (1976), “Коммунистик эмгектин ударниги” (1976), Кыргыз Республикасынын элге билим берүү министрлигинин ардак грамотасы (1983), “Манас-1000” юбилейлик медалы (1996) менен сыйланып, 2001-жылы КРнын “Билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкери” наамын алып, “Кыргыз Республикасынын алдында сиңирген өзгөчө эмгеги үчүн” пенсияга (2002) татыктуу болгон. С. Абдыкалыковдун элеси анын учкан уясы Ош МУда, окутуучуларынын эсинде түбөлүк сакталат.

Эгемназаров Давлет Эгемназарович

Эгемназаров Давлет 1937-жылы 15-декабрда Ош облусунун Ноокат районундагы Жаа айылында төрөлгөн. 1954-жылы Үч-Коргон районундагы А.С. Пушкин атындагы орто мектебин аяктагандан кийин, Кыргыз мамлекеттик университетинин, тарых факультетинде окуган. 1959-жылы “Тарых мугалими” адистигине ээ болуп, Ноокат районунун М. Ломоносов атындагы орто мектебинде эмгек жолун баштаган.

1960-1967-жылдары ОМПИнун тарых факультетинде окутуучу, улук окутуучу, декандын орун басары, тарых факультетинин деканы кызматтарында эмгектенген. 1967-1969-жылдары Кыргыз мамлекеттик университетинин аспирантурасында күндүзгү бөлүмүндө окуп, 1972-жылы 24-январда тарых илимдеринин кандидаты илимий диссертациясын ийгиликтүү коргогон.

1969-1983-жылдары Кыргыз мамлекеттик университетинин “Жаңы жана соңку жаңы тарых” кафедрасында окутуучу, улук окутуучу, доценттик, кафедра башчысы кызматтарда иштөө менен бирге тарых факультетинин партиялык уюмун жетектеген.

1988-жылдан баштап Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун “КПССтин тарыхы”

кафедрасында доцент, 1988-жылдын 15-августунан “СССРдин тарыхы жана жалпы тарых” кафедрасында доцент, 1990-жылы 17-ноябрынан “СССР элдеринин тарыхы” кафедрасында доцент, 1991-жылдын 23-январынан “СССР тарыхы” кафедрасынын башчысы кызматында, 1993-жылдын 15-декабрынан тарых-юридика факультетинин сырттан окуу бөлүмүнө декандын орун басары кызматында, 1997-жылдын 25-ноябрынан “Кыргызстан тарыхы” кафедрасында доцент, 2004-жылдын 15-январынан “Жалпы тарых” кафедрасынын доценти, 2004-жылдын 28-июнунан баштап “Кыргызстан тарыхы” кафедрасында 2009-жылдын сентябрь айына чейин доценттик кызматта иштеген.

1996-1997-окуу жылында “Жылдын мыкты окутуучусу” деп табылган. Кыргызстандын тарыхы боюнча “Программанын ” иштеп чыгууга (соавтор) катышып, “Менин мамлекетим – Мое государство” эмгеги илимий эмгектердин конкурсунда II даражадагы дипломго татыктуу болгон. ОшМУнун ардегерлери фондунун уставын иштеп чыккан.

Билим берүү тармагында 50-жылдык талыкпаган эмгеги үчүн бир нече “Ардак грамоталар”, “Билим берүүнүн мыктысы” төш белгиси, “Манас” юбилейлик медалы, “Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер” деген ардактуу наамдын ээси болгон.

Мүнөзү өтө сылык, жөнөкөй, ак ниеттүүлүгү менен студенттердин, профессордук – окутуучулар жамаатынын сый урматына ээ болгон, Давлет Эгемназаровичтин жаркын элеси ОшМУнун ардактуу ардагери катары түбөлүккө кала бермекчи.

ISBN 9967-03-030-5 **ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР СЕРИЯСЫ**

«ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ»

ИЛИМИЙ ЖУРНАЛЫ

№1 - 2012

Басууга берилди: 16.04.2012

Формат: 210х297 1/8 Көлөмү: 14,8 б.т.
Буйрутма: №29 Нускасы: 100 даана.

ОшМУ, "Билим" редакциялык-басма бөлүмү
Ош шаары, Ленин көчөсү, 331, каб.135., тел.: 7.20.61